Ми. 82(2Ки)
О57

АЙНУРА ОМОКЕЕВА

# ААЛАМ-ЭНЕНИН ЖОМОКТОРУ



УДК 821.51–93
ББК 83.8
О – 57

Омокеева Айнура.
О–57 Жомоктор. – Б.: Турар, 2012. – 100 б.

ISBN 978-9967-15-119-2

Балдардын дүйнөсү – жомок дүйнө. Анда гүлдөр, айбанаттар, а тургай чөп да сүйлөйт. Баланын баёо сезими баардыгын чын дили менен кабыл алат.

Жетик тил менен жазылган бул жомоктор балдарга эң сонун белек.

О 4803300100–12

УДК 821.51-93
ББК 83.8

ISBN 978-9967-15-119-2

© «Турар» басмасы, 2012



# АК БОЗ КУНАН АКНУРДУН ЖОРУКТАРЫ

Бардык эле жомоктор окшош башталат эмеспи, ошол сыңары бул жомок да ушундай башталат. Качандыр бир убакта Акнур аттуу ак боз кунан жашаган экен. Акнур аталганынын себеби, ал чылкый ак болуп туулуптур, анын маңдайында нурга окшош каралжын кашкасы бар болчу. Кунан акылдуу, шайыр эле, ал апасы жана башка айбанаттар менен бирге бийик тоодо жашаган экен. Ал таң эрте ойгончу. Таң атканда күн кызгылтым, андан соң саргыч тартып, андан кийин чоң сары шарга айланганын караганды жакшы көрчү. Күн чыккандан кийин айланадагылар жанданып, кыймыл башталат. Ак боз кунан Акнур апасынан эмне үчүн аттар туруп укташаарын сурагысы келчү. Уйлар, иттер, мышык-

тар адамдар сыяктуу эле жатып укташат, ал эми аттар туруп укташат. «Балким ошол үчүн биз аз жашап жүрбөйлү»,–деп ойлочу Акнур.

Ооба, суроолор көп, ал эми убакыт аз. Ал түркүн түстөгү көпөлөктөрдү, жашыл чегирткелерди, аны курчап турган тегерегиндеги толгон-токой чымчыктардын сайраганын угуп, кулагын тикчийтип калчу. Мына ушундай күндөрдүн биринде кырсык болду. Ак боз кунан Акнурдун апасы ооруп калды. Апасынын чоң, мээримдүү көздөрү кайгылуу эле, ал түнкүсүн жөтөлчү болду. «Бул катуу жааган муздак нөшөрдүн айынан болду»,– деп ойлоду кунан. Сыртта күздүн илеби сезилип турду, бийик тоодо аба-ырайы тез-тез өзгөрүлүп турчу. Күн өткөн сайын ак боз кунан Акнурдун апасынын абалы начарлай берди. Түнкү жөтөлгөнү узакка созулуп, катуулай баштады. Акнур апасы уламдан-улам алсырап бараткатанын сезди, ага жардам бергиси келди. Бир күнү аларды караган адамдардын таң алдында сүйлөшкөн сөздөрүн укту:

– Карачы, жээрде ат аябай арыктап кетти,– деп алардын бири сүйлөдү.

– Ооба, жөтөлү күчөп атат. Кожоюн биле элек, болбосо союуга туура келет – деп, экинчиси жооп берди.

– Мунун эмнесин соёт, териси менен сөөгү эле калыптыр.

– Ушундай ооруга жардам берчү чөп бар деп  уктум эле.

– Дарылап көрсө болчудай, жээрде ат жаш, күчтүү, балким оңолуп кетээр. Эмне деген чөп экен?

– Менин кошчу чоң атам аны «бал чөп» деп айтчу. Аны адатта сууктап калган, алсыз жылкыларга берчү. Дабасы тийчү. Бирок, аны табуу абдан кыйын. Ал тоонун чокусунда, шаркыратмага жакын өсөт, өзү байкалаарлык деле эмес, бирок жыты боюнча тапса болот, ал бал жыттанып турат.

– Ал бал чөп үчүн шаркыратмага ким барат?

– Кожоюнга айтсак, балким кимдир-бирөөнү жиберээр.

Бул сөздү укканда, ак боз кунан тоого, түз эле шаркыратмага бал чөптү табуу үчүн чуркап жөнөгүсү келди, бирок кайра ал жакка барчу жолду картаң ат, Каракөз таежесинен сурап алууну чечти.

– Каракөз таеже, менин апама жардам бериңиз, ага «бал чөп» аттуу чөп керек. Ал апамдын оорусуна даба.

– Ооба, бул оору апаңдын болгон күчүн алып, алсыратып бүттү. Сенин апаң боорукер. Чөп кандай деп аталат дейсиң? «Бал чөп?» Ооба,

билем, ал бийик тоодо, шаркыратманын жанында өсөт. Бирок ал жакка жетүү аябай кыйын жана опурталдуу.

– Мен эчтекеден коркпойм. Мен апамды аябай жакшы көрөм, апама жардам бергим келет,– деди ак боз кунан Акнур.

– Азаматсың, Акнур, бирок айтып коюу – башка кеп, ал эми жолду таап баруу кыйын иш. Сенин жардам бергиң келип атканын билип турам, ал чөптү алып келе алам деп өз күчүңө ишенесиңби?

– Каракөз таеже, сиз мага жолду эле айтып берсеңиз, мен сөзсүз чөптү таап келем.

– Күч менен ишеним сенде бар экен, апаңа болгон сүйүүң да зор. Эми мени кунт коюп угуп тур. Бул жол ашуу менен караңгы капчыгай аркылуу өтөт. Азыр күз, сен жолго чыкканда муздак жаан жана үрөйдү учурган шамалга туш болосуң. Бирок, кыйынчылык ушуну менен эле бүтпөйт, шаркыратманын жанында желмогуз Суу жылан жашайт. Ал бул чөптү кайтарып отурат, бардык жаракатты айыктырган бал чөптүн ширеси менен тамактанат, ал ага күч-кубат берет жана өмүрүн узартат. Суу жылан сууда жашайт, ошондуктан ал көрүнбөйт. Ал шакекче болуп оролуп уктайт, бир көзү уктаса, экинчи көзү карап турат. Ал жалгыз жана катаал, ал эч кимди сүйбөйт жана аны да айлакерлиги, ташбоордугу үчүн эч ким сүйбөйт. Жүрөгүндө чоң сүйүү жашаган эр көкүрөк гана аны жеңе алат. Күчүң толуп, жолуң ачык болсун! Сен келгиче, мен апаңдын жанында болуп турам. Жолуң шыдыр болсун, бал чөп менен кайтып кел!

– Ыракмат, Каракөз таеже, айтканыңыздын бардыгы эсимде, апамдын айыгышы үчүн мен бардыгын жасайм.

Акнур таң аткыча алдыдагы татаал жол, жолдогу кыйынчылыктар, оорчулуктар жөнүндө ойлонуп жатты, анткени ал буга чейин апасы жок алыскы жолго чыга элек болчу. «Досум Сарыны чогуу барып кел деп чакырсам кандай болот? – деп Акнур ойлонуп жатты.– Ал абдан күчтүү, боорукер кунан, анын үстүнө шайыр, ал чогуу барса, жол анчалык коркунучтуу болбойт».

Ал жылкылар турган сарайды көздөй басты да үнүн акырын чыгарып, Сарыны чакырды. Жаш кунан Акнурдун үнүн угуп, чуркап келди. Аларды эч ким туйган жок, Акнур Сарынын ушул жүрүшкө чогуу барууга макул болгонуна абдан кубанды.

Таң эрте, күн алгачкы шоолаларын чачаары менен Акнур Сары экөө тоо тарапка бет алышты. Алардын кеткенин эч ким байкаган жок, бир гана Каракөз таежеси аларды жылуу көз караш менен узатып кала берди. Ал Акнурду эр жүрөктүүлүгү жана боорукерлиги үчүн алкап, ага шыдыр жол жана тез кайтып келишин тиледи.

Алар күн-түн дебей жол жүрүштү. Кээде нөшөрлөп куйган жамгырга, көз ачырбай урган шамалга туш болушту, бирок алар бул кыйынчылыктарды тоготпой, шашып бара жатышты. Экөө катарлаш баратышты, аларды достук деми ширетип, ооруп жаткан Акнурдун апасына жардам берүү максаты алга сүрөп турду. Акнур колдоо көрсөткөндүгү жана жардам бергендиги үчүн Сарыга чексиз ыраазы эле.

«Менин жанымда Сары кунандын бары кандай жакшы,– деп ойлоду Акнур. – Сары болбогондо коркмок экем, үшүмөкмүн. Ал жанымда болгон үчүн мен үшүбөйм да, коркпойм.

Сары да Акнурдун ага ишеним артканына жана аны жолдош кылып тандаганына абдан ыраазы. Ал бир чети жолдун узак болушун каалады, желмогузду жеңгиси келди, анткени жеңиши үчүн Акнурдун кубаттоосуна татымак.

Алар караңгы капчыгайга жетип келишти, жолду карай бири-бирине жакшы тилектери жана каалоолору үчүн ичтеринен алкыш айтып жатышты.

Шамал катуу соГо баштагандыктан, бул түндү капчыгайда өткөрөлү деп чечишти. Эртең менен аларды канаттуулардын чурулдагы ойготту. Булар жылуу жактарга учуп бара жатышкан жапайы каздар эле. Акнур аларды узата карап, ойлоду: «Менин да канатым болсо кана, шаркыратмага тез жетип, ал жактан бал чөптү тапмакмын. Болду эми, кыялданганды токтотоюн» – деп, досу Сарыны шаштырды, анткени алдыда ашуудан өтүш керек болчу. Ашуудан алар маралдардын тобуна жолугушту, алар шаркыратмага кетчү кыска жолду көрсөтүп беришти. Акнур менен Сарыга өтө тез жүрүүнү айтышты, эгер шашылышпаса, кайткан жол мындан да татаал болот, бир нече күндөн кийин кар жаап, ашуу жазга чейин жабылып калат дешти. Акнур менен Сары экөө маралдарга ыраазы болушуп, жолун улантышты. Мына алыстан шаркыратма көрүндү, алар катуу таскактап жөнөштү.

– Токтой турчу, биз жетип калдык, эми желмогузду кантип жеңебиз?– деп сурады Сары.

– Мен аны унутуп калган турбаймынбы, эми эмне кылабыз?

– Биз анын башынан тиштесек кантет? – Сары кайрадан унчукту.

– Ал уктабайт, бир көзү уктаса, экинчи көзү баарын көрүп тураарын унутпа. Ал биз тиштей электе эле бизди көрөт.

– Ооба, ошондой эмеспи, мен анын көзүн унутуп калган турбаймынбы.

– Кел, биз адашып калгандай түр көрсөтүп, жанына барабыз да, жардам бер деп өтүнөбүз,– Акнур ушундай сунуш киргизди.

– Ал ачуулуу жана митаам, бизге ишенбейт,– деди Сары.

– Биз калп эле алсыз болуп, шүмүрөйүп көрүнөлү. Ачуулуу жана митаам желмогуздар алсыздарды жакшы көрүшөт.

– Сен жакшы ой таптың, – деди Сары.

Ак боз кунан Акнур жана анын досу Сары, баштарын жерге салып, шаркыратмага келишти. Бул жер эң эле кооз экен. Айланасында чөп бийик өсүп, түркүн түстүү гүлдөр бажырайып гүлүн ачып, гунчаларында шүүдүрүмдүн тамчылары күнгө миң сандаган жылдыз сымал жаркырап чагылышып турду. Бийик тоодон шаркыратма агып түшүп, муп-муздак шар аккан суга барып кошулат экен.

Акнур балдын жытын сезди да, жыт аңкыган жакты көздөй бет алды. Бир маалда бир нерсе кыймылдагандай болду, бул желмогуз Суу жылан экенин кунан сезди. Сары жанында болгондуктан, ал көп кооптонгон жок.

– Биз каякка келдик? Адашып калдык окшойт,– деп ыйлап жиберди Акнур.

– Эми эмне кылабыз, мен коркуп жатам? – Сары жалооруй жооп берди.

– Силер кимсиңер, бияккa эмне келдиңер? – жылан суудан чыкпастан ышкыра сүйлөдү.

– Биз бир байкуш кунандарбыз, адашып кеттик. Сиз кимсиз? – деп сурады Акнур.

– Менби... мен, мен – деген сайын желмогуздун килейген, түрү суук башы суудан көтөрүлө берди. Анын эч уйку көрбөгөн бопбоз көздөрү айланып турду.

– Мен ушул жердин ээси – Суу жыланмын. Силер ырас адашыпсыңар. Мен абдан ачкамын, силер болсо, жаш, семиз жана акылы жок кунан аттар экенсиңер, ырас болбодубу, мага түшкү жана кечки тамак

керек. Мага жакын келгиле. Мен оозумду ачамын, экөөңөр оозума секиргиле. Болгула, тездегиле! – ышкыра сүйлөдү жылан.

– Биз кирбиз, анын үстүнө чаң болдук, анан да ачкабыз. Бизге убакыт берсеңиз, биз кирибизди жууп кетирели, кичине чөп чайнап алалы, антпесе кирибизден сиздин ичиңиз ооруп калат, тамакты таза жеген абдан аш-болумдуу эмеспи,– ак боз кунан безилдеп жиберди.

– Көп сүйлөбөй, бери келгиле. Мен ачкамын, силердин кириңер мага зыян болбойт. Биякка эч ким келбей калган кыйын убактарда мен таш да жейм. Ашказанды бирдеме менен толтуруш керек да.

– Биз секирели десек, оозуңуздан устундун учу чыгып турат,– деди кунан.

– Ооба, мен унутуп калган турбаймынбы. Кечээ мен балык улап жатып, аны куйругунан кармап, устун менен кошо жутуп жибергем. Ал болсо тиштериме тыгылып калды, азыр мен аны чыгарам,– деди желмогуз. Ал өзүнүн чоң, түрү суук оозун ачып, узун тили менен устунду тиштеринин арасынан чыгарууга далалат жасады.

– Келиңиз, биз жардам берели,– деп Акнур менен Сары экөө жакын келишти. Желмогуз акылдуу кунандар аны алаксытып жатышканын билбестен макул болду.

Суу жыланга Акнур оң жагынан, ал эми Сары сол жагынан жакын келишип, туяктары менен желмогузду көзгө тебишти. Алар таамай тепкендиктен, Суу жылан ооруганынан кышылдап жиберди.

– Шш-шы-ыы,– желмогуздун оор денеси ооруганынан улам сууда иймелендеп, көздөрүнөн кан жана боз былжырак акты. Желмогуз көрбөй калды, бирок ооруганынан жана ачуусунан каны кайнап, соймолоңдоп, Акнур менен Сарыны тиштеп алууга аракет жасады.

– Акылы жок кунандар! Мен силерди баары бир жейм, азыр бал чөп таап, анын ширесин көзүмө сүртсөм эле, көзүм кайрадан көрө баштайт, силерди кармайм, ошондо шоруңар кайнайт,– деп ышкырды.

– Карачы, каякка сойлоп баратат. Бол, биз бал чөптү ал көзүнө сүртө электе, андан мурдараак үзүп алалы.

– Ооба, мен көрүп жатам, ал жакка чуркайын,– деди Акнур.

Суу жылан суудан чыгып, шаркыратманы көздөй соймоңдоду. Ал өзүнүн жыт сезгичтигине таянып, бал чөптү табууга шашып баратты. Акнур аны менен кошо чуркап бара жатып, Суу жыландын сиренге окшош бадалды көздөй бет алганын көрдү да, бал чөп ушул экенин билди.

Ал шаша-буша бул бадалдын бир нече бутагын тиштеп үзүүгө шашты, акыры аны үзүп алды. Бал чөптүн жалбырактары бал жыттангандыктан, желмогуз Акнур турган жакка соймолоп жөнөдү.

– Чурка, чурка, чурка,– күчүнүн болушунча кыйкырды Сары.

Желмогуз артынан чыккан үндү угуп, Сарыны көздөй бурулду, бул учур Акнур үчүн ыңгайлуу болду. Ал күчүнүн бардыгынча чуркады. Желмогуз бал чөптүн бадалына соймолоңдоп жетти, бирок чөп ал жерде жок болуп чыкты.

– Каргыш алгырдыкы, алар бал чөптү үзүп кетишкен турбайбы,– деп ышкырды. – Мен баары бир силерди жейм!

Каарданган сокур Суу жылан туяктардын дабышы чыккан жакты көздөй жөнөдү. Бул Сары болчу, ал куугунтуктоодон желмогузду алаксытууга аракет жасады. Жаш кунан секирип, кыйкырып атты:

– Мен суунун боюндамын.

Желмогуз анын турган жерин үнү боюнча аныктоого аракет жасап, каарданганынан килейген таштарды куйругу менен талкалай чаап жатты. Суу жыландын күчү кетип, улам каарданган сайын башы ташка тийип жатканы көрүнүп турду. Бир маалда ал тынчып, жансыз денеси суудан калкып чыкты. Желмогуз каарданып, ачууланганынан өз башын өзү жарып өлдү.

– Ура, ура, ура! – шаттана кыйкырды Сары. – Биз жеңдик!

Сары эки жагын карап, Акнур жок экендигин көрүп, коркуп кетти. Ал Акнурдун артынан күчүнүн бардыгынча чуркап жөнөдү.

Ал анын алыста чуркап бараткандыгын көрүп, кыйкырып жиберди:

– Акнур, токто! Биз желмогузду жеңдик!

Акнур токтоду да, артына кылчайды. Сары жанына чуркап жетти, Акнурдун коркконунан титиреп жаткандыгын сезди.

– Коркпо, баары бүттү. Суу жылан өлдү, ал сууда жатат. Биз бал чөптү таптык, эми аны апаңа алып баруу үчүн шашуу керек,– деди Сары.

– Ооба, биз дары чөптү таптык. Сары, сага ыракмат, кеттик, – дегенсип Акнур башын ийкеп, көздөрүн жоодурата карады.

Алар чуркаган бойдон жөнөштү, алдыда өтүүгө кыйын ашуу жана караңгы капчыгай болсо да, алар коркунуч жана белгисиздик артта калганына сүйүнүштү, ал эми алдыда аларды – кубанычтуу жолугушуу жана өздөрүнүн жайыты күтүп жатты.

Белгилүү болгондой, жомоктун бардыгы бирдей, ийгилик менен бүтөт эмеспи. Биздин жомок да ошондой. Ак боз кунан Акнурдун апасы айыгып кетти жана жашоо ага жалаң гана кубаныч тартуулады. Каракөз таежеси сүйүүгө жана мээримге толгон жашоо үчүн Аалам-Энеге ыраазычылык билдирип жатты. Сары болсо Акнурдун бактылуу, көңүлү жайдары экендигин көрүп, көңүлү көтөрүлүп кубанды. Ал эми ак боз кунан Акнур ар таңда шаңдуу ойгонуп, аны курчап турган айлана-чөйрөгө, жашоого ыраазы болуп жүрдү. Сүйүү жана ишеним укмуштарды жаратаарын жайыттагылардын эч кимиси туйган жок...



## ТАШБАКА

Ташбака тийген жарыктан ойгонуп кетти. Ал көзүн ачканда, аз жерден сокур болуп кала жаздады: жайнаган жаркырак коңуздар анын баш жагында айланып учуп жүрүшүптүр.

– Буларга эмне керек? – деп ойлонду Ташбака, апасынын түнкү жаркырак коңуздар жөнүндө айтканы эсине түштү.

– «Эгерде караңгыда адашып калсаң, жолду жаркырак коңуздар көрсөтүшөт. Сен алардан коркпо»,– деп апасы көп айтаар эле.

– Бирок мен адашкан жокмун, менимче жаркырак коңуздар өздөрү адашып калса керек. Мен азыр укташым керек, анткени эртең кайрадан жолго чыгам,– деп ойлоду да, Ташбака көзүн жуумп, уктап кетти.

Ташбака өзү менен мамилелешип, сүйлөшүп, ойноп, ал тургай чогуу жашай турган досторду табууну абдан эңсээр эле. Өзү болсо жанында анча чоң эмес суусу бар, саздуу токойдо жашачу. Токойдо ар кандай жаныбарлар, канаттуулар, балыктар жана курт-кумурскалар бар эле. Алардын кээ бирөө менен Ташбака тааныш. Мына мамык жүндүү Коён. Ал абдан жайдары жана мээримдүү, бирок аны менен достошуу оңой эмес. Ал тез чуркайт, анан өтө эле коркок. Ташбака аны менен тең чуркай албайт, анын үстүнө аны менен эмне жөнүндө сүйлөшсө болот. Сабиз же капуста жөнүндөбү?

Токойдо Кирпи жашайт. Ал Ташбакага эр жүрөктүүлүгү менен жакчу. Ал эч кимден, ал тургай жыландан да коркпойт. Бирок ал да тез чуркайт, эч үндөбөй, токойдон козу карын же тобурчак издеп чуркап жүргөндү жакшы көрчү. Сазда жашыл бакалар да бар. Адегенде Ташбака алардын өзүнө туугандыгы бар деп ойлогон эле, өздөрү да, аттары да окшош, «бака» деп. Дос бололу деп сунуш кылганда, алар көздөрүнөн жаш чыкканча күлүшпөдүбү.

– Сен бизге туугансыңбы? Ха-ха-ха, өзүңдүн түрүңдү көрдүң беле! Сенин моюн-башың жыландыкындай, ал эми куйругуң көрксүз, тамандарында тырмактарың бар. Эгерде сен чын эле бака болсоң, бизге окшоп чардап жана секире аласыңбы, кана көрсөтчү,– дешти бакалар.

Ташбака оозун ачты, чардагандын ордуна шыбыш эле чыкты, ал оозун жапты да, секирейин деп аракет кылды. Бирок секире алган жок, анткени анын калканчы абдан оор эле.

– Мен чардап, секире албайм,– деп араң эле үн чыгарды да, ыза болгонунан ыйлап жиберди.

– Ха-ха-ха! – деп бакалар ичтерин кармап күлүп жатышты. – Эй, түрү суук, биздин саздан кет,– деп аны кубалап кыйкырышты.

«Таш бака, таш бака»,– деп өзүнчө сүйлөнүп, ыйлап бара жатты. Ал суунун жээгиндеги таштарга кантип жеткенин да билбей калды. Күн абдан ысык эле, таштар да ысып чыгыптыр. Ал таштар менен сүйлөшүүнү чечти. Башын таштардын бирине тийгизди да, аны карап сүйлөдү:

– Кутмандуу күнүңүз менен, бүгүн күн сонун тийип турат, айлана да мемиреп өзүнчө керемет.

Таштар үн каткан жок, ал эми ташбака сөзүн улантты:

– Менин атым Ташбака, демек «таштай бака». Менин азырынча досторум жок, силер менен достошкум келет, анткени мен силер менен тууган болсом керек.

Таштар үн каткан жок.

– Силер эмне тилиңерди жутуп койдуңарбы же мени менен сүйлөшкүңөр келбей жатабы? – Ташбака такып сурады.

Таштар дале үн чыгарган жок.

– Мен кетейин, силер менен таанышканыма кубанычтуумун,– Ташбака сууну бойлой төмөн жөрмөлөдү. Таштар жооп кайтарбаса да, ташбака өзүн шылдыңдап күлбөгөн жана да түрү суук деп эсептебеген үнсүз таштарга ыраазы болду.

«Сабырдын түбү – сары алтын, өзүң берген сурооңо өзүң жооп бересиң»,– ташбака өзү менен өзү сүйлөшүп бара жатты. «Кээде арыз-муңду унчукпай уга турган дос да керек» – деп ойлоду Ташбака.

Күн абдан ысып кеткендиктен, Ташбака суусунун кандырып, чарчаган тамандарын сергитүү үчүн сууга бет алды.

Суунун жээгине келип, моюнун акырын созду да, эңкейип муздак суудан ичти. Ал суунун бетине чагылган өзүнүн элесин көрдү. Аны боп-боз болгон кайгылуу көздөр карап турган эле. Ташбака ыйлап жиберди.

«Мен эмне үчүн сулуу эмесмин, мени бакалар шылдыңдап күлүштү, менин досум жок, мен секире албайм, чардай да албайм...»

Ушундай ойлор аны кыйнап, жүрөгүн өйүп жатты, ал суунун жээгинде өксүп ыйлады. Көзүнөн аккан жаш сууга тамчылап, суунун агымы анын кайгысы менен таарынычын агызып кетип жатты.

Бугу чыкканча ыйлаган соң, Ташбака көз жашын сүрттү да, досторду кантип табуу керек деп кеңеш суроо үчүн акылман Үкүгө барууну чечти.

Акылман Үкү бийик өскөн эменде жашачу жана чоң тегерек көз айнек тагынчу. Анын калың китеби боло турган, ал жөнүндө токойдогу жана саздагы жашаган жаныбарлар бүт билчү.

Акылман Үкү бул китепти ачып, бардык суроолорго жооп тапчу.

Ташбака ага жетүүгө шашты. Ушундай ойдон ага канат өсүп чыккандай сезилди. Кечке жуук гана ал Үкү жашаган бийик өскөн эменге жөрмөлөп жетти.

– Үкү, Үкү, Үкү,– деп чакырды Ташбака.

– Ким мени чакырып жатат? – үстү жактан чыккан үндү укту Ташбака.

– Бул мен, Ташбака.

– Саламатсыңбы, Ташбака, эмне жумуш менен келдиң эле?

– Кутмандуу кечиң менен, акылман Үкү! Мен сага кеңеш сурап келдим. Мен бул жөнүндө апамдан сурасам деле болмок, бирок ал көбүнчө уктайт же унчукпайт. Сенде бардык суроолорго жообу бар калың китеп бар деп уктум, ушул чынбы? – деди Ташбака.

– Чын. Бул китеп менин чоң апамдан мураска калган, ал болсо өзүнүн чоң апасынан алган. Бир сөз менен айтканда, бул китепке миң жыл болду жана ал ыйык – деп мактанды Үкү.

– Ооба билем, токойдогу бардык жандыктар бул жөнүндө билет. Күн батып, кеч кирип бара жатат, эртерээк үйгө жетишим керек. Мен сага эртең менен келип, кеңеш сурайм.

– Анда мен сени эртең менен күтөм,– деп жооп берди акылман Үкү.

Ташбаканын көзү курч эле, ал адашам деп корккон жок, анын үстүнө токойдо жаркырак коңуздар да пайда болуптур. «Жашоо күндүз да, түндө да токтобойт» – деп ойлоп, үйүн көздөй шашты.

Эртең менен эрте ойгонуп, жанында жаткан апасын көрдү, бирок ойготконго батынган жок. Ал ага саламдашкандай башын тийгизди да, акылман Үкүгө шашты.

– Саламатсыңбы, Үкү,– үнүнүн болушунча кыйкырды Ташбака.

– Саламат, саламат. Сен абдан эле эрте келгениңе караганда менин кеңешим сага аябай керек болгон экен,– деп жооп узатты Үкү.

– Ооба, керек. Сен токойдо эң акылдуусуң. Сенде сыйкырдуу китеп да бар. Мен сага келгенимдин себеби, менин досум жок,– анан ал кечээги күн, аны түйшөлткөн ойлор менен арыз-муңун айтып, сөзүн улады.

– Токойдо жаныбарлар көп, бирок мен жалгызмын. Алар бири-биринен айырмаланат. Коёнду алсак, ал мени менен достошуп, ары-бери чуркагысы келет, ал эми Кирпи – момун, эмгекчил, дайыма иш менен алек. Карап турсаң, же тобурчак, же козу карын, же мөмө-жемиш чогултуп жүрөт. Мен анте албайм. Мен өзүмө өңү-түсү, мүнөзү окшош тууганадарды, досторду тапкым келет. Бирок кантип табам, билбейм. Жардам берчи!

– Түшүнүктүү, кана, мен китепти ачып, көз айнегимди тагынып, сага тууган издейин.

Ташбака чөпкө жатып, көзүн жуумп, уктап кетти.

– Ташбака, Ташбака, кайдасың? – деген үндөн чочуп кетип:

– Мен бул жердемин, бул жердемин,– деп, көзүн ачып, кыйкырды Ташбака.

– Мен сага тууган таптым. Алар көп деле эмес, бирок сен алар менен сыймыктансаң болот. Деңиз, суу жана кургактагы ташбакалар. Эң эле чоң тууганың – териси калың деңиз таш бакасы, ал деңизде жашайт, салмагы 540 килограммды түзөт. Ал Жаңы Зеландиянын жээктеринде жана үч мухиттин – Атлантика, Индия жана Тынч мухиттеринин мейкиндигинде кездешет.

Ал эми кургактагы тууганың, пил ташбакасы Галопагос аралдарында жашайт, ал аралды «Ташбакалар аралы» деп коюшат. Ошондой эле, Логгерхед деген жашыл деңиз ташбакасы да бар, анын салмагы 220 киллограмм. Андан кичирээги – Атлантика жана Тынч океандагы Ридлея жана Бисса ташбакалары. Мына эми сенин туугандарың бар, аларды эмне кыласың? – деп сурады акылман Үкү.

– Апей, ким кимден кеңеш сурап жатат? – деп сурайын деди эле, бирок акылман Үкүнү таарынткысы келбей, унчукпай калды.

– Билесиңби, мен достошолу деп кат жазсамбы дедим эле.

– Сен ал достукту кантип элестетесиң, алар ал жакта, сен биякта болсоң – деген жоопту укту.

– Чын эле, мен ал жөнүндө ойлогон жокмун. Кел, кат жазып жиберебиз, анан эмне болот, көрө жатарбыз – деп сунуш кылды Ташбака.

– Болуптур, жазса жазалы, кана айт.

– Эмне десек, кадимкидей эле башта.

«Саламатсыңарбы, урматтуу пил ташбакасы! Силерге салам жөнөтүп жаткан бейтааныш, бирок кандаш тууганыңар Ташбака. Мен токойдо апам менен жашайм, ал анча деле чоң эмес, бирок калканы катуу, териси кабырчыктуу, куйругу жана тамандары бар. Мен өзүмдү сүрөттөбөй эле коеюн, анткени мен өзүмдүн апама куюп койгондой окшошмун. Менин досторум жок, бирок силердей туугандарым бар. Жооп күтөм. Урматтоом менен кичинекей Ташбака».

– Тим эле сонун, сен аябагандай акылдуу турбайсыңбы,– деди Үкү.

– Эгерде кимдир-бирөө такыр үн катпай жүрсө эле, ал акылы жок эмес. Унчукпаган – алтынга тете,– деди да, суу жээгиндеги таштарды эстеди.

– Кат даяр, калган туугандарыңды эмне кыласың? – деп сурады Үкү.

– Биз аларга да ушундай кат жазабыз, алардын аттарын гана өзгөртүп коёбуз, мисалы, кийинки катта «Саламатсыңарбы, урматтуу териси калың ташбака!» – деп жазабыз, анан сен таап берген калгандарына жазабыз. Макулбу?

– Эң мыкты ой! – деп кубанды Үкү.

– Анда жазып, жөнөт.

– Жөнөт? Каякка. Биз каердебиз, токойдобуз? Алар каякта? Галопагос, дегеле океандар каякта, эмне сүйлөп жатканыңды ойлосоң! – деп таарынгандай сүйлөдү Үкү.

– Апей, үч океан абдан эле алыс. Ал эми Галопагос кайда, мен билбейм. Азыр жай аяктап калды, жакында биздин токойдогу канаттуулар жылуу жактарга учуп кете башташат, эгерде алардын жолунда болсо, жеткирип кой деп суранбайлыбы? Сен кат жаз, мен каттарды салуу үчүн бөтөлкө издейин,– деди Ташбака.

«Бөтөлкөдөгү кат же каттарды жеткирүүнүн бул түрүн «деңиз почтасы» деп аташчу беле. Мен жакшы ойлоп таптым!» – деп ойлоду Ташбака.

Ал кубанып, жөргөлөп бара жатты, эми ал өзүн жалгыз сезген жок, анын маанилүү иши бар – ал досторду табуу.

Бөтөлкөлөрдү чогултканга коркок Коёнду, тикенектүү, эр жүрөк Кирпини чакырууну чечти, ал тургай ал саздагы жашыл бакаларга да кайрылгандан корккон жок.

Алар ташбаканын өтүнүчүн түшүнүү менен кабыл алышты. Токойдо, сазда чурулдаган үндөр толуп чыкты.

Коён бүт туугандарын чакырып, «токойдогу бош бөтөлкөлөрдү чогулткула» – деп тапшырма берди. Кирпи үй-бүлөсүнө кайрылса, жашыл бакалар көп болгондуктан аларга бөтөн-бөлөктүн жардамынын кереги деле жок болчу.

Көп өтпөй эле, акылман Үкү жашаган эски эмендин жанында бөтөлкөлөрдүн үймөгү пайда болду. Акылман үкү үйүлгөн үймөктү карап, «Ташбака кандай болсо да жакшы иш жасады» деп ойлоду, анткени токойду таштандылардан тазалашты, экинчи жакшы иш – токойдун

жашоочулары достошуп калышты. Коён, Кирпи, жашыл бакалар бири-бирин эч качан билмек эмес, ал эми бөтөлкө чогултуп жүрүп, таанышып, достошуп калышты.

– Азаматсың, Ташбака,– деп Ташбакага ыраазы болду.

Үкү убада бергендей, Ташбаканын бардык туугандарына кат жазды. Ошол күнү кечинде Ташбака жардам бергендери үчүн бардык чогулган жаныбарларга ыраазычылыгын билдирип жатты. Коён, Кирпи, жашыл бакалар жана акылман Үкү Ташбакага жылуу сөздөрү жана ишеними үчүн жылмаюу менен ыраазы болушту. Ал эми Ташбака токойдон досторду кантип тапканын байкабай да калды. Сен сулуусуңбу же сулуу эмессиңби, коркоксуңбу, же эр жүрөксүңбү, акылдуусуңбу же жокпу, ал маанилүү эмес. Эң башкысы – бири-бирине жардам берүү.

Жаныбарлар кубанганынан секиришип, үйлөрүнө тарап кетишти, ал эми акылман Үкү бардык суроолорго жообу бар калың китепти жана чоң көз айнегин табышмактуу жылмая тиктеди. Ал бул токойдогу өзүнөн кийинки эле акылман Ташбака экендигин туйду. Үкү жөргөлөп кетип бара жаткан Ташбакага, өзүнө жана токойдун башка жашоочуларынын баарына бейпил түн жана жакшы түштөрдү көрүүнү каалады.

мл. ср/з
ОШСКАЯ
областная детская
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 253520

2–814



# АЛТАЙ

Түн болуп көрбөгөндөй суук жана ачык эле. Ай толуп турган. Карышкыр шашып жатты. Ал толгоо жакындаганын сезди. Бул анын экинчи тууту эле. Курсагы ылдый тартып, ичи ооруганы күч алган сайын демин тартып турду. Жайытка жакын эле калган. Ал түтүндүн жытын сезди, иттердин үргөнү да угулду. «Ыңгайлуу жай табуу керек»

деп ойлоду ал. Карышкырдын жытын сезген иттер үрө башташты. Аларга «сууктан тоңуп калгыла» деп ичинен наалыды да, өзү карга ыктап, тууй турган ыңгайлуу жай издеп, көз жүгүрттү. Шаштысы кетип, алыста турган боз үй менен койлор маараган сарайдын ортосундагы орунду тандады. Бир кезде арткы буттарына шорголоогон ысык агымды байкады. Карышкыр башын буруп, кандын жытын сезди: Кан кайдан агып жатат? Менденби? Эмне себептен агып жатат?

Ал боз үйгө жөргөлөп жетти да, карга жатып, тууй баштады. «Эгерде мен бул жерде эмес, токойдо болсом уңшуп, улумакмын»,– деп ойлоду, ооруганына чыдабай кыңшылап да жиберди: «Бирок мен жалаң душмандар турган чоочун жердемин, андыктан чыдашым керек»,– деген ойго келди.

Эртеси эртең менен тамактанып жатып, койчулар кечээки түндү талкуулап жатышты:

– Түнү бою иттер кутургандай үрүп чыгышты.

– Ой, түндөгү суук тим эле сөөктөн өтөт, шилекей жерге тие электе тоңуп калып жатты.

– Ай толуп, күндүзгүдөй жарык болуп, тим эле сайма сайса боло тургандай тийип турду,– деп аялдардын бири сүйлөдү.

– Карышкыр тоңуп калыптыр. Бөлтүрүктөрү да тоңуптур, жок, төртөөнүн бирөө аман калыптыр. Ушундай суукта жаны бек экен,– деди койчулардын бири.

– Аман экен дейсиңби. Ал каякта? – деп сурады экинчиси.

– Мен аны боз үйгө көтөрүп келип, кийиздин үстүнө таштап койгом. Эртең менен карасам, тирүү экен. Акташ иттин кепесине көтөрүп барып койдум. Ал өткөн жумада тууган. Бөлтүрүктү кабыл алабы, көрө жатарбыз,– деп сөзүн бүтүрдү.

Акташ түн ортосунда иттердин үргөнүнөн ойгонуп кетти да, карышкырлар келгенин түшүндү. Ал аларды жытынан сезет. Ал күчтүү жана көптү көргөн ит эле. Бул күчүктөр анын биринчи тууту болчу. Алардын атасы – тажрыйбалуу Алабай, абдан кыйын ит – бул жайыттагы койчулардын мыкты жардамчысы. Акташ менен Алабай азия овчаркалары, сулуу жуптар. Акташ өз атын бир да темгили жок, ак, таза терисине байланыштуу алган. Аны бул жакка күчүк кезинде алып келишкен, ошондон бери бул жерде, адамдардын арасында жашап, аларга ишенимдүү кызмат кылып келет.

2*

Эми ал эне, анын жакшынакай күчүктөрү бар. Бирөөсү кар сыяктуу аппак, үрпөйгөн, Акташтын эле өзү жана мээримдүү. Ал эми калган экөө атасына окшоп боз, чоң, буттары күчтүү, көздөрү күлүңдөп турат. Ар дайым эртең менен Акташ күчүктөрдү эмизип жатып, өзүнүн энелик бактысын сезчү. Бүгүн болсо анын кепесине муну, болгондо да бөлтүрүктү таштап салышыптыр. Бөлтүрүк калтырап, буттарына араң турду, абдан алсыз жана сокур эле. Сүттүн жытын сезип, ал Акташка жакындады да, мурду менен иттин эмчегин издей баштады. Акташ бүрүшүп, ырылдады. Бөлтүрүк кыңшылап, кайрадан эмчегине оозун такады. Акташ аны арткы буттары менен түрттү. Бирок бөлтүрүк абдан көк экен, айла жок көнүүгө туура келди. Ал күчүктөрү эмчегин соруп, курсактары ток, уйкуга киришкенин карап жатты. Ал эми бөлтүрүк таттуу жана жылуу сүттү тартып алып коюшчудай болуп күчүнүн болушунча шаша соруп жатты. Тойгондон кийин гана эмчегин коё берди. Акташ бөлтүрүктүн уктап жатып да титиреп кетип атканын жана оозун эмчек соруп жаткандай булкулдөткөнүн карап турду.

– Байкуш жетим, таштанды, эми сени кантип атайбыз – деп ойлоду. – Жолболду, Тандалма, же Акжолтой. Ушундай суукта аман калганы да бекеринен эмес болсо керек. Кандайдыр бир нерсе аны жашоого кармап калды, демек аны эми турмуш көрсөтөт. Мейли азырынча мени менен бирге болсун, ага мээримдүү жана талаптуу эне болоюн, күчүктөрүмдөн бөлбөй, энелик сүйүүмдү берейин.

Акылдуу жана күчтүү Акташ ушунун бардыгын ойлонуп жатты.

Эртеси эртең менен Акташтын күчүктөрү бөлтүрүк менен бир туугандай болуп кетишти. Алар секирип, энесинин үстүнө чыгып, эмчегин соруп, ойноп жатышты, аларды карап Акташ кубанып турду.

– Күчүктөр али эч нерсе билбейт, алар кагыла элек, чоочунду да байкашпайт. Өзүнүкү катары кабыл алып, бөлөксүнтүп куубагандары кандай жакшы.

Адамдар да буга ар кандай көз караштa болушту:

– Бөлтүрүк буларга көнүп калды, көңүлү ток, күчүктөр менен бир туугандай ойноп жатат.

– Акташ түрткүлөгөн жок. Азамат, кабыл алып, эмизип, өзүнүкүндөй жалап-жуктап атат.

– Энелик сезим – ургаачы үчүн эң маанилүү. Бирөөнүкү эмес, өзүнүкүн таштап салган иттер деле бар...

– Ооба, андай да болот, ит эмес, адамдар деле балдарын таштап салып жатышпайбы. Адамдар – айбандар сыяктуу эле.

– Жок, айбанаттар адамдардан өйдөрөөк. Тигине биздин Акташ деле – эненин жакшы үлгүсү. Күчүктөрүн өзүнүкү же чоочун деп бөлбөйт. Бөлтүрүк чоңойсо, карышкыр болот, ал эми карышкыр менен ит эч качан дос болбойт.

– Айтканыңда калет жок, жаратылыш ушундай. Бирок биздин окуя – өзгөчө окуя – эми ушундай болуп калса кантебиз.

– А балким бул кокусунан эместир?

– Билбейм. Ким өз, ким жат көрө жатарбыз.

– Ооба....

– Алабайчы? Бөлтүрүктү көрдүбү?

Акташ өзү да чоочуп турду, Алабай кантээр экен, кантсе да ал абдан акылдуу, күчтүү, тажрыйбалуу ит эмеспи. Бул сапаттарын күчүктөргө көрсөттү, ал эми бөлтүрүккө кантээр экен? Тиштеп салбайбы? Мага жини келбес бекен? Жок, жок, анын жүрөгү кенен жана мээримдүү. Бөлтүрүктү кабыл алып, башкалардай эле жакшы көрөт деп ойлоп жатты Акташ. Кечинде Алабай келгенде, Акташ бөлтүрүк жөнүндө бардыгын айтып берди. Алабай көпкө ойлонду, анан кетип калды да, эртең менен гана кайтып келди.

– Сен туура кылдың, – деп баштады ал. – Аны ачкадан өлтүрбөй аман алып калдың. Сен чыныгы энесиң, сага ал чоочунбу же жокпу, сен үчүн маанилүү эмес. Мен эчтеке деп айтпайм, сен өзүң чечип коюптурсуң, мага аны менен таанышууга туура келет. Анын аты ким?

– Билбейм. Ал мага сокур жана алсыз чагында келбедиби. Анын аты ким болот?– деп сурады Акташ.

– Алтай десек кандай? Кыска жана так – деп сунуш кылды Алабай.

– Жакшы ат экен, ага бул ат жагат болуш керек деп ойлойм.

...Ошентип бөлтүрүк Алтайдын Алабай менен Акташтын үй-бүлөсүндө жаңы жашоосу башталды. Азыр анын атасы, апасы, бир тууғандары бар. Бул азия овчаркаларынын чоң жана ынтымактуу үй-бүлөсү эле, кыскача аларды «азиаттар» деп аташчу. Алар койчулардын эң мыкты жардамчылары, күчтүү жана эр жүрөк иттер.

Алтай боорукер жана акылдуу бөлтүрүк болуп өстү. Анын мүнөзүнө койчулар да таң калчу.

– Ой бул карышкыр эмес эле, кадыресе ит го. Мен анын кулагынын үзүлгөнүн бир да жолу көрбөдүм. Башка күчүктөрдү карачы,– деди койчу.

– Анын жүрөгү жумшак, каардуу эмес. Башка терини кийип калса керек,– деп экинчиси байкаганын айтты.

– Ал азыр бөлтүрүк, ким билет кандай болуп чоңоёрун? Бизге күчтүү, тайбас жардамчы керек. Качып кетсе же жашынып отуруп алса, койдун оторун карышкырлардан ким коргойт?

– Коркок болсо, өзү зыянга учурайт. Мындайды карышкыр да, адамдар да аябайт.

Адамдар эмне жөнүндө сүйлөшкөнүн Алтай билген жок. Эртең менен ойгонгондо ал оозун чоң ачып эстеп, керилип-чоюлуп, тамактанууга киришчү. Курсагы тойгон соң, ары-бери чуркап ойночу. Сыртта жаз келип калган эле. Ар кайсы жерде ала-була болуп кар жатат, ал эми эртең менен, кечкисин кыштагыдай али суук эле. Бирок күн улам күчүнө келип, жакшы тие баштаган. Эртең менен чымчыктар сайрап, адамдардын үндөрү чыгып, көңүлдөрү көтөрүлүп, жаздын келгенине бардыгы сүйүнүп жатышты.

Акташ короого чыкканда, артынан күчүктөрү ээрчий чыкчу. Бул кыш күндөрүндө алар өсүп, күч топтоп калышкан. Алар энесинен алыстап кеткенден, койлордун жанына, же боз үйгө жакын келгенден коркпой калышкан. Алтай бою, салмагы боюнча аларга тең эле, бирок мүнөзү башка болчу. Эгерде күчүктөр тытмалашып ойноп жатып, бирөөнүн үстүнө баары чыга баштаса, Алтай бул оюндарга катышчу эмес.

Бир жолу Алтай Акташ менен калганда, андан сурады:

– Акташ, сен мени туудуң беле?

– Бул эмне деген суроо? Албетте, туугам.

– Мен байкасам, биз ар кандайбыз. Менин түсүм боз, кулагым узун, куйругум да башка. Жүндөрүм катуу, көзүм күрөң, тиштерим жана азуу тиштерим узун.

– Сен чоң атаңа окшоп калган турбайсыңбы. Ал сендей боз жана жүндөрү катуу болчу. Көңүлүнө жакпай калса, ырылдаганда, азуу тиштери көрүнүп, көздөрүнөн заары чыкканда бардыгы тынчтанып туруп калышчу. Сен ага окшошсуң,– деди көзүн ала качып Акташ.

– Анда эмне үчүн адамдар менин артыман карашып, «Бөрү баласы ит болбойт» деп айтышат, – деп сурады Алтай.

– Адамдарды түшүнүп болбойт. Алар кээде өздөрү жөнүндө да ар нерсени саймедирешет. Мына өткөн жылы бир койчу өлсө, ал жөнүндө «итке иттей өлүм» дешти. Ал ит эмес, адам болчу да. Аларды түшүнүп болбойт, – деди Акташ. – Укканыңдын бардыгына эле ишене бербе. Сага көптү үйрөнүүгө туура келет, анткени сен адамдардын арасында жашап жатпайсыңбы, алар ар кандай болушат. Ал эми «арак» деп аталган ачуу суу ичип алышса, айбандан айырмасы жок болуп калат. Сен ар нерсени үйрөн, күч топто. Эсиңде болсун, сен – азиатсың. Демек, сен адамдарды, алардын үй-жайын, үй-бүлөсүн коргоочусуң, койлорду, жылкыларды жана башка малын кайтарууда аларга жардамчы болосуң. Бизди, атаң экөөбүздү уятка калтырба, эгерде карышкырлар койго тийсе, тикеңден тур. Кээде аюу да адашып келип калышы мүмкүн. Ал абдан ачка болбосо, адатта кетип калат, иттерди жана ызы-чууну сүйбөйт.

– Тике турган кандай? – деп сурады Алтай.

– Бул өзүңдү аябастан өмүрүңдү да бергенге даяр бол деген. Бул бара-бара келет,– деди да, сарайга бет алды Акташ.

Жайыт жазында кайра жаралгандай жанданчу. Тегереги бүт жашыл чөп, тоолор жашыл килем жамынып, алгачкы гүлдөр – байчечекей бажырайып ачылып, аба жылуу жана таттуу сыяктанат. Боз үйдөн алыс эмес жерде жылкылар кулундары, уйлар музоолору менен жайылып жүрөт. Бардык жандыктар күндүн илебине, көк асманга, жүздү аймалаган желге, чөптүн көптүгүнө кубанып турушту.

Алабай жана башка бир топ иттер койлордон алыс эмес жерде жүрүшөт. Алар өз жашоосун короо-короо койлорсуз жана адамдарсыз элестете алышпайт. Бир туугандай болуп, өздөрүн бир чоң үй-бүлөнүн бир бөлүгү катары сезишчү. Ар кимисинин өз милдети бар – койлор жүн, эт берсе, адамдар койлорду багышат жана иттерди тамактандырышат, ал эми иттер койлорду кайтарып, адамдарга жардам беришчү. Ар ким өз иши үчүн жоопкерчилик тартып, кандай болсо ошондой кабыл алчу. Бул жаратылыш өзү шарттаган тартип эле – бири-бири менен катарлаш жашоо.

Убакыт өтүп, Алтай торолуп, эмне үчүн бул жерде экендигин такыр түшүнө албай жүрдү. Кээде түнкүсүн Ай толгонун карап улугусу келчү, бирок башка иттер антпегендиктен өзүн-өзү кармачу. Кээде ал өзү көрө элек алыскы тоолорго кеткиси келчү. Бир күнү ал карышкырлардын улуганын угуп, жүрөгү мыкчылып, дем алганы тездеп, шилекейи оозу-

на толду жана буттары калчылдап кеткендей болду. «Карышкырлар, эмне үчүн мен аларга, тоого кетким келет? Мен баары бир башкамын, бирок бул жөнүндө мага эч ким айтпайт. Эмне үчүн мага чындыкты айтышпайт? Мени кетип калат деп коркушабы? Же мени сатып кетет деп ойлошобу? Бирок, мен бул жерде, силер мененмин, менин ким экенимди гана айтып койсоңор. Ит же карышкырмынбы?» – Өзүнө-өзү ичинен кыйкырып жатты Алтай.

Жаз өтүп, жай да келди. Жайытта жай кыска жана кереметтүү. Тоолор ар кандай түстө кулпунат. Кызгалдактар, сары мандалактар, көк коңгуроо гүл, ак жапайы пияз гүл жана башка түркүн түстүү гүлдөр жайнайт. Аба аарылардын, чымындардын, ийнеликтердин ызылдагына толгон. Түшкө жакын аба ушунчалык ысыгандыктан, оордоп, үп болуп кетчү. Адамдар боз үйгө жашынып, жылкылар бастырма астына кирсе, иттер сарайдын көлөкөсүндө жатышат, койлор гана ысыкта калышат. Кээде бир нече күн катары менен жаан төгүп, ысыкты, саратанды басаңдатып, жаандан кийин аба мелүүн тартып, дем алуу, кыймыл жеңилдеп калчу.

Жай айлары Алтай жана бир туугандары чоңоюп, өз ишинин эреже, сырларын өздөштүрө башташты. Короо койду кантип кайтарууну, жоголгон койлорду издөөнү, чабандардын кыйкырганын айырмалаганды, короо койду кантип коштоону үйрөнө башташкан. Бул илим анча деле татаал эмес болгондуктан, Алтай бир туугандары менен чоң иттерди алмаштырып кой кайтарганды билип калышты. Алтай өзүн үлгүлүү окуучу болууга мажбурлап жүрдү жана бул ишти жакшы өздөштүрө алды.

Жай да бүттү. Сууктун илеби келип, жайытта жаан-чачындар тез-тез боло баштады. Эртең менен боз үйдө адамдар сүйлөшүп жатты:

– Мына күз да келди. Балдарды мектепке даярдоо керек. Бүгүн түштөн кийин аларды жакага, айылга алып барам. Байбиче, сен тиги сары майдан, каймактан, сүрсүгөн эттен баштыкка сал, кымызды чаначка куй. Эки-үч күн айылда болом, балдарга кийим-кече, китеп-дептер сатып берүү да керек. Түшкө чейин убакыт бар, сен жолго даярдап бер, андан соң эки атка минип кетебиз.

– Жакшы, мен даярдай берейин. Балдарга айт, алыс ойноп кетишпесин,– деди аялы.

Койчулардын экинчи үй-бүлөсүнүн балдары али кичинекей, улуусу беште, кичүүсү – эки жашта болчу.

Жашынмак ойноп жаткан балдарына атасы басып келди:

– Алыс кетпегиле, түштөн кийин жакага, айылга кетебиз, ал жакта чоң ата, чоң апаңар, мектебиңер да күтүп калды,– деди ал.

– Ура! Мектепке барабыз! – деп кыйкырды балдардын улуусу.

– Мектепкеби? Барбайм! Кой багам. Биякта эле, тоодо жашайм, ат минип, кой кайтарам, кымыз ичем,–деп ыйлай баштады экинчиси.

– Ыйлаба, сен чоңойбодуңбу. Күз, кыш, жаз өтсө, кайра жайында тоого келесиң,– деп атасы соorotту.

– Ойной тургула, андан соң апаңарга жардам берип, жолго даярдангыла. Мен кой жайылган жакка барып, жардамчым менен коштошуп, айтчу сөзүмдү айтып келейин,– деди да, атты чапкан бойдон тоону көздөй кетти.

Балдар ойноп бүтүп, боз үйгө келип, апасына жолго даярданууга жардам бере башташты.

Балдар кеткен соң жайытта тынч болуп калды. Алтай тоого бат-бат кете баштады. Акташ тынчсызданып, бир күнү Алабай менен жалгыз калганда сүйлөшүүнү чечти.

– Алтай чоңойду. Чоңойгон сайын келбетинде, мүнөзүндө айырмачылыктар байкалууда. Ал өзү да кыйналып жүрөт. Балким ага чындыкты айтсак кандай болот? – деп сурады.

– Ооба, ал чоңойду. Дагы жакшы, анын жүрөгү таза, мүнөзү жумшак. Ага кыйын болуп турганын мен деле көрүп жатам. Ал бардыгын түшүнөт. Дагы бир аз күтө туралычы, балким өзү сурап калаар. Убакыт бардыгын өз ордуна коёт эмеспи, бул жерде шашуунун кереги жок,– деп жооп берди  Алабай.

– Мейли күтсө күтөлү,– деди Акташ.

Күз көз ачып-жумганча эле өтүп кетти, бир ай өтпөй эле тоого биринчи кар түштү.

Эртең менен койчулар койлорду сарайдан айдап чыгышып, капчыгайды көздөй бет алышты. Алар менен кошо өздөрүндөй чоң ит болгон күчүктөрүн ээрчитип Алабай, Алтай да кетти. Алтай башкалардан айырмаланып турчу. Койлор ал жакындаганда четтей качып, катуу маарай башташчу.

– Тынчтангыла,– деп кыйкырды койчу,– а сен, бөрү Алтай аларга жакын барба. Иттердин арасында чоңойсоң да, алар сенин жырткыч экениңди сезип жатышат, анткени сенин кулк-мүнөзүң карышкырдыкындай.

– Мына дагы карышкырсың деп жатпайбы,– таарынгандай Алтай өзүнчө ойлонуп калды. – Мейли, айта берсин. Мен өзүмдүн милдеттерим боюнча итмин, башкалар эмне айтпасын, мен адамдын коргоочусу жана жардамчысы болом.

Биринчи кар, тоого жардамчы ит катары биринчи жолу чыгышы – Алтайдын жана анын бир туугандарынын делебесин козгоп, кубанычка бөлөдү.

Алар бирде тобу менен чуркаса, бирде ар тарапка чачырап кетип жатышты. Иттер өз милдеттерин билип калышкан жана ар дайым атасы Алабайды туурап, улам карап турушчу. Анткени адамдардын арасында анын аброю чоң эле, аны бардыгы сыйлап, жакшы көрүшчү. Ал өзү да балдарынын кыймылдарын байкап, алардын жүрүш-турушуна ыраазы эле.

Күн тез өттү. Кечинде койчулар от жагып, кечки тамакты асып, даярдай башташты. Койлор ийрилип, топтолуп турушту. Алтай, Алабай жана башка иттер короодогу койлорго жакын жүрүштү. Бир кезде карышкырлардын улуганы угулду.

– Карышкырлар! Түтүндүн жытын сезишсе керек,– деди койчу.

– Алар жакын келип калыптыр. Мылтыктар кайда? – деп сурады экинчи койчу.

– Ээр токумга байлануу болчу, алып келейинби?

– Бол, тез, иттерди ойгот. Мына өздөрү да үрө башташты.

Койчулар мылтыктарын колдоруна кармап, оттун жанында отурганда, Алабайдын ырылдаганы жана үргөнү угулду. Ал иттерди алдыга сүрөп жана ошол эле маалда карышкырларды коркуткандай катуу үрүп жатты.

– Бул карыган ит дагы эле тирүү экен да,– деди ырылдап карышкырлардын көк жалы,– аны менен көптөн бери кездеше элек болчубуз. Үнү мурдагыдай эле айбаттуу жана күчтүү экен. Анын жанындагысы ким?

Алабай Алтайдын жанында турган. Ал негедир чочуп турган. Кантсе да капчыгайда карышкырлар менен биринчи жолу жолугушуп жатпайбы.

– Коркпо, уулум. Алар улуп, бизди коркуталы деп жатышат. Азиат – бул өзгөчө ит. Биздин жүрөгүбүз – арстандыкындай, ал эми ти-

шибиз – жолборстукундай. Карышкыр менен кармаштарда жеңген азиат иттери болгон. Негизгиси – жүрөгүңө коркууну жолотпо.

– Ыракмат, ата, сиздин жанымда болгонуңуз кандай жакшы. Мен сизден көп нерсеге үйрөндүм. Мен накта азиатмын. Мен аны билем,– деп тынч гана жооп берди Алтай.

Карышкырлар демин жыйып, жакындап келишти. Койлор бири-бирине ыктап, эки жагын элеңдеп карап жатышты. Аларды картаң сур-теке болушунча жооткотуп жатты:

– Эмне болду, эмне карышкырларды биринчи жолу көрүп жатасыңарбы? Эмне дүрбөйсүңөр. Жаштар – ортого, улуурактар – четте, айланта тургула. Элеңдебей, тынчтангыла. Биздин жаныбызда адамдар, тажрыйбалуу иттер жүрбөйбү. Өзүбүз деле моюн бербейбиз. Кана, эски гвардия, мага жакын келгиле. Тиш салып көрүшсүн, мүйүздөрүбүздүн курчтугун, туягыбыздын күчүн көрсөтөбүз.

Карышкырлар абдан эле жакын келишти. Алардын үйүрү жаш жана көп эле.

– Четтегилерин тиште,– деп үйүр башчы-карышкыр буйрук берди да, өзү Алабай менен бетме-бет кармашуу үчүн чуркап кетти. Карышкырлар четтеги койлорду тиштеп, сүйрөп жөнөштү. Койчулар карышкырлар тарапка аткылай башташты, бирок капчыгай караңгы болгондуктан, алар жаңылып иттерди атып алуудан сактанып жатышты.

– Иттерди чакыр,– деп койчу кыйкырды.

– Алабай, Алтай, мага кел, кел биякка. Ал, ал! Тигилерди ал! – деп экинчи койчу үнүнүн болушунча кыйкырып, абага аткылап жатты. Иттер катуу үрүп, карышкырларды качырышты, бирок алар тигилерден эки эсе аз эле. Алардын көбү карышкырлар менен кармашка али түшө элек жаш иттер болчу, бул алардын биринчи сыноо-таймашы.

Килейген карт бөрү карышкыр Алабайды качырды. Алар тытышып, бири-бирин жерге жапшыра басууга аракет жасап жатышты. Карышкыр үстөмдүк кылды. Ал канчалык тажрыйбалуу жана күчтүү жырткыч болбосун, Алабай күч жагынан да, тайбастык жагынан да андан кем калышмак эмес. Алтайды башка карышкыр качыра берди эле, кармаш тез эле аяктап, Алтайдын жеңиши менен бүттү.

– Ата, мен жаныңдамын,– деп Алтай кыйкырды да, өзүнүн кубаттуу жаагы менен атасын алкымдан алган карышкырдын сол бутунан тиштеди. Карышкырдын тишинин мизи акырындап бошондоп, Алабай-

дын мойнун коё берди да, Алтайды тиштеди. Бирок бир аздан соң экөөнө алы келбестигин түшүндү.

– Булар мени кансырата тиштеп салышат го. Качуу, качуу гана керек, жанды ала качуу керек,– деген ой кетти. Ал Алтайды коё берип, качып жөнөдү. Алтай артынан кууп жөнөдү, алар капчыгайдан чыкканда, көк жал карышкыр токтоду да, кылчайып сурады:

– Токточу, сен карышкырсың го? Сен адамдарга кызмат кылган иттердин үйүрүндө эмне кылып жүрөсүң?

– Мен карышкыр эмес, итмин. Менин атым Алтай, мен Алабай менен Акташтын баласымын.

– Ха-ха-ха, күлкүнү келтирбечи. Сенин алдагы жүнүң боюнча эле карышкыр экениңди сокур да аныктай алат. Сен азыр эркиндиктесиң, мен сени үйүргө алам. Сенин кармашканыңды көрдүм. Сен коркууну билбейт экенсиң, мен сага келечекте үйүрдүн көк жалы болууга жардам берем,– деп сунуш кылды ага карышкыр.

– Мен сенин кең пейилдигиңе муктаж эмесмин. Башың соосунда жогол, антпесе менин тиштерим курч, бекем, а сенин териң эски. Терисиз калып жүрбө,– деп жооп берди Алтай.

– Өзүң бил, эмкиде мен сени аябайм, териңди тескери сыйрыйм. Мени карт, алы жок деп ойлобо, али да күчүм, топтогон тажрыйбам сени жайлаганга жетет. Менин жолума экинчи турба. Мен сени эскерттим,– деп ырылдады да, чуркаган бойдон кетти.

Эртең менен үч кой жана эки иттен кол жуушканын билишти. Аларды карышкырлар тиштеп салышыптыр.

– Алар кантип даашты экен? – деп койчу экинчисинен сурады.

– Жайында кургакчылык болуп, майда-барат жаныбарлар жок болуп кетпедиби. Анан алар койлорго кол салышты. Бирок бул башкысы эмес. Дааганды кой, алар жинигип турушат. Ачкалыктан тоодон ылдый түшүп, адамдарга, койлорго кол салып жатышат. Бүгүн кайталы. Антпесек, биздин үй-бүлөлөр айылда жардамсыз калышты.

Жайыттан кайткан соң, койчулар койлорду сарайга айдап киргизишип, үйдөгүлөргө капчыгайдагы түн жөнүндө айтып беришти жана бардыгына боз үйлөрдөн алыс кетпей, мылтыктарды түн ичинде даярдыкта кармоо керектигин эскертишти.

Алабай жаңылыктарды Акташ менен бөлүштү. Алтай көк жалдын сөзү жөнүндө атасына да, апасына да айткан жок.

Карышкырлар көпкө күттүргөн жок. Бир нече күн өтпөй, кечке жуук үйүрү менен тоонун этегине топтолушту. Эки боз үй жана сарай абдан жакын болгондуктан, түтүндүн жана койдун кыгынын жыты алардын ачкалыгын ого бетер тутантып турду.

– Тынчтангыла,– деди көк жал. – Өткөндө ийгилик биз тарапта болгон жок. Койлорду жана иттерди тиштеп өлтүргөнүбүз менен, ачка кеттик. Эми акылдуураак бололу. Түн ортосунда адамдар менен иттер уйкуга киргенде, акырын сарайдын арткы дубалына барабыз. Ал жерде айнеги жок, чүпүрөк илинген эски терезе бар. Дабыш чыгарбай секирип киребиз, жакын турган койлорду муунткула.

Бул түнү Акташ көпкө чейин уктай алган жок, бир нерсеге түпөйүл болуп турду. Ал Алтайды тапты да, жанына барып жатты:

– Балам, атаң капчыгайда түн ортосунда койго карышкырлар тийгенин айтып берди. Сен коркпоптурсуң, азамат. Кантсе да биринчи жолу кездештиң да,– деп баштады ал.

– Баары жакшы, Акташ. Мен силердин балаңармын да. Сен мени көп нерсеге үйрөттүң, сага ыракмат.

– Сен бир нерсени айтпай жатасың. Энелик жүрөгүм бирдемени туйгандай болуп жатат. Мени менен ой бөлүшсөң боло.

– Жок, жок, эч нерсеге кабатырланган жокмун. Эч нерсени деле ойлогон жокмун. Тынч уктай бер, Акташ,– деди ага Алтай.

Көк жалдын буйругу боюнча үйүр сарайга жакындап келди да, терезе аркылуу ичкери секире башташты. Бардыгы айткандай аткарылды, койлор бир жагынан сарайдын муздак дубалына, бир жагынан карышкырлардын курчоосунда калып, эмне болгонун түшүнбөй турушту.

– Маа, маа,– деп койлор маарай башташты жана алардын баштоочусу – карт суртеке тузакта калышканын түшүндү. Ал мүйүзү жана туягы менен бек эшикти сүзгүлөп, тепкилей баштады жана бир короо койго кыйкырды:

– Катуу маарагыла, катуу!

Биринчи Алабай, андан соң башка иттер ойгонду. Иттердин үргөнүнөн адамдар да ойгонду. Чала-була кийине, колдоруна мылтык алып, сарайга чуркашты да, эшикти ачышты. Койлор эшикке суудай агылды. Карышкырлар терезеден кайра секиришти, ал жакта аларды иттер күтүп турган эле.

– А! Силер бул жердесиңерби,– карышкырлар үйүрүнүн көк жалы ырылдады.– Жол бергиле!

– Сага артка жол жок,– деди ага Алтай. – Мени эстедиңби? Сен мени өлтүргүң келгенин мен унута элекмин! Жекеге чык! – деп карышкырга кыйкырды.

– Иттин гана баласы! Сен мага айтып жатасыңбы? Мен деген үйүрдү нечен жылдан бери баштап жүрөм. Чык бери! Мен сени менен кармашканга даярмын,– деп ырылдады көк жал.

– Алтай, жолобо! – деп кыйкырды Акташ. – Ал сени өлтүрүп коёт.

– Ары кет, Акташ. Биз карышкырлар өзүбүз териштиребиз.

Кармаш үрөй учургандай болду, бирок узакка созулган жок. Караңгы түн, адамдар, карышкырлар, иттер, койлор бардыгы аралашып калды. Алтай курч тиштери, күчтүү буттары бар жана тажрыйбасы мол көкжалдан башканы көргөн жок. Алтай болсо жаш, күчтүү, эр жүрөк, эң негизгиси – ал коргоочу болчу. Ал өлүмдөн корккон жок, анткени ага адамдар жана өзүнүн үй-бүлөсү ишеним артканын сезип турду.

Карт бөрү Алтайды тытмалап тиштеп жатты, бирок Алтай ооруганын сезген жок. Ал аягына чейин турду. Алабай ага жардамга шашты, карышкыр менен тытышып, аны Алтайдан сүйрөп кетти, Акташ Алтайга карай чуркады. Алтай кансырап, анын мойну, буттары бүт кан эле, кан суудай агып жатты, Акташ аны тили менен жалап, токтотууга аракет жасады. Бирок кеч болуп калган эле. Ал өлүп баратты.

– Балам, балам, көзүңдү ач. Сен айыгасың, сен али жашсың жана күчтүүсүң, карман.

– Акташ, сен мени кечир, мен сага айткан эмесмин, бирок сенин энелик жүрөгүң сезип турбады беле. Бирок сен мага эмне үчүн карышкыр экенимди айткан жоксуң. Мен бакма экенимди, чоочун экенимди айткан жоксуң. Сен ансыз деле мага көптү бердиң. Сенсиз мен ачкадан жана суунтан өлмөкмүн. Сага ыракмат, апа деп айтпаганым үчүн кечир. Бирок мен апа деп айткым келчү. Кош, апа,– бул Алтайдын акыркы сөздөрү эле.

Анын күрөң көздөрү, Акташ өтүнгөндөй, ачык бойдон калды. Ачык көздөрү аркылуу анын жаны учуп кетти, анда чыккынчылыкка жана коркоктукка орун жок болчу, ал көздөрдө айбанаттарды адамдардан айырмалаган – сүйүү, ишеним, берилгендик жана парз бар болчу.



## БИЗДИ ЭСТЕП ЖҮРҮШСӨ, ДЕМЕК БИЗ ТИРҮҮБҮЗ

Терек бул жазды өзгөчө күттү. Анын эки себеби бар эле. Биринчиси – өткөн күздө ал адамдарга тоскоол болуп жаткандыгын жана үйдүн жанына машиналарды токтотууга тоскоол болбошу үчүн  аны кыюу керектигин уккан эле. Экинчиси – анын мамыгы зыяндуу экен, короодогу адамдарда аллергияны  чакырат дешти. Терек эмне үчүн адамдар  көп нерселер жөнүндө өз ой-пикирлерин тез эле өзгөртүшөөрүн такыр түшүнө алган жок.

Ал чал небереси менен чогуу барып базарда көчөт саткан кыздан аны сатып алган мезгилди эстеди…

– Чоң ата, биякка келиңиз. Менин көчөттөрүм эң жакшы. Мына бул алманын, бул болсо алмуруттун, көк өрүктүн көчөтү. Ал тургай кыйыштырылган алча да бар,– деп жылмая сүйлөп жатты кыз.

– Ой, бизге терек керек. Алма, алмурут тиге турган биздин менчик үйүбүз, бакчабыз жок. Көп кабаттуу үйдө жашайбыз. Биз бул жакка жакында эле көчүп келдик, ал эми короосу такыр эле кагырап бош экен. Андыктан неберем экөөбүз терек тигели деп чечтик.

Терек – бак дарактардын эң сулуусу жана асылы. Мына мен айылдан кетип, менин чоң атам тиккен күмүш теректи калтырып, жүрөгүм түпөйүл. Күнүгө аны эстеп, ойлой берем. Ал үйдө менин чоң атам жашаган. Мен кемпирим менен ал жерде бир топ жыл жашадым. Ал кайтыш болгондон кийин балдар шаарга чогуу жашайлы деп чакыра башташты. Бул жерде сен жалгызсың, бирдеме болсо кандай болот, же жаныңда эч ким жок болсо, биякка көчүп кел дешти. Мен алардын айтканына көнүп, чоң атамдын үйүн, сүйүктүү терегимди калтырдым, эми балам жана анын үй-бүлөсү менен минтип шаарда жашап жатам. Даттана турган эч нерсе деле жок, бирок сагынам. Өзгөчө бош короону көрүп, айылды эстейм. Анан өзүмдүн терегимди тигип коёюн деп чечтим. Кызым, сен бизге тамыры күчтүү жакшы терек тандап берсең, суусу жок чыдай тургандай болсун. Шаарда арык жок экен, аны өзүбүз чака менен ташып сугарабыз. Катуу шамал болсо сынып калбагыдай ийкемдүү да болсун, менден кийин да өсүп турсун, менин неберелерим мени эстегидей болуп. Бизди эстеп жүрүшсө, демек биз тирүүбүз,– деди абышка.

– Чоң ата, түшүндүм. Мен өзүмдүн теректеримдин эң мыктысын тандап берейин. Мына муну алыңыз,– деп ичке жана бийик теректи сунду. – Алыңыз, мен сизден акча албайм. Бул менден белек болсун. Сиздин короодо өсүп, чоңдорду да, балдарды да сүйүнтсүн. Аны караганда мени эстеп жүрөсүздөр. Сатуучулар да аларды жакшы сөз менен эстегенди каалашат, – деп жылмая айтты кыз. Ал теректин тамырын гезитке ороп, аны балага сунду.

– Жүрү, эми үйгө кетели,– деди абышка небересине. – Кызым, сага ыракмат. Кудай сага ыймандуу, боорукер адамды туш кылсын. Башкаларга жакшылык кылсаң, ал сөзсүз сага кайрылып келет,– деп кетип баратып, абышка кызды алкады.

– Сиз да ден-соолукта болуңуз. Балдарыңыздан, неберелериңизден сый-урмат көрүңүз. Бизге дагы келиңиз.

Ошол эле күнү Терек короонун ичине, жолдон алыс эмес жерге тигилди. Абышка өзү аңча казып, небереси чакага суу алып келип, теректи отургузуп коюшту, ал эми кечинде кечки тамактанууга отуруп жатып, чоң атасы небереси менен көздөрүнөн кубанычтын нуру чачырап сүйлөп жатышты:

– Мына эми биздин короодо да биринчи дарак пайда болду. Бул Терек. Бизге аны бир жакшы кыз белекке берди. Кудайым ага ден-соолук берсин. Эми башка кошуналар да ар кандай көчөттөрдү тиге баштайшат, ошондо короо жашыл кооз бакча болуп калат, туурабы, балам?

– Ооба, чоң ата. Биз жакшы иш жасадык. Антпесе короо бозоруп бош эле. Ал жакта ойногубуз да келбейт. Эми апам короодон чаң, кир келдиң деп урушпайт. Чоң ата, сизге терек үчүн ыракмат. Терек качан өсөт? – деп сурады небереси.

– Адам үчүн да, бак үчүн да өсүшүнө убакыт керек. Бардыгы биздин сүйө билгенибизге жана камкордугубузга жараша болот. Өз убагында сугарып, бутактарын сындырбай, жалбырактарын үзбөй, аны көздөй топ ыргытпай, бирөөгө жиниң келсе, жиниңди чыгарып бут менен теппеш керек. Мен ойлойм, 8-10 жылдан кийин ал чоң болуп өсүп, биздин короонун көркүн чыгарат болуш керек.

Терек биринчи тигилген бак болчу, андайда «акжолтой» деп коюшат эмеспи, демек куттуу. Абышка айткандай эле, көп өтпөй эки үйдүн ортосундагы бүт участокко бак-дарактар тигилди. Бир нече жылдан кийин короо чылгый жашылга бөлөндү. Биринчи өрүк гүлдөп, андан соң эки жапайы алма бак өзүнүн мала кызгылтым гүлдөрүн аччу. Андан кийин биздин Терек өзүнүн терек мамыгын учурчу, акация гүлдөп, короо аңкыган жытка чулганчу. Жылдын ушул мезгилинде бардык дарактар өздөрүнүн кереметин бүткүл дүйнөгө көрсөткүсү келгендей сезилчү. Үйдүн тургундары айлананын жашылдыгына жана кооздугуна кубанышып, эртели-кеч отургучтарда отуруп, ар нерселерден маек курушаар эле. Ал эми балдар чоңдордун бака-шака сүйлөгөнүнө көңүл бурбастан, чурулдашып, күлкү, шаң менен ар кандай оюндарды ойношот.

Дагы бир нече жыл өткөн соң, Терек келишкен сулуу, бийик жана чоң бакка айланды. Абышка жакын келип, сөңгөгүнө колун коюп, бутактарын сылаганын терек жакшы көрөөр эле. Абышка Терекке:

3–814

– Кандай татынакай бак болдуң. Сен бул короодо биринчи элең, эми карачы! Тим эле жашыл деңиз – көз жоосун алат, жүрөгүң жашоо салтанатына кубанат.  Кудай сага көп жыл буюрсун,– деп айтаар эле.

Бир күнү эртең менен Терек үйдөн чыгып жаткан ыйды угуп,  баарын түшүндү. Абышка дүйнөдөн өттү. Кечке жуук боз үй тигилип, ага абышканын сөөгүн киргизишти да, адамдар агылып келе баштады. Терек өлгөндү узатууну биринчи жолу көрдү, ал кайгырып, жалгызсырай түштү. Ал  бутактарын  төмөн карай салаңдатып, жалбырактары менен шуулдабаганга аракет жасады. Терек тынчып, ойлонуп атты:

– Абышка жакшы адам эле. Мени сатып келип, ушул короого тикти. Мени сугарып, жакшы көрчү. Мени биринчисиң жана сулуусуң дээр эле. Камкордугу үчүн ага ыракмат. Эми ал мени сылабайт жана мени менен сүйлөшпөйт, эми мен кантип жашайм. Мага аба, күн нуру жетпегендей  болуп жатат. Абышка жок, короодо, атүгүл бүткүл дүйнөдө суук жана ээн болуп калды.

– Терек, кайгырба, биз баарыбыз түбөлүктүү эмеспиз. Коркпо, бул менмин, сен жакшы көргөн абышканын арбагымын. Денем боз үйдө жатса да, менин жаным дагы кырк күн үйдө, ушул короодо жүрөт. Менин жаным бул жерде дагы бир аз  болот, анан мен башка жакка кетем.

– А сен өлгөндөн корккон жоксуңбу? – деп сурады Терек.

– Жок, корккон жокмун. Менин убактым келди. Дагы жакшы, мен узакка жана катуу ооруган жокмун, балдарыма, неберелериме жүк болгон жокмун. Анын үстүнө мени кемпирим күтүп калды. Ал менден мурда эле көзү өтүп кеткен,  тиги жайга кетип жатып, кемпирим айткан эле:  «Мен сени тиги жайдан күтүп алам. Мен күткөндү билем. Сени согушта да күткөм, кийин тынчтык мезгилде сен иш боюнча сапарларда жүргөндө да күткөм. Билип кой, сен жалгыз болбойсуң». Мен кээде түнкүсүн жалгызсырап, аны сагынаар элем. Биз кантсе да 40 жыл бирге жашабадыкпы.

– Бактар кантип өлөт? – деп сурады Терек.

– Адамдар сыяктуу эле ар кандай. Бирөө ооруп, башкасы кокустуктан, өрттөн же болбосо суусагандан, ачкадан өлөт. Бирок сен кабатырланба, сени эч ким таарынтпайт. Сен суусабайсың, жанында арыктан суу агат, шаарда өрт сейрек кездешет, ал эми кыйганга эч кимдин колу барбайт. Сен короодогу биринчи жана сүйүктүү баксың. Мен болсо дагы кырк күн бою күнү-түнү жанында болом.

– Кырк күн-түн жанымда болсоң, жакшы экен, дагы көпкө чогуу болот экенбиз,– деп Терек кубанганынан жалбырактарын шуудуратты.

Абышка жайына коюлуп, кырк күн билинбей тез эле өтүп кетти. Абышка кеткенден кийин короо ээнсиреп калгандай болду жана Терек жалгызсырай түштү. Аны башка бак-дарактар сооротконго аракет жасашты:

– Эки жагыңды карачы,– деди жаш кара жыгач. – Ой, сен биздин аксакалыбызсың, сени баары сыйлашат. Сен башкаларга кандай үлгү көрсөтүп жатасың. Карачы, такыр эле саргайып, жалбырактарыңды эрте эле түшүрө баштадың, күзгө чейин али эрте.

– Туура айтат,– деп анын сөзүн коштоду акация. – Биз баарыбыз эле абышканы жоктоп жатабыз. Ал боорукер жана камкор эле.

– Кайгырып, аза күткөнгө кырк күн берилген. Андан соң жашоо-турмуш жөнүндө ойлонуу керек,– деди алма бак.

– Мага көңүл бөлгөнүңөргө ыракмат. Ал мага атамдай эле болчу. Ал мени тиккен, сугарчу, бакчу, мени эркелетчү. Ал мага жашоо тартуулады, адамдарга гана эмес, курчап турган бак-дарактарга да мени сүймөнчүк кылды. Ал мага азыр жетпей турат! – деп кайгырды Терек.

Бир күнү эртең менен Терекке абышканын небереси басып келди, ал азыр чоң киши болуптур. Ал Теректин сөңгөгүн сылап, аны менен сүйлөшө баштады:

– Саламатсыңбы, Терек. Мезгил кандай, учкан куштай тез өтөт. Биз сени сатып алганыбыз эсиңдеби, тагыраак айтканда, сени бизге белек кылышкан. Мен анда кичинекей бала болчумун, ал эми чоң атам күчтүү жана шайыр эле.

Ал унчукпай калды да, жөтөлө баштады. Чоң атасын эстеп, анын ыйлап жатканын Терек сезди. Аны сооротуш үчүн Терек жалбырактарын дирилдетти, анын шоодурунан абышканын небереси башын өйдө көтөрүп, жогору жакты карады:

– Сен кандай тез өсүп, чоң, жакшынакай бак болдуң. Чоң атам сени биздин жашыл короонун куту деп айтаар эле. Сен бизге чымчыктардын сайраганын, саратандын үнүн угузган биринчи баксың. Ал эми сенин ак мамыгың ак керемет сындуу, жеңил жана сыйкырдуу. Биз короодо анын артынан кууп чуркаар элек, талашып-тартышып кармаар элек, ал мамыкты кармап алыш кандай кыйын эле. Бул жашыл бактар сенден кийин отургузулган, бирок азыр мурда кандай болгонун эч ким деле эстебесе керек.

3*

Мен кечээ атамдан сени кыйганы жатышканын уктум. Сен кимдир-биреөлөргө короого машинасын койгонго тоскоол болуп жатыптырсың. Мен ал «кошуна» менен сүйлөштүм. Менин оюма коюшса, аны машинасы менен чөлгө айдамакмын, кайда койсоң, ошол жакка кой деп. Чөлдө ага тоскоол болгондой бак-дарактар жок. Адамдар кандай, бир бак тикпей туруп, кыюу керек дейт, ал эми кыйып салыш оңой.

Сен дирилдеп, коркпой эле кой, биз сени таарынтпайбыз. Ушул жерде картайганча турасың. Чоң атам айткандай, «бизди эстеп жүрүшсө, демек биз тирүүбүз». Сен дагы көп жылдар бою турасың. Мен сага убада берем.

Ал Теректин сөңгөгүнөн акырын чапкылап койду, Терек бул алакандан чыныгы эркектин боорукердигин жана күчтүн ага тааныш агымын сезди. Ал абышканы эстеди жана дагы эле адамдарга керектигине, өзгөчө бала кезинен билген бул чоң кишиге керектигине абдан кубанды. Терек мындай неберелер турганда, адамдар менен бактардын ортосундагы жылуу жана мээримдүү мамилелер эч качан үзүлбөстүгүнө терең ишенип турду. Терек кереметке жана кубанычка толгон жашоо үчүн Аалам-Энеге ыраазычылык билдирди жана күчүнүн бардыгынча ак мамыкка толгон бутактарын силкти эле, бул ак кереметке бүткүл жашыл короо толуп чыкты да, көгүлтүр асманга каалгып учту.



## ДОСТУК

Качандыр бир тукаба мамалак жашаптыр. Ал балдар ооруканасында бир нече жылдан бери жашачу, аны биякка ким, качан таштаганын эч ким билчү эмес. Оорукана анын өз үйү болуп калган. Мамалактын аты-жөнү, үй-бүлөсү жок эле. Тагыраак айтканда, кайсы бир бөбөк аны биринчи көргөндө кубануу менен кучагын жая колуна алып, ал

кыска убакытка үй-бүлө мүчөсү, чогуу жүргөн мезгилге эң жакын достордон болуп калчу. Тукаба мамалак менен таанышкан алгачкы күн ар дайым ысык, бек кучакташуулар менен коштолгону, же «кандай сонун, жакшынакай, жумшак» деп ага карата мээримдүү кайрылгандары менен эсинде калды. Же болбосо «Бул меники?!» – деп бөбөк өзүнө суроо берип, өзү жооп бергени аны кубанычка бөлөп, элжиретип, алар сүйүүсүн билдиргени үчүн Аалам-Энеге ыраазы болоор эле.

Андан соң бөбөк өзү жалгыз керебетте калганда түнкү узакка сүйлөшүүлөр уланчу. Мамалакты бек кучактап, ал адатта эч кимге айтпаган сырын айтчу. Мамалак көп окуяларды билээр эле, ар дайым улам жаңы досунун сырын угуп, анын кайгысына тең ортоктош болчу. Ал эми бөбөк ага эң аянычтуу учурларды айтып, бышактап: «Сен муну эч кимге айтпачы, макулбу»,– деп суранганда, ал аны тынчтантууга жардам берип, уктап калсын деп ого бетер бөбөктүн кучагына ыктачу. Ал эми анын кичинекей досу уктаганда, Мамалак Аалам-Энеден өзүнүн күчтүү аюу болушуна жардам берүүнү суранып, чоң адамдар таарынткан мына бул бөбөктү жана башка бөбөктөрдү коргогусу келчү. Бул ооруканада мамалакты балдар да, медициналык айымдар да, балдарды баккан аялдар, ал тургай доктурлар да жакшы көрчү, алар ар күнү эртең менен палатага келишип, ар бир бөбөктүн ал-ахыбалын сурап:

– Кандай, бөбөк? Иштериң кандай? Эч жериң ооруган жокпу? Түндө кандай уктадың?

Бөбөктүн жанындагы тукаба мамалакты көрүп, ага да кадимкидей кайрылышчу:

– Салам, мамалак тууган? Жашооң кандай? Жаңы дос күткөн турбайсыңбы, куттуктайм. Биз жокто, ага көз салып кой. Сен эми адис болуп калбадыңбы, биз сени жакшы билебиз жана сага ишенебиз, бөбөктөргө сени менен болгон жакшы,– деп айтып, доктур көп учурда мамалакты колуна алаар эле. Дарыгер ага кайрылып, жылуу колдоруна алганда, мамалак бөбөктүн кучагында кандай сүйүнсө, андан кем эмес сүйүнчү. Мамалак ага көңүл бургандарына, мактагандарына жана жооптуу тапшырма бергендерине чексиз ыраазы боло, өзүн бактылуу сезчү. Ал жылмайып, бул оорукананын кыйын ишине өзү кошо катышкандай болуп калчу. Доктур менен медайымдар операция, ийне саюу, таблетка менен байланыштуу ишти аткарышса, кичинекей мамалак жан-дил доктуру эле, ал эми бул – айыгып кетүү үчүн эң маанилүү экендигине ише-

нип койгула. Анын досу болуп калган бөбөк айыгуу үчүн алган ар кандай дары-дармектен кийин аны кучактап, ага ийне сайып жатканда кандай кыйналганын, ооруганын айтып беришчү. Анын жылуулугуна жана жумшактыгына таянып, тынчтанып уктап калышчу.

Мамалак ар дайым жанында болгондуктан, көпчүлүк бөбөктөр үчүн апасынан да, атасынан да жакын болчу. Ал бардыгын уга берчү, унчукпай уга берчү жана түшүнчү. Ачууланчу эмес, ар дайым жылмая карап, эч кимди үйрөтчү да эмес, баарын кандай болсо, ошондой кабыл алчу. Бөбөктөр болсо ар кандай эле, бири алсыз, бири коркок, бири уялчаак, бири кежир, дагы бири тентек. Бирок мамалак аларды сындап айтылган так ушул сапаттары үчүн жакшы көрчү. Алар ага купуя сырларын ишенип, чоңдордон ала албаган жылуулукту, боорукерликти, камкордукту сезишчү, өздөрүнө карата аёо сезимин алгылары келип, бекем кысышчу.

Жума – анын жаңы досу. Бул сейрек кездешүүчү ат, мамалак аны эмне үчүн мындай аташканын сурай албаса да, бөбөк биринчи түнү эле ага өзү айтып берди:

– Менин атым – Жума. Жума – бул кыргызча бешинчи күн. Апам мени бешинчи күнү төрөптүр. Бул күн аптанын жакшы күнү. Үйдө мени эркелетип, Жумаке дешет. А сенин атың ким?

– Атым жок,– деп мамалак айтып алып, өзү таң калды. Ал сүйлөй алаарын билген эмес. – Менин апам жок, болбосо мага да ат коймок,– деп акырын айтты.

– Апаң жок болсо абдан жаман. Мына үйдө апам жок болуп калса, мисалы, туугандарына конокко кетсе, же ооруканага жатып калса, же болбосо жөн эле сыртка, бакчага суу алганы чыкса – үйдүн ичи ээнсиреп, сууктай сезилет. Апам – мен үчүн күн, өзгөчө ал күлүп турганда, ал кубанычка чөмүлсө, мен да кубанам. Мен аны кучактап өпкөндү жакшы көрөм, ал сен сыяктуу жылуу жана боорукер – деди аны көкүрөгүнө кысып Жума.

– Сага кандай жакшы, а мен апам кандай экендигин да билбейм. Мен аны эч качан көргөн эмесмин. Көпчүлүк оюнчуктардын жүрөгү жок деп ойлошот, бирок алар жаңылышат. Биз бардыгын – бизди кармаган колдорду, бизди караган көздөрдү, бизге айткан сөздөрдү сезебиз. Биз сүйлөгөндү гана билбейбиз. Балким биз ошон үчүн: силерге жашырбай, уялбастан бардыгын бизге айтып берүү мүмкүнчүлүгү үчүн жаралган-

быз. Жаңылганыңарды, таарынып, коркуп же ооруганыңарды башкалар билип калат деп коркпостон айтып бересиңер. Алсыз экениңди, таарынчаак экениңди, кээде кыжырданаарыңды, али кичинекей болсоң да, баардыгын түшүнгөн адам экениңди сезип калышат дебестен айтып бересиңер. Сен азырынча баласың, сени эч ким күнөөлөбөйт, эгерде сага жакшы болсо кубанасың, жаман болсо, ыйлап, кайгырасың. Сенде чоң кишилердей беткап жок, сен али актер эмессиң,– деп мамалак сүйлөп жатты, Жуманын текши дем алганын угуп, уктап калганын түшүндү.

– Түнүң бейпил болсун, жакшы түш көрүп жат.

Эртеси эртең менен күн адаттагыдай эле башталды: анализдерди тапшыруу, эртең мененки тамактануу, доктурдун келиши. Ал кеткенден кийин Жума керебетке жатып, Мамалакты көкүрөгүнө бек кысты.

– Билесиңби, сен менин жанымда болгонуң кандай жакшы. Эртең менен бармагымдан жана тамырымдан кан алышты. Аябай ооруса да эптеп чыдадым,– деп сөзүн баштады Жума.

– Сен азаматсың. Оору – бул өзүнчө сыноо. Ар ким эле чыдай бербейт. Көбү ыйлашат, качышат, ургулашат, ал тургай тиштеп да жиберишет, ал эми сен – накта жигитсиң. Сен өзүң, Жума – аптанын эң жакшы күнү дебедиңби. Сага жакшы ысым беришиптир. Сен – бул дүйнөдөгү эң жакшы бөбөксүң,– деди мамалак.

– Сен да эң жакшы мамалаксың. Мен эми оюнчуктарды полго таштабайм жана сындырбайм. Мен алар сен сыяктуу эле жандуу экендигин түшүндүм. Мен сени үйүмө алып кетем,– деди Жума.

– Жок, Жума. Менин үйүм оорукана. Бул жакка келген башка бөбөктөргө да биякта жүргөн мезгилге дос керек да. Бул менин ишим,– деп жылмая жооп берди мамалак.

– Жакшы. Мен бул жерде болгуча, сени эч кимге бербейм. Сен меникисиң.

– Ооба, мен сеникимин,– деп жооп берди мамалак.

Бир нече күндөн кийин тукаба мамалак Жумакеге ата-энеси сейрек келишээрин байкады. Бир гана жолу ал бөбөктүн көздөрүнөн кубанычты жана өзүн бактылуу сезгенин көрдү. Палатага медайым себетке толтура жер-жемиш жана таттуу көтөрүп кирип:

– Жума ким? – деп сураганда,– Жума мен, мен! – деп кубанычтуу кыйкырды ал.

– Сенин атаң келип, буларды берип жиберди. Сени көрүүгө уруксат сурады эле, бирок бизде азыр карантин болгондуктан, эч кимди киргизбей жатабыз. Карачы, сага жемиш, таттуу-паттуу сатып келиптир.

Ал таттууну жана жемиштерди тумбочканын үстүнө коюп жатып:

– Ал сени абдан жакшы көрөт! – деди.

Жума алмаларды, анарды, момпосуйду жана печеньелерди кармалап ыйлап да, күлүп да жатты.

– Ооба, атам жакшы. Бирок ал көп иштейт жана мага тез-тез келе албайт. Ал мени жакшы көрөт,– деп Жума көз жашын аарчыды.

– Албетте, жакшы көрөт. Мен ушул жерде канча иштейм, мынча молчулукту көргөн эмесмин. Жакшы көргөн ата гана ушундай берешен болот. Ал сага кат жазып берип жиберди. Сен окуй аласыңбы? – деди медайым.

– Жок, окуй албайм. Мен кийинки жылы гана мектепке барам,– деп жооп берди Жума.

– Анда кааласаң, мен сага окуп берейин,– деп сунуш кылды ал.

– Ооба, окуп бериңиз,– деп андан суранды бөбөк.

Медайым бүктөлгөн ак кагазды ачып, окуй баштады: «Жума, Жумаке, балам. Кандай жашап жатасың? Үйдү сагынгандырсың? Бир аз чыдап тур. Биз дагы, өзгөчө апаң, сени сагындык. Мен алып келгендерди апаң берип жиберди. Алма өзүбүздүн бакчадан, ал эми анарды мен базардан сатып алдым. Таттуу нанды апаң өзү бышырды. Сен көп жата бербе. Доктур эмнени айтса, ошону жаса. Сен чоң жигитсиң жана бардыгын туура жасап жатасың деп ишенем. Сен сакай. Бардык туугандарың сага чоң салам айтышат жана тез сакайып, үйгө келишиңди күтүп жатышат. Мен сени жакшы көрөм жана сагындым. Сен менин жардамчым эмессиңби. Бек кучактап өөп, сенин атаң».

Медайым окуп бүткөнчө, Жумакенин жүрөгү тез-тез согуп жана көздөрүнөн жаш агып жатты, ал мамалакты көкүрөгүнө бек кысты.

«Мени муунтуп койбогой эле,– деп ойлоду мамалак,– жүрөгү да тез-тез, толтосунан чыгып кетчүдөй катуу согуп жатат» – деп тынчсыздanды мамалак.

– Атаңа эмне деп жооп беребиз? – деп сурады да, бөбөктү карады.

– Мен, мен үйгө кетким келип жатат,– деп ыйлап жиберди ал.

Медайым ага жакын келип, аны кучактап, көзүнүн жашын аарчыды.

– Сени түшүнүп жатам, бөбөк. Бир аз чыда, бул жерде көп деле болбойсуң. Мына сенин жүрөгүңдү бир аз дарылайлы, анан үйгө кетесиң. Бизден балдар ден соолуктарын чындап, көңүлдүү кетишкенине абдан кубанабыз,– деди ал.

– Анда менин ден соолугум жакшы, жакында үйгө барам. Апам өзүн карасын. Мен биякта жалгыз эмесмин, менин досум – тукаба мамалагым бар. Ал аябай жакшы, мага аны менен абдан көңүлдүү деп айтып коюңуз.

– Айтып коём. Сен кабатырланба бөбөк, бизде жатып дарыланып кеткен бөбөктөрдүн бардыгы сакайып, үйлөрүнө сөзсүз кайтып кетишчү. Кудай буюрса, сен да үйүңдө болосуң, – деди ал палатанын эшигин жаап жатып.

Жума оорукананын терезесине чуркап барды да, көчөгө тигилди. Ал атасын көргүсү келип, ага кол булгалайын деп ойлогон. Бактысы бар экен, атасы ооруканадан чыгып баратып, кылчайды да, терезеден колун булгалаган уулун көрүп калды. Ал сүйүнгөнүнөн секирип да жиберди, анан эки колу менен булгалап, көпкө чейин кеткен жок. Жума абдан кубанды, бул кубаныч бүт палатаны жарыкка жана жылуулукка толтурду, бул кубаныч үчүн мамалак Аалам-Энеге алкыш айтып жатты.

Бир нече күн өттү, бир күнү эртең менен доктур келди да, Жумакенин керебетинин башына отуруп, анын көзүнө тике карап:

– Сен жакшы баласың, Жума. Сен бизде бир жумадан бери жатасың. Анализдерди бүт бердиң, тамакты жакшы жеп, көп уктап жатасың, маанайың да жакшы. Эми операцияга даярдан. Эч коркпо. Сенин жүрөгүң алсыз. Биз аны күчтүү кылабыз. Менин бир гана өтүнүчүм бар. Эч нерседен коркпо, менин колум жеңил, мен операция жасаган балдардын бардыгы аман-эсен чуркап, секирип, бейпил турмушта жашап жатышат. Эртең менен сени башка палатага которобуз,– деди доктур.

– Макул. Мен мамалакты өзүм менен алсам болобу? – деп доктурдан сурады.

– Албетте, болот,– деди да, Жумакени чачынан сылады.

Операция ийгиликтүү өтүп, Жуманы реанимация бөлүмүнө которушту. Бул операциядан кийин жатчу өзүнчө палата жана анын жанында медайым болот.

Мамалак Жумаке менен бирге палатада болгонуна абдан кубанычта эле. Ал палатада жатып, сүйрөгүч араба менен бөбөктү кантип алып

келишкенин, керебетке жаткырганын жана анын көпкө уктаганын көрдү. Ага медайым келип, чачынан сылап, бирдемелерди айтып жатты. Операциядан кийин бир сутка өтсө да, Жума уктап жатты. Эртең менен доктур келип, медайым менен сүйлөшүп, Жуманын колун кармап, приборлорду унчукпай карады да, негедир кабагын бүркөдү.

«Эмне үчүн Жума мынчалык көп уктайт жана доктур эмне үчүн олуттуу жана капалуу?» – деп өзүнөн-өзү сурап жатты мамалак. Операция ийгиликтүү өтпөдүбү, мен муну уктап жаткан Жуманын башынан сылап жатканда, медайымдын өзүнөн укпадым беле, ал:

– «Мына эми операция бүттү. Бардыгы жакшы болду, доктур бардыгын туура жана жакшы жасады. Анын колу жеңил. Эми укта, эс ал. Кудай сага ден соолук берсин деп айтпады беле».

Негедир мамалактын жүрөгү түпөйүл болуп турду, ал доктурду күттү жана доктурдан бөбөк эмне үчүн ойгонбой жаткандыгын сурагысы келди.

– Бүгүн доктур келбейт. Эртең сурайм,– деп өзүн-өзү сооротуп жатып, мамалак уктап калды.

Түн кирди, күндүзгү медайымды түнкү медайым алмаштырды. Бардык бөбөктөр уктап жатышкан, мамалак да уктап кетти. Түн ортосунда ал ичиркенткен суукту сезди жана негедир чочуп ойгонду. Ал көзүн ачып, өмүрү көрбөгөн нерсени көрдү. Жуманын керебетинин жанында кара плащ кийген бою бийик бирөө турган экен. Башында чүмкөмө болгондуктан, бети такыр көрүнбөйт. Бул сөлөкөттөн өлүмдүн жыты келип тургандыктан, мамалактын жүрөгү болк этти. Ал бир нече жолу терең дем алды да, коркконун, денесинин калтыраганын басып, акырын сурады:

– Сен кимсиң? Мен сени мурда эч качан көргөн эмесмин. Сен эмне үчүн Жуманын керебетинин жанында турасың?

– Көп суроо бересиң да,– жайбаракат жооп берди сөлөкөт. – Мен өлүммүн. Мен бул бөбөктү алганы келдим. Ал бул дүйнөнүн жашоочусу эмес. Анын өмүрүнүн мөөнөтү бүттү,– деп кебелбестен айтты.

– Жок, жок. Сен антип айтпа. Ал али кичинекей, ал али эч нерсе жасаганга жетише элек,– деп кыйкырды мамалак.

– Эч нерсе жасаганга жетишпесе, жакшы болуптур. Наристе бойдон экен, али жаңыла элек, туура эмес иштерди жасай элек. Өзүнүн жан-

дилин кирдете элек, чыккынчылык, арамдык, жалганды билбейт. Тиги дүйнөдө бейиш багында ойнойт, ал бактылуу,– деп сөзүн бүтүрдү Өлүм.

– Токтой тур. Анын апасы, атасы бар. Алар аны жакшы көрүшөт жана күтүп жатышат. Аны жайына кой, сенден суранам.

– Ал үчүн сурангандай сен кимсиң? Сен болгону тукаба мамалак, оюнчуксуң.

– Мен анын досумун. Ал жакшы бөбөк. Ал үйүнө кетүүнү ушунчалык самады эле. Ал чоңойгондо абдан жакшы адам болот,– деди мамалак.

– Сен анын кандай болоорун кайдан билесиң? Балдардын бардыгы чоңойгончо жакшы. Чоңойгон соң, алар өздөрүндө болгон бардык жакшыны унутуп коюшат. Анын сага эмне кереги бар? – деп Өлүм мамалактан сурады.

– Буга чейин мен башка бөбөктөр менен да дос болгом, бирок ал башкача, мен ал үчүн кадимки тирүү мамалак болгум келген.

– Көп сөздү бүтүр. Мен бул жакка сени менен сүйлөшөйүн деп келген жокмун. Болуптур. Аны акыркы жолу кучакта да, эстей жүр. Тирүүлөр аларды эстей жүрүшү керек.

Өлүм Жумага эңкейди эле, мамалак кайрадан сүйлөдү:

– Мен билем, сенин ишиң – тирүүлөрдү алуу. Мен сенден өтүнөм: мени ал, менин эч кимим – атам да, апам да жок. Мен жок болсом, эч ким деле кайгырбайт. Кайсы бир бөбөк бияккa жаңы оюнчук алып келет да, мени унутуп калышат. Жумага тийбе,– деп суранды мамалак.

– Мен эч качан мындайды, кимдир бирөө досу үчүн өлгүсү келгенин көргөн эмесмин. Сен аны абдан жакшы көрсөң керек. Оюнчук болсоң да, сенин жүрөгүң таза экен. Ал эми сенин таттуу кыялдарыңчы – чыныгы аюу болууну, үй-бүлөң, атаң-апаң болгонун каалаганың, токойдо, талаааларда чуркаганды жакшы көргөнүң жана ушул дүйнөнү сүйгөн кыялдарыңчы? – деп сурады Өлүм.

– Кыялдар аткарылбаган үчүн кыялдар да.

Өлүм ойлонуп калды. Ал Жуманын баш жагында көпкө тигилип турду. Мамалак да ойлонуп, жооп күтүп жатты. Ал негедир Өлүмдөн коркпой калды, анын жүрөгү кандайдыр бир кусалыкка жана бейпилдикке толду.

– Мен ооруканада жашап жатканда көптү көрүп, көптү билдим. Мен эч жерим оорубаса да, ушул бөбөктөрдүн оорусун, алардын сүйүнүчтөрүн,

кайгырганын, үмүттөрүн жана көңүлдөрү чөккөнүн тең бөлүштүм. Эх, адам болуу оңой эмес. Мен көбүнүн досу болдум, ага сыймыктанам. Демек бул жерде бекеринен болгон жокмун. Мен өз ишимди чын дилден аткардым.

Анын ой-толгоосун өлүм бузду:

– Кээде тагдыр буйругунан четтөөлөр да болот. Бул сен жана Жума жөнүндө. «Өлүм эч кимди аябайт» дешет. Бирок андай эмес. Анын далили: мен Жуманы тирүү калтырам жана сени алып кетпейм. Мен деле жыргаган жокмун, мени менен эч ким достошпойт, бардыгы жек көрүшөт жана коркушат. А мен болсо болгону өз ишимди жасап жатам. Жок дегенде сен мени анда-санда эстеп жүр, кимдир-бирөө, мейли оюнчук аюу болсо да мен жөнүндө жакшы ойлосун,– деп айтты да, кандай келсе ошондой, күтүүсүз көздөн кайым болду.

Ал кеткенден кийин мамалак кере дем алып, жеңилдене түштү, өлүм менен маектешип жатып өзүнүн тайманбастыгына жана көктүгүнө таң калды. Ал чечилбеген жагдай болбостугун жана кандай болсо да аягы жакшылык менен бүтүшүнө аракет кылса болоорун түшүндү.

Бир нече күндөн кийин Жуманы жалпы палатага которушту, ага ата-энеси келди. Мамалак досунун амандыгына жана жакында үйүнө чыгып кетээрине чексиз кубанычта эле. Өзүнүн бул турмушта чыныгы дос боло алаарын түшүндү.

Бир күнү ооруканадагы балдар уктап жатканда, түн жарымында мамалакка Аалам-Эне келди.

– Мамалак, ойгон,– деди ал.

Мамалак көзүн ачты да, көгүлтүр чагылышууну көрдү, андан кандайдыр бир жылуулук жана болуп көрбөгөндөй күч келип жаткандай болду, ал коркуп кетип, көзүн жумду.

– Коркпо, мен Аалам-Энемин. Мен сенин кыялыңды ишке ашырганы келдим. Бул сенин кайраттуу мамилең үчүн сага берген белегим. Сенин кеңпейилдигиң, боорукерлигиң үчүн. Сен досуң үчүн өз өмүрүңдү бергенге даярсың. Бул эрдик. Сен сүйүүгө, чыныгы үй-бүлөгө жана каалаган кыялдарыңдын орундалышына татыктуусуң. Укта, ал эми эртең менен сен такыр башка аюу болосуң,– деди да, Аалам-Эне ага сыйкырдуу таякчасын тийгизди. Мамалак уктап калды, түшүндө токойдо апасы жана атасы менен чуркап жүрдү.

– Кандай сонун түш. Бул түшүм бүтпөсө экен,– деп ойлоду ал.

Эртең менен медайым менен бала баккан аял тукаба мамалакты талап кылып ыйлап жаткан бөбөктү соорото албай убара болушту. Мамалак эч жерде жок болуп чыкты. Чыныгы керемет болгонун эч ким билген жок. Анткени бул убакта биздин тукаба мамалак чээнде апасы менен уктап жатты, ойгонгон соң ал өзүнө кайрылган үндү укту:

– Биз кандай бактылуубуз, биздин Мамалагыбыз бар,– апасы мээрим чачып, мамалакты кучактады.

– Мен чыныгы мамалакмын! Менин үй-бүлөм, апам, атам бар, менин атым да уккулуктуу – Мамалак. Чыныгы мамалак болуу – кандай бакыт! – биздин каарман ушинтип ойлоду да, апасын кучактап көшүлө уктап кетти.



# ЖӨРГӨМҮШ ЖОРАНЫН КЫЯЛДАРЫ

Эски акациянын көңдөйүндө жөргөмүш Жоранын ынтымактуу үй-бүлөсү жашачу. Жорж атасы, Жоржетта апасы, улуу агасы Жоро жана кичүү карындашы Жанна. Ар күнү эртең менен ынтымактуу үй-бүлө тамактанууга отурушчу. Атасы Жорж жаңгак майын нанга сүйкөп, бутерброддорду жасап, ал эми апасы алар жакшы көргөн шире чайдан куйчу. Тамактангандан кийин үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү өз иштери боюнча ар кай жакка кетишчү, кечке чейин үйдө эч ким болчу эмес. Кечинде болсо алар кайтадан столго отурушканда, ар кимиси өз жаңы-

лыктарын айтып беришчү. Апасы сорпо куюп берчү, ал эми балдары атасын, бири-бирин кунт коюп угушчу.

– Бүгүн сонун күн болду,– деп баштады атасы Жорж. – Мен үч желе түйгөнгө жетиштим, токой чымынын жаңы конушу менен куттуктадым, ал эми эң негизгиси – мелдешке чакыруу алдым.

– Биздин атабыз азамат, чынбы, балдар? – деди сорпону куюп жатып апасы.

– Ал кайсы мелдеш? – деп сурады кичинекей Жанна.

– Чоң жөргөмүштөрдүн арасындагы мелдеш. Аны курт-кумурскалардын токой комитети өткөрүп жатат, кыскартылып аталышы КТК – деп көптү билгендей айтты атасы.

– Эмне кылышыңар керек? – деп сурады кичинекей жөргөмүш Жора.

– Мелдештин шарттары демейкиден башкача,– деп оозун салфетка менен аарчып, сөзүн улантты атасы. – Мелдештин катышуучулары бир жумадан кийин кызылгат талаасында чогулушат. Мелдеш эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгү желени кооздоп түйүү менен байланышкан. Калыстар сүрөттүн татаалдыгын жана түстөрдүн айкалышын эске алмакчы. Эң негизгиси – анын бекемдигин текшерүү болуп саналат.

– Мелдеш оңой болбойт экен, – деп ой бөлүштү Жоранын улуу агасы. – Мен катышуучу болсом болобу? – деп ал атасынан суранды.

– Үй-бүлөлүү, чоң жөргөмүштөр гана катышат, а сен болсо азырынча бойдоксуң. Бирок биз чогуу машыгабыз, анткени бул илим сага керек болот.

– Экинчи бөлүктөчү?– деп сурады апасы Жоржетта.

– Ой мен алаксып кеткен турбаймынбы. Экинчи этап абдан кызыктуу. Мында ылдамдыкты жана эптүүлүктү көргөзүү керек. Тапшырманы айтыша элек, бирок бул куткаруу менен байланышы бар го деп ойлоп жатам, мындайча айтканда, желе боюнча белгилүү бир жерге колдон келишинче ылдам түшүп баруу керек, ал жерге өтө тездикте бекем желени согуп, ага кимдир-бирөө түшүп калганын күтүү керек.

– Мен сенин жеңээриңе ишенем,– деп жылмайды апасы.

– Ыракмат, алтыным. Силердей колдоочуларым турганда мен сөзсүз тапшырманы аткарам жана байге алам деп ойлоп жатам,– деп жооп берди атасы.

– Байге да болобу? – деп сурады апасы.

– Сөзсүз, чакыруу таратканда жеңүүчүгө супербайге тапшырылат деп айтышкан. Бул календары, термометри жана сааты бар электрондук чырак. Ал менин жумушума абдан керек болот,– деп бир саамга ойлонуп калды. Атасы Жорж токой өрт өчүргүчтөрүнүн тобунда иштечү.

Кечки тамактануу аяктаган соң, апасы атасы экөө уктоочу бөлмөгө кетишти, Жоранын агасы кулакка музыка уккучту кийип, музыка угуп жатты, ал эми карындашы Жанна өзүнүн куурчактарына бир нерселерди айтып жатты, ал эми Жора болсо керебетте кыялданып жатты.

Ал күндүн ушул мезгилин жакшы көрөөр эле, бардыгы өз бөлмөлөрүнө кетишет, ал болсо өз кыялдары менен калчу. Ал эми анын кыялы көгүш түстө болчу, анткени ал куш сымал, же ак теректин мамыгы, кур дегенде жебенин үзүлгөн бөлүкчөсү сыяктуу учкусу келчү. Өзүнчө бир нерсеге жылмайып, жөргөмүш уктап кетти.

Эртең менен ал коңшусу кырк аяктын үйүндөгү ызы-чуудан ойгонуп кетти. Алардын көңдөйү төмөнүрөөк болчу жана ар күнү ызы-чуулар угулуп турчу.

– Апа, апа, кызыл байлагычы бар жаңы туфлийим кайда? – деп кырк аяк курттун кызы апасынан ыйламсырап сурап жатты.

– Ылдыйкы текчеде болсо керек,– деп токтоолук менен кырк аяк апасы жооп берди.

– Ал жакта жок, мен мектепке кечигип жатам, табышканга жардам берчи,– деп кызы кыйкырып жатты.

Кырк аяк апасы далиске чыгып, бут кийимдер салынган текчени ачып, катуу айтты:

– Бул үй эмес эле, бут кийимдер дүкөнү! Сенин 42 бутуң бар, ал бул жерде 420 бут кийим бар экен. Ыйлаганыңды токтотуп, бутуңа кий, азыр мектепке кечигип каласың,– деп кызына кайрылып, а өзү болсо күзгүнүн жанында шашпай оозун боёп жатты.

«Кайра башталды окшойт! – деп ойлоду Жора. – Бул кырк аяк куртка мынча бут кийимдин эмне кереги бар? Эгерде анын 420 бут кийими бар болсо, ага апасынан дагы 100 бут кийимин кошсо, чын эле бут кийим дүкөнү болбойбу. Жөргөмүштөрдүн кырк аяктыкындай буту көп болбогону жакшы болуптур».

Эртең менен тамактануудан кийин атасы Жорж менен агасы Жоро чогуу кетишти. Апасы чач тарач-устат болуп иштеген өзүнүн сулуулук салонуна чуркап кетти, Жанна карындашы мектепке кетти, ал эми Жора

үйдө өзү гана калды. Бүгүн мектептеги сабактар акыркы жолу өтүлөт, алдыда жай, сентябрга чейин каникул болот.

Ал акациянын сөңгөгү боюнча эң үстүңкү бутакка чыкты да, жашыл жалбыракка отуруп, асманды карады. Асман бүгүн чайыттай ачык, бир да булут жок. Көпкөк асман жана чаңкая тийген сапсары күн.

«Ах, дүйнө кандай сонун!» – айланага көз чаптырды жөргөмүш. Аны зор мейкиндик курчап турган эле. Ал өйдө жакты карап, асмандын мөлтүр көктүгүнө, ал эми ылдыйды карап, токойдун керемет жашылдыгына суктанды. Курчап турган дүйнө тынымсыз кыймыл-аракетте болуп, бутактардагы жалбырактар шуудурап, «секунд сайын биздин турмуш сыяктуу өзгөрүлүп турат» – деп ойлоду жөргөмүш. Ал асманга учкусу келди, бул жөндөн-жөн болбосо керек. Анткени жөргөмүштөр да уча алат, бирок алардын чымчыктардыкындай канаттары жок. Жөргөмүштөр желелерин бийиктикте согушат жана кулап түшкөндөн коркушпайт, алар бийиктиктен өзүнүн желе-жиптери менен түшүшөт. Түшүп жатканда кулайм деп такыр эле ойлошпойт. Жора акациянын жашыл жалбырагында отуруп ушулар жөнүндө ойлонуп жатты.

– Мен кантип учам? – деп жөргөмүш өзүнөн-өзү сурады. Бул туурасында сары тыйын чычкандан сураш керек деп, ага шашып жөнөдү.

Жора абдан жакшы чуркагандыктан, бир нече минутадан кийин эле тыйын чычканга жетип барды. Жора абдан тарбиялуу жөргөмүш, ал адегенде эшикти тыкылдатты, эч ким жооп бербегенде гана тыйын чычкандын терезесин шыкаалады. Жаңгак багынын сөңгөгү боюнча өйдө көтөрүлдү да, столдо бирдеме жазып алектенип жаткан досун көрдү, ал кандайдыр бир жакка шашып жатканын байкады.

«Тук, тук, тук» – деп терезени тыкылдатты Жора.

– Бул сенсиңби, Жора, кел,– деп чакырды тыйын чычкан.

– Салам, Сары, мага окшоп, сен да мектепке барган жоксуңбу,– деп сөз баштады Жора.

– Мен мектептеги акыркы сабакка баргым келбейт. Бүт жайга тапшырма бере башташат, мектептин гүлдөрүн сугарууга таратып берет, а биз качан ойноп, качан эс алабыз, чуркайбыз, күчтү качан топтойбуз? Ошондуктан мен мектепке барбай койдум,– деди Сары.

– Мен бүгүн сага жолугуп, өзүмдүн кыялым жөнүндө айтайын дедим, ошондуктан мектепке барбай койдум.

– Сенин кыялың барбы? Сен мага бул жөнүндө эч качан айткан эмессиң,– деди Тыйын чычкан.

– А сен эмне жөргөмүштөрдүн таттуу кыялы жок дейсиңби? – деп сурады Жора Сарыдан.

– Мага таарынба, мен жөн эле айттым. Албетте ар бирөөнүн каалаган ой-максаты, түпкүрдөгү кыялы бар. Менин да купуя сырым бар,– деп баштады Сары.

– Меники купуя деле эмес, мындайча айтканда, керемет кыял. Мен чымчыктар сыяктуу учкум келет, ошондуктан сени менен сүйлөшкөнү келдим,– деди Жөргөмүш.

– Сен жөргөмүшсүң, чымчык сыяктуу учканга сенде канат жок да? – деди Сары.

– Билем, канатым жок. Бирок бир жолу мен кызыктуу китеп окугам, анда «эгерде сен чын эле бир нерсени өтө кааласаң, ошого жетесиң, анткени Аалам сага жардам берет» деген,– деп жөргөмүш оюн айтты.

– Окуган эмесмин, бирок укмуш жазылыптыр. А сен учуп эмне кыласың? – суроону так кесе койду Сары.

– Билесиңби, мен токойдо ары-бери чуркап, бардыгын билем. Эми асманды көргүм келип жатат. Мен эркин кулоо дегенди билем, ал эми эркин учуу дегенди билбейм.

– Ой-ий, сен философ турбайсыңбы, бирок сен аны кантип элестетесиң,– деп сурады Тыйын чычкан.

– Кел, ушул дарактын эң башына чыгабыз, өйдө жакта, көгүш мейкиндикке жакын жакшы ойлор келет,–деп сунуштады Жора.

– Жүрү, кеттик,– деп макул болду Сары.

Алар жаңгак дарагынын эң башына чыгышып, бутакка катарлаш отурушту да, асманга көз чаптырышты. Айлана ушунчалык тыптынч болгондуктан, Тыйын чычкан коркуп да кетти, ал кулактарын кыймылдата баштады.

– Укчу, кандай гана мемиреген тынчтык! Мен коркконуман кулагым үйдө калганбы деп да ойлоп кеттим,– деп күлдү Тыйын чычкан.

– Мен ошону айтып жатпаймынбы, асман – бул өзүнчө керемет, мен ошол жакка мемиреген тынчтыкка учкум келет! – деди жөргөмүш.

Дарактардын шуудураганы гана угулуп турду, шамал бутактарды жана жалбырактарды эркелеткендей термелтип жатты. Жашоо кандай сонун, тыйын чычкан менен жөргөмүш эч капарсыз өздөрүнчө жылма-

4*

йып, үн катпай Эне-Ааламга ушул белеги үчүн жүрөгүнүн түпкүрүндө ыраазы болуп турушту. Алар асманды карашып, ар бири өзүнүн учканын элестетип жаткандай болду.

Жандарынан эски чоң желе учуп өттү. Ал көпкөк асмандын түсүндө аппак жана тунук болуп көрүндү.

– Секир, желеге тез секир,– деп кыйкырды Тыйын чычкан: – Бул сенин килем-самолетуң болот, бол тез,–деп башкара сүйлөдү Тыйын чычкан.

Жөргөмүш секирди да, учуп жөнөдү.

Ал күтүүсүздөн өзүн жоготуп койду, желеге буттары менен бекем жармашып, Тыйын чычканга кыйкырды:

– Тыйын чычкан, кош, кеңешиң үчүн чоң ыракмат! Чоң ыракмат, сен чыныгы доссуң! – деп кыйкырды жөргөмүш, ал алыста калган Тыйын чычканды узакка дейре карап, учуп баратты.

– Сага жагымдуу маанай, эркин учууну каалайм! Тез кайт! –деп кыйкырды артынан Тыйын чычкан. – Мен сени күтөм,– деп кошумчалады Тыйын чычкан, бул убакта жөргөмүш аябай алыстап кеткен эле.

«Кандай бактылуу, анын кыялы ишке ашты» – деп ойлоду Тыйын чычкан.

Ал эми бул учурда учуп бараткан Жора учканына өзү да ишенбей турду. Ал желенин үстүндө баратты, ал эми асман катарлаш болуп көрүндү, шамал дирилдеп, жөргөмүш эбегейсиз кубанычка чөмүлдү, ушундай бактысы үчүн, каалгып учуп бараткандыгы үчүн ал бүт дүйнөнү кучагына алып, өбүүгө даяр эле! Ал аны чымчыктар үзгүлөп жеп коёрун, учуп кетип, кайра кайтпай калаарын эч ойлогон жок. Ал аны үй-бүлөсү күтүп жатканын, ал үчүн тынчсызданганын да ойлогон жок. Ал өзүнүн учканына жана учууда асман менен шамал берген эркиндикти сезгенине бактылуу эле.

Ага бактылуу учууну, жагымдуу жолугушууларды, жаңы окуяларды жана кийинки бардык кыялдарынын ишке ашышын каалайлы.




## КАНАТТУУ АЙЫМ

«Көңүл бургула, көңүл бургула, токойдогу радиостанция сүйлөйт.
10-июлда «Сулуулардын конкурсу» болот. Катышууну каалаган бардык курт-кумурскалар чакырылат, курагына, боюнун узундугуна жана салмагына чектөөлөр коюлбайт!» – деп сөзүн бүтүрдү тоңкулдак диктор. Ал жарнама жазылган баракты четке койду да, кере дем алды.

– Бул «Сулуулар конкурсу» биздин токойдо көп ызы-чууну жараткан болду. Деги бул жакшыбы же жаманбы? – деп ойлонду канаттуу. Ал ойлогонду токойдогу баардык курт-кумурскалар да ойлонуп жатышты.

Конкурска даярданууга эки жума берилген эле. Коңуздар, жөргөмүштөр, көпөлөктөр жана ийнеликтер, муунак курттар, чегирткелер, айтор, бүт курт-кумурска падышалыгы бул жаңылыкты талкуулап жатышты.

– Эх, «Сулуулар конкурсу» кандай сонун,– деп өздөрүнүн эң сулуу экендигинен күмөн санабаган көпөлөктөр кубанып жатышты жана алар эч тынчсызданышкан жок.

– Чындыгында эле «Сулуулар конкурсу» – бул эң сонун идея,– деп ийнеликтер сөз талаша кетишти. – Биздин көздөрүбүз сүйкүмдүү жана канаттарыбыз туптунук, биз бул конкурста жеңебиз.

Жеңишке алар абдан эле ишенип турушту.

– Ой, кандай жаман, жаман! – деп коңуздар ызылдап жиберишти. Алардын мактана турган эч нерсеси жок болчу, анткени алардын буттары кыска, көздөрү жымшык эле. Бул жаңылык аларды кооптонтуп турду.

– «Сулуулар конкурсу, сулуулар конкурсу», буларга көңүл ачышса эле болду, ким иштейт,– деп кумурскалар кыжырданып, өздөрүнө өздөрү суроо берип жатышты.

Бир сөз менен айтканда, бул жаңылык эч кимди кайдыгер калтырган жок. Сөз болуп жаткан токойдо биздин каарман – эл кайда көчөт да жашачу, аны бардыгы Нурай деп аташчу. Ал абдан жакшынакай, ал тургай өтө сулуу болчу. Ал гүл шалбаасындагы кичинекей үйдө апасы жана чоң апасы менен чогуу турчу.

– Апа, чоң апа, силер жаңылыкты уктуңарбы, бизде «Сулуулар конкурсу» болот экен,– деп кубана сүйлөдү Нурай.

– Ооба, бүгүн радиодон берилген жарыяны уктум,– деп жайбаракат жооп берди чоң апасы.

– Мен болсом бул жөнүндө эч нерсе уккан жокмун,– деди апасы.

– Мен конкурска катышкым келет,– деди Нурай.

– Сага кереги бар деп ишенесиңби? – деп сурады апасы.

– Сен кандай деп ойлойсуң? Бардык курт-кумурскалар катышса болот экен, бою, салмагы жана курагы эске алынбайт,– деп жооп берди Нурай.

– Абдан жакшы болуптур, анда биз да бул конкурска катышууга даярданалы,– деп макул болду апасы.

Апасынын жана чоң апасынын колдоосуна ыраазы болгон Нурай уктаганы жатты.

Эртеси таңкы шүүдүрүм менен жуунуп, Нурай тамактанууга отурду. Апасы токой дарыканасына жумушуна кетти, ал эми чоң апасы тура элек болчу.

– Чоң апа, чоң апа, ойгон! Сен жакшы көргөн кулпунай вареньесин нанга сүйкөп, кофе даярдап койдум. Жүрү тамактаналы,– деп чакырды чоң апасын.

– Баратам, баратам,– деп мээримдүү жооп берди чоң апасы. – Сени менен тамактануу мага жагат, кофең ысык жана таттуу, ал эми наның жумшак, даамдуу,– столго отуруп жатып небересин мактады да: – Сен эмне жебейсиң? – деп сурады чоң апасы.

– Мен эки жумадан кийин сулуулук конкурсуна катышам, ошондуктан бүгүндөн тартып диета кармашым керек,– деп Нурай салтанаттуу жооп берди.

– Диетаны ким ойлоп тапты болду экен? Тамак же да, көп кыймылда. Канча кааласаң, ошончо же. Негизгиси, ундан жасалган тамакты жана таттууну жебеш керек жана түнгө карай ашыкча жебе, – деп акылын айтты чоң апасы.

– Чоң апа, биздин тукумубузда келишимдүүлөр болду беле? – деп сурады Нурай.

– Бизге келишимдүү болуштун кереги жок, биз ар дайым ушундай тоголок болчубуз. Бизди кандай болсок, ошол турпатыбызда жакшы көрүшөт. Англис тилдүү өлкөлөрдө эл кайда көчөттү «КАНАТТУУ АЙЫМ» же «ЧҮРӨК» деп аташат. Ал эми китептерде «Жараткандын курт-кумурскалары» деп аташат. Германияда бизди Күндүн, жамгырдын жана түшүмдүүлүктүн балдары деп эсептешет. Чехтер эл кайда көчөттү таап алса, жолубуз болот деп эсептешет. Ал эми французлар эл кайда көчөттүн түспөлү бар амулет балдарды кырсыктан сактайт деп ишенишет. Россияда болсо мээрим менен «Солнышко» деп аташат. Ошондуктан мен өзүбүздү абдан сүйкүмдүүбүз деп эсептейм,– деди чоң апасы.

– Чоң апа, сен кандай акылдуусуң! – жылмая сүйлөдү Нурай.

– Сен сурадың, мен жооп бердим,– деди да чоң апасы кофеден ууртады.

Тамактануудан кийин чоң апасы өзүнүн сүйүктүү «Саякатчынын альманахын» окуганга киришти, ал эми Нурай мектебине шашты. Сыртта жайдын толук кези, мектептеги каникул эми жаңы башталмак. Нурай ар жылы жайында мектеп алдындагы участокто жардамчы болуп иштечү. Ал балдар үйү үчүн мөмө-жемиштерди өстүрүүгө жардам берчү. Бул идея чоң апасыныкы эле, анткени ал жумасына бир жолу балдар үйүнө барып, аларга жаныбарлар дүйнөсү жөнүндө ар кандай кызыктуу окуяларды айтып берчү. Бул балдар үйү «Терраса» деп аталып, анын терезелери абдан чоң, далиси кенен жана жарык эле. Анда токойдогу жетим балдар бир үй-бүлөдөй ынтымактуу жашайт. Нурай аларга тынбай келип турат. Ал келген сайын аларга таттуу-паттуу ала келип, балдарды караган аарыларга аларды сууга жуунтууга жардам берип, ал эми тарбиячы-чегирткелер менен бирге бөбөктөрдү сейилдөөгө коштоп барганды жакшы көрчү. Ал ар дайым кандай иш болбосун, мейли жомок окуш керекпи, оюн ойнотуубу, же сейилдөөбү, чын ниети менен жасап, жардам берчү.

Ал эми үйүнө келгенде апасы «террасадагы» кичинекей тургундар менен алпурушкандан чарчай элексиңби деп сураганда, Нурай ар бир бөбөк жөнүндө укмуштуудай окуяларды айтып берип, эң негизгиси аларга өзүнүн керек экендигин сезчү.

– Апа, чоң апа, силер алар кандай сонун балдар экендигин билбейсиңер! Алар баарын түшүнүшөт, бирок азырынча бардыгын түшүндүрө алышпайт. Ал эми жылуулук жана кубаныч тартуулаганы канчалык! – деп жооп берди Нурай.

– Эгер өзүңө алар менен убакытты өткөрүү жакса, сонун эмеспи. Жетимдерге, кары-картаңдарга жана майыптарга жардам берүү – жакшы иш. Аларга жардам берүү менен өзүңө да көп нерсени үйрөнөсүң. Карылардан даанышмандыкты жана сабырдуулукту, ал эми бөбөктөрдөн – ак ниеттүүлүктү жана боорукердикти үйрөнөсүң. Бул баарлашуу сенин да жан дүйнөңдү байытат.

– Чоң апа, туура айтасың. Эгерде менде кандайдыр бир көйгөй болсо, «Террасага» барып келгенден кийин, мен ал жөнүндө унутуп коём,– деди Нурай.

Бир нече күн өтүп, токой радиосунан «Сулуулук конкурсу» жөнүндө кайрадан жарыя айтылды.

– Көңүл бургула, көңүл бургула,– деп баштады диктор, – Бүгүн чак түштө конкурстун бардык катышуучуларын каттоо башталат. Кечикпей келишиңерди өтүнөбүз.

Нурай катталууга келгенде, катышууну каалагандар көп экендигин көрүп, кезекке турду. Бул жерде ким гана жок: чырайлуу көпөлөктөр, май коңуздары жана жашыл түктүү муунак курттар ж.б.

Ал эми Нурайдын кезеги келгенде, аны кандай деп жазуу керектигин сурашты эле:

– Нурай – деди.

Кезекте тургандар күлүп калышты, кээ бири таң кала сурашты:

– Ха-ха-ха! Сен эмне өзүңдү күндүн нуру деп эсептейсиңби? Балким өзүнүн тоголок, кызыл турпаты менен күндү элестетээр, бирок сулуулугу жагынан бизге жетмек кайда!

– Кандай ойлошсо, ошондой ойлошсун. Мен НУРАЙ болом,– деп өзү жөнүндө көшөрө айтты.

Катталгандан кийин маанайы суз тарткандыктан, балдар үйүнө бөбөктөргө барып келүүнү чечти. Жолдон мектепке кайрылды, анткени бышкан помидорлордун ширеси менен тамактанганды жакшы көргөн жашыл мителерден арылууга помидорлорго жардам берүү керек эле.

– Бул жашыл мителер эмнеге мынчалык сугалак болушат, помидорлор, бир аз чыдагыла, мен бүгүн силерге жардам берем,– деп чечкиндүү сүйлөдү Нурай.

Бир нече сааттын ичинде ал бадалдарды жашыл мителерден тазалады, өзү да тамактанып, бөбөктөргө таттуу кулпунайдан чогултуп алды.

– Ай, Нурай, азаматсың! – деп өзүн-өзү мактап да алды.

Кечке ал «Террасада» болду. Балдарга жомок окуду, кулпунай берди, аарылар жана чегирткелер менен чогуу тамактангандан кийин, кечинде үйүнө кайтты.

– Күн кандай өттү? – деп сурады апасы.

– Мен бүгүн сулуулар конкурсуна катталдым.

Ал кезекте тургандардын айткандарын апасына, чоң апасына айткан жок, кечки тамактан баш тартты да, аларга бейпил түн каалап, уктаганы жөнөдү. Уктап жатып, кызыктай түш көрдү, түшүндө ал жүзүмдүн жашыл жалбырагында отурса, суу жээктей кайырчы аял басып келет, ал жылаңайлак, кийгени кир көйнөк, башында өңү өчкөн жоолук байланган. Ал таягына таянып басып келди да, суунун жээгине

отурду. Кемпир сууга эңкейип, алаканына суудан сузуп жутту. Ушул убакта сууну көздөй күлүңдөшүп үч сулуу кыз келди. Алар хандын эрке кыздары эле. Алар жээктеги чатырчага келип, кимдин колу аппак, назик жана келишимдүү деп талаша башташты. Алар талашты өздөрү чече албастыгына көздөрү жеткенден кийин суунун жээгинде отурган аялды көрүп, аны чакырышты.

– Эй, кемпир, бери келчи. Эгерде сен биздин талашты чечип берсең, биз сага алтын беребиз,– деп кыйкырышты сулуу кыздар.

Кемпир башын көтөрдү да, жооп берди:

– Мен ачкамын, ал-күчүм жок. Эгерде силерге менин жардамым керек болсо, өзүңөр келгиле,– деп акырын сүйлөдү.

– Ушул кемпирдики өттү, кайырчы болсо да, өзү басып келгиси келбейт,– деди кыздардын бири.

– Балким чын эле ал ачка жана чарчап-чаалыккандыр,– деп экинчи кыз айтса, үчүнчү кыз:

– Жүргүлө, талаша бербей, ага баралы,– деп сунуш кылды.

Үч сулуу кайырчыга жакын келишти. Мурундарын колу менен жаап, кемпирге жең учубуз тийип кетпесин деп абайлай отурушту.

– Кемпир, укчу. Биздин кимибиздин колубуз ак, назик жана келишимдүү,– деп сурашты алар.

– Мага нан бергилечи, мен абдан ачкамын,– деп суранды аял.

– Эми буга нан бериш керекпи,– деп ачууланды кыздардын улуусу.

– Сен биринчи танда, анан нан менен алтынды аласың,– деди экинчиси.

Хандын кыздары биринин сөзүн бири укпай, талашып-тартышып жатканда, кемпирге алардын кызматчысы басып келди да, нан берди. Кайырчы кемпир кыздардын колдорун сол колуна алып, оң колу менен кызматчынын колун кармап, мындай деди:

– Сулуулар, силердин колуңар ушунчалык ак, назик жана келишимдүү. Эми силердин кызматчынын колун карагылачы. Анын колу катуу, бодуракай жана жазы. Мен ушул колду тандайм, анткени ушул колдун ээси – боорукер, колунан мээрим төгүлүп турат.

Эртең менен эрте туруп, Нурай түшүн ойлоп, анын маңызын түшүнө албады. «Түшкө ар нерсе кире берет эмеспи» – деп ойлоду да, бир аз убакыттан кийин аны унутуп койду.

Конкурска чейин үч күн калган болчу, Нурай чоң апасынан сурап калды:

– Чоң апа, мен сулуумунбу?

– Сен мен үчүн эң келишимдүү чүрөксүң, менин кичинекей чүрпөм! – деп чоң апасы элжирей жооп кайтарды.

– Эгерде жюриде жалаң эле чоң апалар болсо, анда алар өз неберелерин эле тандамак, анткени алардын сүйүүсү сокур сүйүү,– деп ойлоду Нурай, бирок угуза айткан жок.

Көп күттүргөн майрам – «Сулуулар конкурсу» өтчү күн да келди. Эки жума жалаң конкурс жөнүндө сөздөр, тикмечилер менен чач тарачтарда кезекти күтүүлөр, кымгуут жана бушайман болуулар менен коштолуп тез эле өтүп кетти. Конкурс токойдун кенен жана жарык четинде өтө турган болду.

Нурай адаттагыдан эрте ойгонду да, тамактанган соң шашпай конкурска жөнөдү. Аны ийнеликтер, муунак курттар, коңуздар, жөргөмүштөр ашып кетип жатышты, чымчыктар учуп, айбанаттар чуркап баратышты, бардыгы тең сценанын жанындагы мыкты орундарды ээлөөгө шашып жатышты.

– Кечигип калбагай элем,– деп ойлоп, Нурай ылдамдыгын тездетти.

Чоң сценанын көшөгөсүнүн артында бардык катышуучулар – бири туруп, бири отуруп, бири асылып турганын көрдү.

Нурай отурду да, башталышын күттү. Конкурстун алып баруучусу – мотурайган май коңузу күнгө жалт-жулт эте жаркылдап:

– Кутмандуу күнүңүздөр менен, катышуучулар, коноктор жана урматтуу калыстар тобу! – деп үнүн бийик чыгарып, сөзүн баштады.

– Конкурсубузду баштайбыз. Ал үч тапшырмадан турат. Анын биринчиси – бардык катышуучулардын парады. Бул тапшырманын жеңүүчүлөрү сырткы келбети – чачынын жасалгаланышы, көйнөгү, сценада баса билүүсү боюнча тандалат. Даярдангыла, сценага чыккыла! – деп команда берди алып баруучу.

Параддын катышуучулары сцена боюнча ары-бери баса башташты. Токой тургундары өтүп жатышкан катышуучуларга колдон келишинче колдоо көрсөтүп жатышты.

– Көпөлөк сулуу, кандай кереметсиз, далыңызды түздөңүз, канаттарыңызды жайыңыз, жылмайыңыз,– деп кыйкырып жатышты күйөрмандар.

– Кымбаттуу муунак курт, тездеңиз, башыңарды өйдө көтөргүлө, азаматтар,– арт жактан сөздөр угулуп жатты.

– Чегирткелер, арышыңарды кенен таштагыла,– деп оң жактан бирөө кеңеш берип жатты.

– Урматтуу чегиртке, алдыга гана караңыз,– сол жактан колдоо тобу кыйкырып жатты.

Нурайга кезек жетип, ал да сценадан басып өттү, тагыраак айтканда, жөргөлөп өттү, өтүп баратып ал биринчи тапшырмадан кийин көп катышуучулар конкурстан чыгып калаарын түшүндү. «Кимдир-бирөө үчүн бул оор болоор, бирок мен үчүн эмес»,– деп ойлоду Нурай.

Жюриге мыктыны тандоо абдан кыйын болду, андыктан калыстык кылып, курт-кумурскалардын ар бир тобунан экиден өкүл калтырмай болушту. Мындай чечимге бардыгы кубанышты, көпөлөктөр менен ийнеликтер гана тынчыбай, өздөрүн эң сулуубуз дешип жана аларга көп орун берилиши керек деп талашып-тартышып жатышты. Жюри алар менен талашкан жок.

Конкурстун алып баруучусу, май коңузу – экинчи тапшырманы – өз чыгармачылыгын көрсөтүү деп жарыялады. Көпөлөктөр менен ийнеликтердин бийлерине бардыгы суктанышты. Жөргөмүштөр көз жоосун алган аба килемчелерин кантип токушаарын, ал эми жибек курттар жибек жиптерди кантип түйөөрүн көрсөтүштү.

– А мен эмнени көрсөтөм? – деп Нурай чоң апасынан сурагысы келди, бирок жалгыз келген болчу, кезеги келгенде, ал ырдап берди:

Айланкөчөк, айланкөчөк,
Айланып эл кайда көчөт,
Мен кайда учсам,
Ошол жакка көчөсүң.

Ал ырдап жатып, сценада ары-бери басып, бийлеп да жиберди. Аягында ал канаттарын жайды да, учуп кетти. Токой тургундары сценага чыккан бардык катышуучуларга колдоо көрсөтүп, кол чаап жатышты. Бирок негедир эл кайда көчөттүн чыкканына өзгөчө кол чабышкандыктан, Нурай кайра конгондо, уялганынан ого бетер кызара түштү.

– Мен кызыл түстө болгонум жакшы болуптур, уялганымды эч ким байкаган жок,– деп ойлоду ал.

– Эми үчүнчү, акыркы тапшырма,– деп үнүн бийик чыгарып айтты май коңузу.

– Биздин токой үчүн өзүңөрдүн жакшы жана пайдалуу ишиңер жөнүндө айтып бергиле,– деди алып баруучу.

Көпөлөктөр өсүмдүктөрдү жана гүлдөрдү кантип чаңдаткандарын айтып беришти. Жөргөмүштөр чымындарды жана токойдогу башка зыянкечтерди кантип өздөрүнүн желе-торчолоруна түшүргөндөрүн айтып беришсе, аарылар гүлдөрдүн ширесин соруп, бал жасашаарын, ал эми кумурскалар токойду тазалашаарын айтып беришти. Ал эми ийнеликтер бир сааттын ичинде жыйырма чымын жей алабыз деп мактанышты. Кырк аяк зыяндуу курт-кумурскаларды жеп, бакчага чоң пайда келтиргенин айтып берди. Биздин каарман – эл кайда көчөт Нурай да микрофонду алып, сөзүн баштады:

– Менин атым Нурай, мен апам жана чоң апам менен жашайм, мектепте окуйм. Менин турмушум демейкидей эле. Жайында мектеп алдындагы участокто волонтёр болуп иштейм, зыянкечтер менен күрөшүүгө жардам берем, мен аларды жейм,– деп акырын сүйлөдү Нурай. – Жашыл мителер – биздин жашылча, жемиштерге абдан зыян алып келишет. Жашылчалардын ширесин соргондуктан, алар чирип кетет.

Нурай унчукпай калды. Бардыгы уу-дуу боло баштады.

– Биз айтсак болобу? – ызылдаган үн угулду. Жюри сценага чыгып бараткан бир нече аарыны жана чегирткени көрдү.

Алардын бири микрофонду алды да, сөзүн минтип баштады:

– Биздин кызыл эл кайда көчөт абдан оор басырыктуу. Ал эми анын кайрымдуулук иштери жөнүндө көп нерселерди айтса болот. Билесиздерби, ал биздин «Терраса» балдар үйүнө акысыз жардам берет. Жай бою, андан кийин окуу убагында да ал бизге келип, бөбөктөрдү сууга түшүрөт, жомок окуп берет, сейилге алып чыгат.

Андан микрофонду чегиртке жулуп алды да, сөздү улантты:

– Ал кандай гана сонун ырларды ырдайт дейсиңер, бизге ыр окуп берет, туура отуруп тамактанганды үйрөтөт. Ал эми түнгө карай бешик ырларын ырдап берет!

– Ал бөбөктөргө өзү өстүргөн даамдуу кулпунай, жыттуу дан куурайдын мөмөсүн алып келип берет.

– Анын чоң апасы да жакшы, ал «саякат сүйүүчүлөр» кружогунда бөбөктөр менен иш алып барат,– деп кошумчалады чегиртке.

Ушул сөздөрдөн кийин дуулдаган үндөр күч алды. Конкурстун бардык катышуучулары жана чакырылгандар бир үндөн кыйкыра башташты: «НУРАЙ, НУРАЙ, НУРАЙ!»... ал тургай жюри да бири-бири менен кеңешпестен, эл кайда көчөттү, кичинекей кызыл коңузду бир ооздон «Сулуулар конкурсунун жеңүүчүсү» деп тандады. Конкурстун өткөн жылдагы жеңүүчүсү, көпөлөк Изабелла Нурайдын кичинекей башына королеванын таажысын кийгизди. Бул күндү дүркүрөгөн кол чабуулар, кучак толо гүлдөр, куттуктоолор, кубанычтуу күлкү коштоду.

Нурай үчүн бүгүн бактылуу күн, ал аны колдогону келгендердин бардыгына ыраазычылык билдирди. Ал түшүндөгү кайырчы кемпирдин «мен жакшылык кылган, жардам берип сунган колду тандайм» – деп айткандарын эстеди. Демек, жашоодогу эң негизги нерсе – бул сенин тышкы келбетиң эмес, сенин кылган эмгегиң.



## МАМАЛАК ЖАНА АНЫН ДОСТОРУ

Аюу үңкүрдө жалгыз калды. Бир аз мурда эле анын жашоосунда бардыгы жакшы болчу. Анын сүйүктүү аялы Аюша – камкор кожойке жана мээримдүү эне – бул чээндеги жайлуулукту камсыз кылчу.

– Эмне үчүн мындай болду? Чагылган учурунда эмне үчүн мен эмес, ал эски бактын астында калды? – деп Аюу бушаймanданып, суроолоруна өзү жооп таппай жатты.

Үйдөгү жайлуулуктун жана очоктун сактоочусу, шайыр жана келишимдүү аюу-апа өткөн жумада катуу жаанда өлдү.

Анын өлүмү менен чээнге кайгы келгендей болду, Аюу аны байкабаганга аракет жасады.

Бирок кайгы аны уктатпады, түнкүсүн ырылдоого, ал эми күндүз токойду аралап тентүүгө аргасыз кылды. Ал өзүн жоготуп койгондой болду, ичпеди, жебеди, көп учурда үн катпай, ойго батты. Анын уулу, мамалагы бар эле, ал апасы кайда кеткенин түшүнбөй жатты. Апасы эртең менен эрте туруп, мамалак үчүн эртең мененки тамакты даярдап берчү. Адатта бул бал менен нан болоор эле. Ошол күнү эртең менен Аюу-ата столго нан, бал салынган мискейди коюп жатып, мамалакты чакырды:

– Мамалак, тур, тамактаналы.

Мамалак көзүн ачты да, уйкусу ачылбай ордунан туруп, столго келди.

– Жуунуп кел, мен болсо сүттү кайната коёюн,– деди Аюу-ата.

Алар столго отурушту, Аюу-ата нанга бал сүйкөп, кружкага сүт куйду да, мамалакка сунду.

– Ме, нан же,– деди ал.

– Апасынын ар дайым: «Акырын, сүт ысык, оозуңду күйгүзүп алба»,– деп айткан сөзүн эстеп, мамалак ыйлап жиберди.

– Сен кайрадан эски ырыңды баштадыңбы. Мен ал сөздөрдү унутуп калдым. Андан көрө сен ыйлабачы, анте берсең сүт туздуу болуп калат,– атасы аны соорото баштады, бирок өзүнүн үнү каргылданып, көзүнө жаш тегеренди.

– Ата, сен өзүң ыйлабачы. Ушул түнү сен ары-бери оодарылып, «Аюша, Аюша» деп апамды чакырып жатканыңды укпадымбы, – деди Мамалак.

– Мен ыйлаган жокмун, мага суук тийип калыптыр, мурдум бүтүп кыйналбадымбы,– деп жүзүн буруп, алдады атасы. – Кичине жылуураак жата турсам жакшы болот эле.

– Ата, жатып эс ал. Мен сени дарылайм,– деп баштады мамалак. – Мен чоңойбодумбу. Мен сени үстүңөн жылуу төшөк менен жаап коём, өзүм болсо токойго барып, жапайы кулпунай терип келем. Апам мен жөтөлгөндө кулпунай кошуп, чай демдеп берчү.

– Барып кел, уулум, бирок абайла, токойдо ар кандай болушу мүмкүн. Кулпунай кайда өсөөрүн билесиңби? – деп сурады атасы.

– Табам. Менин Коён досум бар, ал токойдо эмне кайда өсөөрүнүн баарын билет. Сен жатып уктаганга аракет кыл, эс ал, уйку – эң жакшы дары эмеспи,– деп кудум эле чоңдордой болуп сүйлөдү Мамалак.

– Кулпунайды табаар менен, кайра эле үйгө кайтам. Мен анда кеттим – деди да, Мамалак чээнден чыгып, суу тарапка жөнөдү.

Аюу төшөктө жатып, Аалам-Энеге боорукер бала бергени үчүн чын жүрөгүнөн ыраазы болуп жатты, Аюшасын эстеп, ыйлап да алды. Ал азыр гана Аюшасын биротоло жоготконун түшүндү.

– «Колдо бар алтындын баркы жок», жоготкон соң ыйлап калабыз – кандай таамай айтылган сөздөр,– деп ойлоду Аюу. Ал ыйлап жатты, көздөрүнөн аккан ачуу жаш көзүн ачыштырды. Ал өзүнүн мурдагы жашоосунда болгон бардык жакшы нерсени эстеп жатты. Аюшанын өлүмү анын жашоосун экиге – ал бар кезге жана ал жок болгондон кийинки жашоого бөлүп салды. Мурдагы турмушта – ал күчтүү, жаш, шайыр эле. Ал бирге жашаган алгачкы жылды, мамалактын туулганын, биргелешип эртең мененки, түшкү, кечки тамактануулары, сууга түшкөндөрүн жана токойдогу сейилдөөлөрдү эстеди – бул жашоодогу кичинекей кубанычтар ал үчүн кандайдыр бир өзгөчө жарык чачкан мезгил эле. Ал жашын аарчып, улутунду: – Жашоодогу эң сонун учурларды баалай албаганыбыз кандай өкүнүчтүү.

– Эң жакшы нерселер мурдагы турмушта калса керек. Ооба,– деп угуза айтты. Ал чээнде кимдир-бирөө бар экендигин сезди. Ал туруп кетейин деди эле, бирок жетишпей калды. Бир кезде үн чыкты:

– Жат, сен ооруп атасың. Ыйлабачы. Коркпо, бул менмин, сенин Аюшаңмын.

Аюу уккан кулагына ишенбеди. Бирок бул үн ушунчалык тааныш эле, бул анын сүйүктүүсүнүн үнү болчу.

– Сен угуп жатканыңа таң калбай эле кой. Өлүм биздин денебизди гана алып кетээрин, ал эми биздин рухубуз бизди сүйгөн жүрөктөрдө сакталаарына мен эми түшүндүм. Сен бүт жума бою ыйлап, капа болуп, мени чакырып жаттың, мына мен келдим. Сага кыйын болду, түшүнүп жатам, сүйүүктүм. Кайраттуу бол, сен жалгыз эмессиң, сенде биздин Мамалак бар эмеспи. Ал боорукер жана күчтүү аюу болуп чоңоюп жатат. Анын мүнөзүн сыноочу мезгил келди. Биз ага жакшы тарбия бердик. Бүгүн эртең менен өзүн кандай көрсөткөнүн карачы. Ал сени жакшы көрөт, сен аны жакшы көрөсүң, бул экөөңөрдү тең күчтүү жана

5–814

жоопкерчиликтүү кылат. Сүйүктүүм, аюулар чыдамкай болуп, жоготууларды көтөрө биле тургандыгын көрсөтчү. Кайраттуу бол жана өзүңдүн алсыздыгыңды мамалакка көрсөтпө. Мен болсо силердин жүрөгүңөрдө, ойлоруңарда жана түштөрүңөрдө түбөлүккө жашайм,– деп акырын айтты Аюша.

– Кайдасың, бир көрүнсөң боло,– деп суранды андан Аюу.

– Мен силер менен бардык жердемин жана ошол эле учурда эч жерде эмесмин. Мени көргөнгө аракет жасаба. Мен сен кыйналганда келип турам, сен чакырсаң эле келем.

Аюу көшүлүп уктап кетти, ал түшүндө кичинекей Мамалакты терметип жаткан Аюшасын көрдү.

Бул учурда Мамалак токойдо өзү менен өзү сүйлөшүп бара жатты.

– Атам ооруп калды, ал эми апам жок,– анын көзүнө жаш тегеренди,– сен эмне, кичинекейдей ыйлайсың. Кана көз жашыңды аарчып, өзүңдүн аюу мүнөзүңдү көрсөт! – деп өзүнө-өзү катуу айтты. – Апам мага үйрөткөндөрдү эстөө керек. Ал мага: – «Турмушта баары болушу мүмкүн. Биз бул дүйнөгө келген конокпуз. Эгерде кырсыктап калсаң, ыйла, кайгыр, бирок андан соң өзүңдү колго алып, сен күчтүү экениңди жана колуңдан баары келээрин көрсөт»– деп айтчу эмес беле.

... Бул сөздөрдөн кийин Мамалак көңүлү ачылып, өзүндө пайда болгон күчтү жана жеңилденүүнү сезди. Ал Коёнго кантип келгенин байкабай калды.

– Коён, салам! Турмуш кандай?

– Ыракмат, менде баары жакшы. Силер апаңар жок кандай жашап жатасыңар? – деп сурады Коён.

– Билесиңби, атама суук тийип ооруп калыптыр. Мага жапайы кулпунай керек, сен мага аны табууга жардам берчи? – деп суранды андан Мамалак.

– Албетте, жүрү, алыс эмес жерде эле өсөт. Себетиң барбы? – деп сурады Коён.

– Унутуп калыптырмын,– деп жооп берди Мамалак.

– Эчтеке эмес. Менде себет бар, ал анча чоң эмес, бирок таза жана жаңы. Мага аны Кирпи белекке берген. Мен аны сага берейин, макулсуңбу?

– Макул,– деп жооп берди Мамалак.

Экөө токойду аралап жөнөштү, жолдо аларга Кирпи жолукту. Ал адатынча түйшүк тартып, жер-жемиш жана козу карындарды чогултуп жүргөн.

– Салам, Мамалак, салам Коён! Иштериңер кандай? Эмне жаңылык бар? Себет көтөрүп токойго эмнеге келдиңер? Ой, бул баягы мен сага берген себет эмеспи? – деп Кирпи суроолорду биринин артынан бирин берди. Коён буйдала түштү.

– Билесиңби, мамалактын атасына суук тийип ооруп калыптыр. Апасын болсо билесиң, уктуң беле,– деп сөз баштады Коён.

– Ооба, кырсык жалгыздап келбейт эмеспи. Атасы качан ооруп калыптыр? – деп сурады Кирпи.

– Ал ооруп жатканын мага бүгүн эле айтты. – Мамалак достору анын көз жашын көрбөсүн деп жер карады: – Мен аны төшөк менен жаап койдум да, жапайы кулпунай терип келейин деп кеттим. Апам ооруп калганда мага кулпунай менен демделген чай берчү. Ошондуктан жардам сурап Коёнго келдим.

– Жүргүлө, анда чогуу баралы,– деп Коён Кирпиге сунуш кылды.

– Жок силер бара бергиле, мен кышка кам көрүп жатам,– деди Кирпи.

Мамалак менен Коён Кирпиден алыстап, токойго ичкери киришти.

Бул учурда Кирпи Мамалакка кантип жардам беришти ойлоп жатты. Ал токойдун бардык жашоочуларын чакырып, алар менен кеңешүүнү чечти. «Бир баш жакшы, экөө андан жакшы. Андан да көп болсо, анда мамалакка жардам берүү абдан жөнөкөй болот» – деп ойлоду Кирпи.

Кирпи көк коңгуроого жетип, аны күчүнүн бардыгынча силкилдетти. Адегенде шүүдүрүмдүн тамчылары ар тарапка чачырады, андан соң сары жапайы аары учуп чыгып, коңгуроо шыңгырады. Биринчилерден болуп сары Тыйын чычкан менен жашыл Бака чуркап келишти. Андан соң Ташбака жана Эл кайда көчөт жетип келишти. Алардан кийин акылман Үкү учуп келди, анан Жора аттуу жөргөмүш келди. Эң акыркы болуп ак боз кунан Акнур чуркап келди. Бардыгы Кирпини тегеректеп калышты да, сурап киришти:

– Эмне болду? Өртпү же суу каптадыбы? Бирөө кырсыктадыбы? – деп Кирпиден жабалактап сурап жатышты.

– Тынчтангыла! Мага сөз бергилечи, – деп үнүн катуу чыгарды Кирпи. Бардыгы унчукпай калышты. – Мен азыр токойдон Мамалак

5*

менен Коёнго жолуктум. Алар жапайы кулпунай тергени бара жатышыптыр.

– Анан эмне болду? – деп сурады Бака.

– Эмне болду, эмне болду! Сөздү бөлбөгүлөчү! Өткөн жумада Мамалактын апасы кайтыш болуптур. Катуу жаанда аны эски бак басып калыптыр. Азыр атасы экөө жалгыз калышыптыр. Ага кошул-ташыл болуп атасына суук тийип, ооруп калыптыр. Азыр чээнде жалгыз жатат. Мамалак айтпай жатканы менен өзү да кайгырып жатканын байкадым. Андыктан баарыңарды чогултуп, силерден кеңеш сурайын дедим, анын кайгысын бөлүшүп, кантип жардам бере алабыз. Апа жок кандай оор экендигин баарыңар эле билсеңер керек.... – сөзүн аяктап, жөтөлдү.

– Бизди чакырганың жакшы болду,– деди акылман Үкү,– достор кырсыктаганда билинет эмеспи. Ушундайда жардам бербегенде, бир-бирибизге качан жардам беребиз. Кезектешүү уюштурсак кандай болот. Күнүгө арабыздан бирөө чээнге барып, Аюуга китеп окуп, ал эми Мамалакка жомок айтса кандай болот? Силер кандай деп ойлойсуңар? – сөзүн аяктады Үкү.

– Жомок айтып, китеп окуган жакшы го, бирок антүүдөн Аюу менен Мамалактын курсагы тойбойт да,– деди Ташбака. – Азыр убакыт барда аларга кышка кам көрүүгө жардам берүү керек.

– Жыйноо да керек! Чээнде жалаң эркектер болсо. Алар адатта жыйнаганды жаман көрүшөт эмеспи,– деди Эл кайда көчөт.

– Калетсиз сөз, тазалык – ден соолукка даба. Жыйнап, нымдуу тазалап-сүртүүнү сөзсүз жасоо керек,– деп кеңеш берди ак боз кунан Акнур.

– Баарыңар айтып бүттүңөрбү, кимдир-бирөө кошумчалагысы келеби? – деп сурады Кирпи.

Жаныбарлар унчукпай, акылман Үкүнү карап калышты.

– Биз негизги маселелерди талкууладык окшойт, эгерде жаңылары келип чыкса, чогуу чечебиз. Бүгүн Мамалакка ак боз кунан Акнур жана Эл кайда көчөт барышат. Чээнди тазалап, Аюу менен Мамалакты даамдуу тамак-аш менен түштөндүргүлө. Эртең Кирпи менен Ташбака барышат. Силер өзүңөргө даярдаган жер-жемиштерди, козу карындарды алып баргыла.

– Менде өткөн жылдан калган бал бар, ошону Мамалакка алып барса болобу? – деп сурады сары Тыйын чычкан.

– Мен жаңгак майын алып барам,– деди жөргөмүш Жора.

– Жакшы, жакшы, бирок үйдөн эмнени каякка алып бара жатканыңарды ата-энеңерге айтып койгула,– деди Үкү.

Ал эми токойдун тереңинде жүрүшкөн Мамалак Коён экөө, жапайы кулпунайдан себетке толтура чогултушкан эле. Алар ары-бери чуркап ойношуп, чайыттай тийген күндүн жылуу илебине, чымчыктардын сайраганына жана токойдун кеңдигине сүйүнүп жатышты. Коён кызыл четиндин бутактарынан үзүп алды.

– Четинди эмне кыласың, ал деген ачуу да, апам аны биринчи сууктан кийин үзүп алуу керек деп айтчу,– деди Мамалак.

– Жөн эле үзүп алдым, кооздук үчүн вазага салып коёбуз, көңүлдү көтөрөт эмеспи,– деди Коён.

– Мейлиң, эми кеттикпи,– деп сурады Мамалак.

– Кеттик.

Алар үйлөрүн көздөй көңүлдүү жана жайдары кайтышты. Алар токойдогу досторунун жыйынын, алардын Мамалактын үй-бүлөсүнө жардам берүүнү чечишкендигин, азыр чээнди тазалап-жыйнап жатышкандыгын али билише элек эле. Ак боз кунан Акнур тазалап жатты, ал эми Эл кайда көчөт козу карындан сорпо бышырып жатты. Аюу болсо идиш-аякты жууп, ыйлап жатты. Бирок бул сүйүнүчтүн көз жашы болчу. Бул көз жаш Аюунун жүрөгүн кайгыдан, жабыркоодон, коркуудан тазалап жатты.

– Досторуң көп болсо, кандай жакшы,– деп Аюу угуза айтты да, Аюшанын үнүн укту.

– Кандай жакшы, биздин үйдө мурдагыдай таза жана жылуу. Мамалак экөөбүздү боорукер коңшулар жана достор курчап турат. Биздин күч биримдикте,– деди да көптөн бери кайгырып жүргөн картаң Аюу биринчи жолу жылмайды.

Мамалак менен Коён чээнге чуркап киришип, досторун көрүп таң калышты.

– Силер бул жерде эмне кылып жатасыңар? – деп сурады Коён.

– Биз го иштеп жатабыз, силерчи? – деп сурады Акнур.

– Биз Аюу үчүн жапайы кулпунайдан себетке толтура чогулттук, ал ооруп калыптыр, – деди Коён.

– Ой мен сакайдым, чээнди тазалаганга жардам берип жатам. Акнур менен Эл кайда көчөткө ыракмат. Кулпунай үчүн Коён сага ыракмат.

– Биз аны чогуу чогулттук, андыктан Мамалакка да ыракмат,– деп жооп берди Коён.

– Мына эми, сорпо да даяр, үй таптаза. Аюу байке, биз баралы,– деп акырын сүйлөдү Эл кайда көчөт.

– Токтой тургула, мен эмне чайды жалгыз ичмек белем. Келгиле, дасторкон даярдап, чогуу түштөнөлү. Биз баарыбыз жакшы иштедик, эми тамактаналы,– деп сунуш кылды чээндин кожоюну.

Кечинде уктап калган атасын төшөк менен жаап жатып, Мамалак ойлонуп калды:

– Бүгүнкү күн өзгөчө күн болду, атам айыкты, Акнур менен Эл кайда көчөт чээнди тазалап, бизди даамдуу тамак менен сыйлашты. Ал эми Коён экөөбүз кандай сонун жапайы кулпунай чогулттук. Мен арабызда апам жок экендигин байкабай да калдым. Атам кечке көңүлдүү жана шайыр болду. Анын көптөн бери көңүлү ачылганын көрө элек болчумун. Эмне болуп кетти?

Сыноо деген эмне? Ал сени ылдый тартып, кайгырткан, таш салынган оор кап, андай болгон учурда коркуу жана өзүңө болгон аёо сезими болот. Же болбосо сени өйдө көтөрүп учурган жеңил жана күчтүү канат, анда өзүңө күч менен ишенични берет.

– Мен канатты тандайм! – деп өзүнө-өзү айтты да, Мамалак уктаганы жөнөдү.

Эртең менен ата-бала тамактанып жатып, экөө тең бир маалда:

– Бүгүнкү жаңы күндү жүзүбүздөгү кубаныч менен баштайлы! – деп күлүп жиберишти.

Эми алардын жашоосундагы бардык күндөр бактылуу болот, анткени жашоо керемет жана аны байкабагандык акылсыздык.



# СЫЙКЫРДУУ ТЕЛЕФОН

Кудайберген үшүгөнүнөн ичиркенип ойгонуп кетти. Ал жууркан-ды өзүн көздөй тартып, буттарын бүгөөр менен жанындагы агасынын сүйлөнгөнүн укту:

– Тартпа жуурканды, сен бул жерде жалгыз эмессиң. Мен да үшүп жатам, мага жакын жат.

Аны үйдөгүлөр Кудя деп аташчу, ал бери жылды эле, агасынын жанында жатканга бат эле жылый түштү.

– Тургула, чай кайнады, жумушка бара турган убакыт болуп кал-ды,– деп апасы катуу-катуу сүйлөдү.

– Эмне үчүн жумушка дейт, эмне үчүн апам мектепке баруу керек деп айтпайт? – деп өзүнчө ойлоп койду Кудя. Өзү менен теңчамал бал-

дар сабакка даярданып, мектепке кие турган кийимин кийип барышаарын, китеп окушаарын ал билчү. Ал өзү мектепке барган алгачкы үч жыл эң сонун күндөр экендигин эстей кетти. Мемиреген күндөр, май же кыям сүйкөлгөн нан, эртең мененки канттуу чай. Коңшу балдар үйгө чуркап киришип, саламдашып, аны мектепке шаштыраар эле. Мектеп эски, бир кабаттуу, согуштан кийин саман кошуп салынган эле. Бирок ошол жылдарда ал эң чоң, эң кооз имарат болуп көрүнчү. Мектептин директору дайыма окуучуларды короодон тосуп алаар эле, балдар кийимдерин оңдоп-түздөп, баш кийимдерин чечип, колуна кармап, үндөрүн катуу чыгарып учурашчу. Бул улууларды урматтоого жана мугалимдерди ызаттоого үйрөткөн салт эле.

Мектептен кийин алар үйлөрүнө тарап кетишчү. Жолду карай мектепте жүргөн убактагы болгон окуяларды жана адамдарды талкуулашчу. Бул куракта убакыт деле тез өтпөйт, ал анчалык деле бааланбайт, балдар аны ар кандай көргөн-уккан окуяларын айтышып, болбогон жерден талашып-тартышып, мектептин короосунда ары-бери чуркоо менен өткөрүшөт жана бул эч качан бүтпөйт деп ойлошот.

– Мен кеттим, чай муздап калат. Тургула! – деп апасы дагы бир жолу кайталады.

Кудя өзүнүн таттуу ойлорун бузуп, жуурканды четке түрттү да, кийине баштады. Агасы да турду. Кийинип алып, алар короого жуунганы чыгышты. Кол жуугучтагы суу жылуу экен.

– Сууну апам жылытып, кол жуугучка куюп койсо керек – деп ойлоду. Же болбосо декабрдагы суук күндөрү суу адатта муз болуп тоңуп калчу. Нан менен бир чыныдан чай ичишип, Кудя агасы экөө короого чыгышты. Кудя эски мээлейин кийди да, арабасынын кармагычынан бек кармап түртүп алып базарды көздөй жөнөдү.

– Мени күтүп тур, чогуу барабыз,– деп агасы өтүндү.

Түндө кар абдан калың түшкөн эле.

– Көптөн бери мынча кар жааган эмес,– деди агасы. Үйлөрдүн чатырлары, бактардын бардыгы аппак шейшепке оронгондой болуп, жолдорго ыргытылган кагаздар көзгө урунбай калыптыр.

– Ушул жааган кар биздин шаарды таштандылардан жана акырчикирден тазалап кетсе эң сонун болбойт беле,– деди айланага көз чаптырып Кудя.

– Ал жомокто гана болот.

Кар жааганга бардыгы сүйүнүп турушту. Кара каргалар менен селсаяктар гана урушуп, челектердеги таштандыларды чачып жатышты.

– Булар ачка, ошондуктан урушуп, чырылдап жатышат,– деди аларды карап Кудя.

– Алар бактысыз жана эч кимге кереги жок,– деп агасы жооп берди.

– Качандыр бир убакта алардын да турмушу жакшы болгондур, балким, бала чагында аларды деле жакшы көрүшсө керек,– деп өзүнчө ойлонуп койду Кудя.

– Апа, селсаяктар кимдер болушат? Алардын көпчүлүгү картаң деле эмес экен, эмне үчүн иштешпейт, орусча деле жакшы сүйлөшөт экен? – деп суроо бергени эсине түштү.

– Мен да көрүп калганда, алар жөнүндө ойлоном. Кудай бизге аларды көрсөтүп, «Иштегиле, изденгиле жана ишиңерди сүйгүлө, антпесе силер да ушундай болуп каласыңар»,– деп айткысы келип жатабы деген ой келет. Алар иштегилери келбейт, анан ошентип уламдан-улам ылдыйлап кете беришет. Кудайга ыракмат, биз кандай болуп калышыбыз мүмкүн экендигин көрсөтүп жатат. Жумушубуз бар, ал үчүн да ыракмат, иштеш үчүн Кудай бизге күч-кубат жана ден-соолук берсин,– деп апасынын айткандары эсине түштү.

Кудя он эки жашта, анын базарда иштегенине үч жыл болду. Апасы экөөнү шаарда он жылдан бери жашап жана иштеп жаткан агасы чакырган. Кудянын атасы шахтада иштеп жүрүп кайтыш болгон, ал кезде Кудя кичинекей болчу. Апасы мектепте мугалим эле. Алар шаарга келишкенде, апасы наабайканага иштөөгө аргасыз болду. Бул абдан ыңгайлуу болчу, анткени, бир чети ал жерде жылуу, бир чети апасы күнүгө жаңы бышырылган нан алып келчү. Агасы курулушта иштөөчү. Ал али үйлөнүп, өзүнчө үй-бүлө күтө элек. Апасы ар дайым ага айтаар эле:

– Али эрте. Сен 23 эле жаштасың. Аял алсаң, калың төлөө керек. Аны кантип беребиз, тапкан-ташыганыбыздын бардыгы жашаган үйгө кетип жатат. Уулум, чыдай тур, качан болсо да үйлөнсөң болот. Жашың деле өтүп кете элек. Кечирээк үйлөнсөң, кайра жакшы. Жаш аялды алып келе турган үйүбүз болот, анын үстүнө үйлөнгөн соң үй-бүлөнү да күтүү керек. Балдарың болот, аларды да багуу керек.

Агасы апасынын сөзүнө макул болгондой, унчукпай укчу.

Ошол күнү иш абдан көп болгондуктан, Кудя түшкө жакын абдан чарчап калган эле. Араба да эски, оор эле. Ал кардарлардын тамак-

ашын базардан машинага чейин ташып барчу. Үч жыл ичинде Кудя алардын үнүнөн жана сүйлөгөнүнөн эле кайсы адам боорукер жана берешен, кайсы адам орой жана сараң экендигин ажыратып, баамдап калган. Мына бүгүн да таң эрте орой, ага кошул-ташыл сараң адамдар туш келди. Алар баланын арык жана али жаш экендигине, орусча кээ бир сөздөрдү түшүнбөй калаарына карашкан да жок. Өздөрү да шашып, анын да шаштысын кетиришти. Анын арабасынын бир дөңгөлөгү кыйшык жана катуу болгондуктан, аңга түшкөн сайын чыкпай, уятка калтырып жатты, ушинткен сайын аны жылдырыш үчүн болгон күчү менен тартууга туура келип жатты. Ал өзүн-өзү жооткотуп:

– Шайтан араба, бол, бол эми, мени уят кылба,– деп анда-санда кобурап жүрүп отурду.

Кээде топтолгон элге:

– Жол, жол... – деп кыйкырып коёт.

Адамдар анын арабасына жана өзүнө ар кандай мамиле кылып жатышты.

– Адамдарга басаарга жол жок болуп атса, сен эмне арабаң менен бутка чалынып жатасың? – деп кээ бирлери күңкүлдөшсө, кээ бирлери аны коё берип, артынан: – «Ушулардыкы өттү»,– деп кыйкырып калышат.

Бирок, арасында аны аяган адамдар да кездешип калчу:

– Байкуш, кичинекей, арык болуп алып, араба сүйрөп жүрөт. Кудайым ден соолук берсин, жакшы адамдарга жолуктурсун.

Кудя бул бейтааныш адамдарга өзүнө карата жакшы мамилеси үчүн ичинен ыраазы болуп калчу.

Ал кезектеги жүктү машинага жеткирип барып, эс алганы отурду.

– Бүгүн негедир оор күн болду. Эртеден бери төрт жолу араба түртүп бардым. Эс ала турайынчы,– деп өзүнчө ойлонуп койду.

Бир маалда ал таягын түшүрүп алып, таппай жаткан азиз абышканы байкады. Адамдар ары-бери өтүшүп, ага назар салган эч ким болбоду. Кудя арабасынан турду да, абышканын жанына барды.

– Чоң ата, мына сенин таягың,– Кудя таякты көтөрүп, абышкага сунду.

– Ыракмат, уулум. Жолдун ары жагына өткөрүп коёсуңбу?– деп баладан суранды.

– Албетте, ата. Колунду бер,– деп жооп берди да, экөө чогуу катарлаш басышты.

Абышканын колу жылуу жана чымыр эле. Кудянын арык колдору жылый түштү да, ал андан келип жаткан ысык илепти сезди. Ал абышканы ээрчип кете бергиси келди, анын чымыр колдору аркылуу ага жетишпей жаткан аталык камкордукту сезди.

– Жолдон өттүк. Ыракмат, уулум, сен болбосоң, билбейм, жолдон кантип өтмөкмүн.

Ал колу менен Кудянын чачынан сылап койду:

– Балам, атасыз өсүп жатыптырсың. Ишиң да оор экен, сен али балапан бойдон экенсиң. Апаңа жардам бергиң келип жатканын көрүп турам, мээримдүү бала экенсиң. Мага көңүл бурганың үчүн сага төлөй турган эч нерсем жок. Бул телефонду ал. Ал жөнөкөй телефон эмес, сыйкырдуу телефон. Эгерде адамдарга жакшылык каалап жашасаң, бардык максаттарың ишке ашат. Жашоону сүйө бил жана өзүңдүн тегерегиңдегилер менен сүйүүңдү бөлүш. Ыракмат, уулум. Бар эми иште, арабаң ээн калды,– деп баланын колун коё берди.

Кудя базар тарапты карады да, өзүнүн арабасын көрдү.

– Менин нан тапкан арабам турат,– деп жылмайып, коштошоюн деп абышка тарапты карады. Бирок абышка көздөн кайым болуптур. Кудя колундагы уюлдук телефонду өңүмбү же түшүмбү деп, кайра-кайра кармалап көрдү.

– Чоң ата кайда кетти? – деп өзүнөн-өзү сурап жатты. – Ал учуп, же жок болуп кетпейт эле да. Же көзүмө көрүндүбү? Телефончу? Бул чыныгы телефон турбайбы. Мындай телефон менде эч качан болгон эмес.

Кудя базардагы адамдардан уюлдук телефон көрчү, менде да ушундай болсо деп ар дайым кыялданчу. Телефон ага кол жеткистей көрүнчү. Кудя аны шымынын чөнтөгүнө катып, күрмөсүнүн топчуларын топчулады да, арабасын жылмаюу менен түртүп, иштегени жөнөдү.

Кечки саат бешке чейин иштеп, Кудя үйдү көздөй шашты. Кышкы күн кеч чыгып, эртелеп батат эмеспи. Мына бүгүн да, шаар адатынча караңгылыкка чөмүлдү.

Кудя үйүнө келип, колун самындап жууду да, телефонду колуна алып, аны карай баштады.

«Кантип иштейт болду экен?» – деп ойлоду. Телефондун экраны күйүп: «Жашыл баскычты бас» деген жазуу чыкты. Кудя баскычты ба-

сты эле, кайрадан жазуу пайда болду: «Салам, Кудайберген. Менин атым Сэлл, мен сенин досуңмун. Керемет дүйнөсүнө кош келипсиң». Кудя таң калды. Бул телефон менин атымды кайдан билет. Аты да башкача экен. Анын көңүлү кийинки жазууга бурулду: «Эми кызыл баскычты бас». Кудя басты да, төмөнкүдөй жазууларды окуду: «Каалоолордун аткарылышы». Андан соң төмөнкүдөй үн чыкты:

– Кудайберген, мени жакшылап ук. Бул телефон сыйкырдуу. Жоготпой сакта. Эч кимге көрсөтпө да, эч кимге бербе. Бул сеники гана болушу керек. Бардык балдардай эле, сенин да каалаган ой-тилегиң, максатың бар. Максаттар ар кандай, абдан маанилүү, анча маанилүү эмес да болот. Бул телефон жакшы адамдын колунда гана иштейт. Андыктан сенин каалооloruң жакшы жана чын жүрөктөн чыгышы керек. Сен кимдир-бирөөгө, мейли ал жакын адамдарбы, же бейтааныш адамдарбы, аларга карата каалаганың аткарылат. Ошондуктан, өз каалоолоруңа этият бол. Бул сыйкырдуу телефон сенин ой-тилектериңе жооп кайтарат. Бир нерсе ойлогон сайын, сенин ойлоруң асманда пайда болот жана ар бир өтүп бара жаткан адам сенин оюңдагыны окуп биле алат. Андыктан өзүңө жана өзгөлөргө жакшылык гана каала. Бул сенин каалооloruңдун аткарылышынын башкы шарты.

Үн чыкпай калды. Кудя чекесиндеги терди сүрттү.

– Ушундай да болобу! Укмуш белек турбайбы! Чоң ата, сага ыракмат. Мен уккан кулагыма ишенбей турам. Менин сыйкырдуу телефонум бар, эмне кааласам, ошол аткарылат турбайбы! Ура, Ура! – деп Кудя катуу кыйкырды.

– Мен иштетип көрсөм болобу? – деп телефондон сурады.

– Ооба.

Ал кызыл баскычты басып, апасы бүгүн эрте келишин, момпосуй ала келишин каалады. Кудя телефонду шымынын чөнтөгүнө катты да, кечки тамакка картошка аарчууга киришти. Колуна бычакты жаңы эле кармаганда, эшик ачылып, апасы кирип келди.

– Апа, сенсиңби? Эмне бүгүн эрте келдиң? – деп сурады Кудя.

– Менмин, уулум. Бүгүн биздин башчыбызга эмне болгонун билбейм, негедир баарыбызды эрте коё берип, аялдардын баарына бир кутудан момпосуй берди. Ал тургай, Жаңы жылга карата баарыңарга белектер болот деди. Балам, мен бул наабайканада эки жылдан бери иштейм, мындайды биринчи жолу көрүп жана угуп жатам. Таңкалычтуу!

– Таңкалычтуу! – Кудя жылмайып койду. – Чын эле турбайбы! Каалоо аткарылды! Телефон Сэлл, сага ыракмат.

– Ой, сен ким менен эле сүйлөшүп жатасың? – деп апасы сурады.

– Эч ким менен. Мен жөн эле.

– Ооруп калган жоксуңбу? Чекеңди тосчу. Аябай тердегенсиң го. Бир жериң ооруп жатабы?

– Жок, апа. Мен базардан келгени чечине элекмин. Кийимди кабат-кабат кийип алгам, үй жылуу турбайбы. Мына азыр жылуу күрмөмдү чечейин, муздай түшөм.

Кечки тамактануудан соң, апасы менен агасы жаткандан кийин, Кудя телефонду алды да, кызыл баскычты басып, туугандарына, өзүнө бейпил түн, жакшы түштөрдү каалады. Телефондун экранын өөп, чөнтөгүнө салып койду.

Ошол түндөн тартып, Кудянын турмушунда кереметтер башталды, эгерде кимдир-бирөө бул жөнүндө мурда айтса, ал бул адамды акылынан айнып калды деп ойломок.

Таң атты, эртең мененки тамактан кийин апасы менен агасы жумушка кетишти, ал эми Кудя телефонун алды да, аны менен сүйлөшө баштады:

– Сэлл, сен абдан жакшысың. Мурда кайда жүрдүң? Менин атам жок, ал шахтада кыйроо болгондо кайтыш болгон. Ал менин эсимде жок. Апам айтты, ал кезде мен үч жашта экем. Эгерде ошондо сен мага жолуккан болсоң, атам жанымда болсун деп тилемекмин. Анда биякка да келбейт элек, өзүбүздүн кыштакта эле жашай бермекпиз. Апам да түйшүк тартып, кыйналып кетти. Ата деген ата да! Эх! – деп Кудя улутунду да, унчукпай калды. Ишке жөнөш керек деп, өзү менен өзү сүйлөшүп кийине баштады.

Ал базарга келээр менен иш аны кайгылуу ойлордон алаксытты. Дөңгөлөк катуу тартып, бүгүн иштегиси келбегендей араң эле айланат. Кудя сыйкырдуу телефонун колуна алды да, дөңгөлөк ийкемдүү болуп, аны угушун каалады. Ал «Каалоолордун аткарылышы» деген кызыл баскычка басты, дөңгөлөктү карады. Өзгөргөнүн деле байкаган жок. Качан гана кезектеги сатып алуучу жигит:

– Эй, бала, бери кел,– деп кыйкырганда гана, Кудя арабаны түртүп жатып, дөңгөлөк оңолуп, жеңил жана оңой эле жүрүп кеткенин сезди. Кудя:

– Ыракмат Сэлл, ыракмат,– деп айтканга гана үлгүрдү.

Чакырып алган киши колундагы тизмени улам карап, өзүнчө сүйлөнө азык-түлүктөрдү сатып алып жатты.

– Эт, сабиз, пияз, алманы алдым, анар, дагы эмне калды? Аа, нан, таттуу-тарап калган турбайбы. Ай, бала, таттуу-паттуу кайда? – деп Кудядан сурады.

– Алар лимондун жанында,– деп жооп берди да, четке чыкты.

– Азамат, жүрү кеттик. Сен кичинекей болсоң да, арабаңда жүк 20 кило болуптур, ал эми арабаңдын салмагы андан аз эмес. Оор эмеспи? – деп сурады ал.

– Жок, оор деле эмес. Мен көнүп калдым.

– Базарда качантан бери иштейсиң?

– Үч жылдан бери.

– Канча жаштасың?

– Он эки жаштамын,– деп жооп берди Кудя.

– Ооба. «Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» деген ушул. Бирок эч нерсе эмес. Сен шайыр жана ак көңүл экенсиң. Баары жакшы болот.

– Ыракмат, байке.

Кудя азык-түлүктөрдү машинага алып барды, ал киши кеткенден кийин телефонду колуна алды да, ал бейтааныш кишиге үйүнө береке жана ден соолук каалады. Кызыл баскычты жаңы эле басканда, аны далыга кимдир-бирөө катуу нукуду.

– Ай, эмне отурасың. Бол, тур. Базарда ары-бери жүрсөң, бири да көрүнбөй калат. Бас, кеттик,– деп кыйкырды аял.

Кудя үн катпай турду, арабасын түртүп, анын артынан жөнөдү. Аял сатуучулар менен соодалашып, улам бири менен урушуп жатты. «Ачуулуу аял экен. Күйөөсү, балдары кантип чыдайт болду экен?» – деп өзүнчө ойлонуп койду. Анын оюн аялдын ачуу үнү бузду:

– Сен эмне, сейилдеп жүрөсүңбү. Бол, батыраак. Мен ушунун баарын өзүмө алып жатат дейсиңби. Бүгүн мен жашаган үйдүн ээси конокторду чакырып жатат. Мен анда иштейм. Ким болуп дебейсиңби? Ашпозчу, үй тазалагыч, идиш жуугуч, анан дагы ал мени оокат сатып кел деп базарга жумшайт. Ушунун баарын жасап жатсам, мага жарыбаган тыйын төлөйт. Аябай чарчадым. Кудайым ай! Эмне үчүн бирөөлөргө бардыгын бересиң да, бирөөлөргө эч нерсе жок. Мына экөөбүздө эки кол, эки бутубуздан башка эч нерсе жок. Үйүмдө да эч нерсе жок. Анын

дасторконунан артканын үйүмө алып кетем. Ал эми үйүмдө болсо оорулуу энем менен мектепте окуган кызым бар. Турмушуң курусун, жашоом ушундай,– деп ыйламсырап, жашын аарчыды.

Арабага тамак-аш толтура салынгандан кийин, Кудя аны күчүнүн бардыгынча түртүп алып барды. Аял кеткенден кийин, ал телефонун колуна алды да, аялды ичинен аяп койду: «Апасы жакшы болуп кетсин, бүгүнкүдөй алган тамак-аш анын үйүндө да ар дайым болуп турсун. Өзүн сүйгөн жакшы адамга жолуксун, ал ага жөлөк болсун. Сүйүү жок, андыктан ал ыйлап жатат. Жумуш, кемсинүү, бирөөгө көз артуучулук көкүрөгүндө жашайт, андыктан турмушка кыжырданып туталанат. Ушунун баарынан арылсын».

Ал кызыл баскычты басты да жылмайып койду. Бул жакшы каалоолор сөзсүз ишке ашаарын ал билчү.

Кудя күн кантип өткөнүн байкаган жок. Ал адамдарды жакшы жана жаман деп бөлбөй калды. Адамдар коркуудан улам ачуулуу болоорун билди, ал аларды түшүнүп жана аяй баштады. Кудя адамдардын сүйлөшкөн сөздөрүн көңүл коюп угуп, алардын ар бирине аларга жетишпеген жакшы нерселерди каалай баштады. Бул өзүнчө эле жомокко окшош, кызыктуу оюнга айланды, мында ал айкөл сыйкырчынын ролун аткарса, сатып алуучулар – жигиттер менен сулуу кыздар, ал эми анын сыйкырдуу телефону – бардык каалоолорду аткарган сыйкырдуу таякча болду.

Кудянын да бир нерсе каалаганга укугу бар болчу. Анын көөдөнүндө көксөгөн максаты бар болчу. Ал аябай жакшы окуйм деп кыялданчу – мектепке кайрадан барууну көксөчү. Ал эми билим күч жана эркиндик берет. «Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» деген макалды эстеди. Ал окуганды абдан каалаган. Анын көксөгөн максаты – бардыгы пайдалана алгыдай телефонду ойлоп тапкан инженер-конструктор болуу эле. Ал өзүнө жөн гана үйдө калууну кааласа деле болмок. Ал үйдө уктап, эс алгысы келсе, баскычты басса эле, бардыгы аткарылмак. Бирок, ал анте албайт, анткени апасы наабайканада нан бышырса, агасы суукта курулушта иштейт. Ал өзү үчүн сурангандан уялды, анткени мындай телефон эч кимде жок экендигин билчү. Эчтеке иштеп таппай, башкалардан жакшы жашоону, момпосуй жеп эле, кино көрүп жата берүүгө ал өзүнө жол бере алмак эмес. Бул ал базарда иштеп жаткан мезгилде баамдаган турмуш чындыгы болчу.

Жаңы жылга чейин бир нече күн калгандыктан, Кудя күүгүм кирип, акыркы сатып алуучу калганча иштеди. Майрам алдында адамдар тамак-ашты абдан көп сатып алып, адаттагыдан берешен келишет.

Кудя апасына Жаңы жылдык белек жөнүндө ойлоду. Андан соң агасы жөнүндө ойлоп, анын эмне каалларын билбегендиктен, каалаган максатына жетишин тилеп, кызыл баскычты басты.

Кудя апасы жөнүндө ойлоду. – «Ал азыр деле жаш жана сулуу. Албетте, наабайканадагы иш базарга караганда жакшы. Бирок апам мектепке барып иштесе, кандай сонун болмок. Ал мурда жакшы мугалим болчу, анын сүрөтү айылдын мектебинде Ардак тактада илинип турчу. Апам кайрадан мектепке иштесин» – деген каалоосун айтты да, кызыл баскычты басты.

– Мына эми, апам жана агама белек бар. Жакшы болбодубу. Өзүмө болсо кайрадан мектепке барсам, анан чоңойгондо инженер-конструктор болсом – деп айтты да, «Каалоолордун аткарылышы» деген кызыл баскычты басты.

Эски жылдын акыркы күнү – 31-декабрь да келди. Эртең менен жумушка кетип жатып, апасы:

– Бүгүн бизде кыска күн жана эски жылды узатуу аземи болот, үйгө эрте келем, анан Жаңы жылды тосууга даярданабыз. Мага жардамчылар керек болот. Силер кандай дейсиңер? Эрте келесиңерби? – деп сурады.

– Биз дагы эски жылды узатабыз, биздин жетекчилер да эрте коё беребиз деп убада беришти,– деп жооп берди агасы.

– Мен да эрте келем. Буюрса, бардыгыбыз үйдөн жолугушуп, даярдык көрөбүз. Жакшы барып иштеп келгиле жана силерге жакшы белектерди каалайм,–деп айтып, Кудя үйдөн чыкты.

– Каралдым, белектер дейсиңби? Бизде кандай белектер болушу мүмкүн? Үйгө эрте келип, дасторконго таттуу-тарап сатып алыш керек,– апасы өзүнчө сүйлөндү да, жумушка шаша жөнөдү.

Бул күнү Кудя базардан оюнчуктары менен кичинекей жасалма балаты, апасына жылуу жоолук, агасына жылуу моюн орогуч сатып алды да, жаңы эле үйүнө кетейин деп жатканда, ага кайрылган жигиттин үнүн укту:

– Эй, бала, токточу. – Бул баягы ага баары жакшы болот деген киши эле: – Мен сени бир сааттан бери базардан издеп жүрөм. Жаш балдардан

сен эле жалгыз экенсиң десем, сендей балдар толтура турбайбы. Сен мага жагып калдың, кел, сенин арабаңа бир аз отуруп, сырдашалы. Мен Улан Жапаровичмин, Улан байке десең да болот. Мен мектепте директор болуп иштейм. Биздин мектеп жаңы жана абдан чоң. Мен сени биздин мектепке окууга чакырам. Мага сендей балдар керек. Сен канчанчы классты бүттүң эле? – деп сурады ал.

– Мен үч классты эле бүткөм,– деп уяла жооп берди Кудя.

– Эчтеке эмес. Окуганды, жазганды билесиңби?

– Албетте, билем. Мен өзүмдүн классымда эң мыкты окуучумун.

– Азамат! Базарда иштегениң андай деле жаман эмес. Бул сенин күнөөң эмес. Бирок базар деген базар. А сен окушуң керек. Анда эмесе мындай, каникулдан кийин апаң менен мага мектепке кел.

– Улан байке, апама силердин мектепте иштөөгө болобу?– деп өтүндү Кудя.

– Сенин апаң мугалимби?

– Ооба. Ал мектептеги Ардак тактада илинип турчу,– деп сыймыктуу жооп берди Кудя.

– Опей ай, мына кызык! Өзүң да мыкты окуптурсуң, апаң да Ардак тактада илинип турчу экен. Мага дал ушундай педагогдор керек. Бизде маяна акы жакшы, убагында төлөнүп турат. Апаңа айтып коё берсең болот, баары жакшы болот.

– Ыракмат, Улан байке.

– Болуптур анда, мен сени апаң менен чогуу биздин мектепте күтөм.

Далысынан таптап, Улан байке өз жолу менен кетти. Ал эми Кудя сыйкырдуу телефонун алды да, Улан байкеге ыракматын айтып, ага Жаңы жылды жакшы тосууну каалады.

Кудя үйүнө башкалардан эрте келди. Сырткы кийимин чечти да, балатыны столдун үстүнө орнотуп, анын түбүнө белектерин коюп чыкты. Жарым түн болгондо апасы, агасы, Кудя бири-бирин Жаңы жыл менен куттукташты. Апасы менен агасы өз белектерин алышты. Кудяга апасы жаңы ботинка, ал эми агасына жылуу кол кап тартуу кылды.

– Менин силерге жакшы жаңылыгым бар,– деди да, Кудя Улан байке менен болгон сөзүн апасына жана агасына айтып берди.

– Сонун белек экен! Мына баарыбызга жаңы жылдык белек! – деп апасы алаканын чаап, абдан сүйүндү. – Мен мектепке барып, кайрадан сабак өтүүнү ушунчалык каалагадым эле. Ура! Кудя, сени да мектепке

алышат. Кандай сонун болду! Кудайым, ушул бейтааныш Улан байкеңди колдосун, анын кеңпейилдиги, ак дили, жардамы үчүн ыракмат! – деп апасынын көзүнө жаш айланып, бактысына ишенбей турду.

– Менин да белегим бар! – деди агасы. – Бүгүн мени курулуш колледжине окууга киришимди куттуктаашты. Мен бул жөнүндө силерге эч нерсе айткан эмесмин, силерге жаңылык болсун дегем. Мен ишимди иштеп, сырттан окуйм. Окуумду курулуш фирмасы төлөмөй болду. Анан да Жаңы жылга карата бул сыйлык акчаны беришти. Биз аны ар нерсеге жумшабай эле, жайында чогуу Ысык-Көлгө эс алууга баралы. Менин айткандарым силерге жактыбы, макулсуңарбы,– деп агасы жылмайды.

– Бүгүн кандай кереметтүү күн! Жаңы жыл алдында, биздин тилектерибиз орундалды, бул кандай керемет! Кудай, белектериң үчүн сага ыракмат. Балдарым мага келгилечи, силерди кучактап, бетиңерден өбөйүн,– деди апасы.

Кудя түндөсү түш көрдү. Түшүндө ал кайрадан азиз абышкага жолукту, ал ага басып келип, чачынан сылап:

– Балам, мына эми сен каалаганыңды алдың. Сен кубанып турганыңды жана сенин үй-бүлөң бактылуу экендигин көрүп турам. Демек, телефонду сага бергеним абдан жакшы болуптур. Мен сенин боорукер жана калыс бала экениңди билгем. Сен эми кантип жашоо керек экендигин билесиң. Ар бир адамга жакшылыктын жана сүйүүнүн үрөөнүн сеп, албетте өзүңдү да унутпа. Жакшы нерсе жөнүндө гана ойлон, көкүрөгүңө таарыныч, кайгы-капа сактаба. Азыр эмнең бар болсо, ошого ыраазы бол. Сен баарына жетесиң. Сабырдуу, чыдамкай бол, сабырдын түбү сары алтын. Кош бол. Мен телефонду кайра алдым. Дүйнөдө мен жардам бергим келген балдар али көп. Ар дайым элпек, боорукер, максатка умтулган адам бойдон кала бер.

Эртең менен Кудя ойгоноор замат, түшүн эстеп, шымынын чөнтөгүн аңтарып, сыйкырдуу телефонду издей баштады. Ал бул болгону түш деп ойлоду, бирок телефон эч жерде жок болуп чыкты. Ал издегенин токтотту да, жүзүнөн нур тамылжып, бир нерсе түшүнгөндөй жылмайды:

– Чоң ата, ыракмат. Сыйкырдуу телефон үчүн ыракмат. Мен эми турмушта ар кандай нерсе болоорун билем. Мен анын бардыгын өзүмдүн ойлорум жана аракеттерим менен тарта алам. Мен өз тагдырыма өзүм кожоюнмун.




# ТУНУК ЖАНА АНЫН ОКУЯЛАРЫ

Үй музоо тууду. Бул анын төл башы болчу, үй анын күнөөсүз мой-молжуган көздөрүн карап, Тунук деп атады.

Ал жайдары, боорукер, ойноок болуп өстү. Апасы менен атасы аны Периште деп эркелетчү.

– Эмне үчүн менин эки атым бар, алардын кайсынысы менин чын атым? – деп ал тургай бир жолу сураган да болчу.

6*

– Чын атың – Тунук, ал эми төл башы наристелер дайыма периште болгондуктан Периштесиң,– деп апасы музоосун бодуракай тили менен жалап кирчү.

– Апа, болдучу эми, көп эле эркелетпей. Мен эми чоңойбодумбу, жакында мектепке барам – деп чоңдордой токтоо сүйлөчү Тунук.

– Болуптур, эркелетпейм,– деп күлүп жооп берчү Уй апасы.

Кечинде уктаардын алдында Бука атасы Уй апасы менен сүйлөшүп жатты:

– Убакыт учкан куштай тез өтөт турбайбы. Жакында эле Тунукту ээрчитип сейил багында сейилдечү элек, ал селкинчек тээп, балмуздак жеп жүрчү эле, эми минтип күзүндө мектепке барат.

– Ооба, өзгөнүн баласы тез өсөт деп айтышат эмеспи, өзүбүздүкү кантип өскөнүн байкабай калыптырбыз. Кызыбыз ойноок, мектепте тентектик кылбаса болду,– деди апасы.

– А ким тентектик кылбаптыр. Бала чакта кимибиз антпедик, кыялыбызды көрсөткөн жокпуз деп айта алабыз. Турмуш – өзүнчө мектеп турбайбы. Кантсе да үмүт менен жашайлы, балким кубанычтуу учурлар кыйынчылыктарга караганда көбүрөөк болоор. Кел, эми уктайлы,– деп сунуш кылды атасы.

– Түнүң бейпил болсун! – ага Уй жакшы түштөрдү каалады.

– Сага да бейпил түн, жакшы түштөрдү каалаймын,– деп жооп берди атасы.

Жай көз ачып-жумганча тез эле өтүп кетти. 1-сентябрь да келди – мектептеги сабактар башталган биринчи күн. Тунук ак алжапкычы менен мектеп көйнөгүн, ак гольфы кийди, башына ак бантик байлап, колуна портфелин жана гүлдестесин кармап, күзгүгө жакын келди.

– Мен ханзаадамын, жок, ханышамын! – деп Тунук өзүнүн күзгүдөгү чагылып турган элесин аба аркылуу өөп койду.

Апасы менен мектепке жакын келгенде, Тунук өзүнө тааныш жана тааныш эмес айбанаттарды көрдү, алардын бардыгы жакшынакай кийинишип, көңүлдөрү жайдары эле.

Кечинде үйгө келгенде атасы мектептеги биринчи күн кандай өткөнүн сурады.

– Адегенде коркуп, бир аз ыңгайсыздандым, андан кийин бат эле бардыгы менен таанышып, достошуп алдым. Мектеп мага жакты,– деди Тунук.

– Сен чоң кыз болдуң, эми жаңы турмуш башталат. Ар кандай тапшырмалар, ачылыштар болот. Бир сөз менен айтканда, ар кандай окуяларга дайыма даяр болгун,– деди Уй апасы.

– Мен даярмын,– деп жылмая жооп берди музоо.

Окуялар көпкө күттүргөн жок. Бир нече күндөн кийин эле Тунук чоң айнекти портфели менен сындырып алып, апасын мектепке чакыртышты.

– Мен кызыңар тентегирээк экенин түшүнүп турам, бирок ал өзгөрүп, тартибин оңдоп, оор басырыктуу болбосо болбойт. Антпесе, ал эркек балдар сыяктуу мушташып, эч кимден коркпойт экен.

– Биз аны менен үйгө барганда сүйлөшөлү,– деп убадасын берди апасы.

Кечинде ата-энеси Тунук менен олуттуу сүйлөшкөндөн кийин, ал өзүнүн сүйүктүү оюнчугу маймылды кучактап алып:

– Маймыл, сага жакшы. Сен эртең менен эрте турбайсың, сабактарды жасабайсың, оор портфель көтөрбөйсүң, анан дагы сабакта бардыгын түшүнгөнсүгөн түр жасап, тынч отурбайсың. Билесиңби, кээде класста отурганда кыйкырып, партага чыгып, китептерди тыткым келет. Бирок эмки жолу апамды эмес, атамды мектепке чакыртышат, ал эми атамдын болсо жини чукул. Менин жашоом ушундай оор,– деп оюн айтып, бышактады.

Ал уктап калгандан кийин, маймыл түнкү кеңешти чакырды. Ал портфелди, китепти, дептерлерди, карандаш салгычты карандаштар менен, калемсапты ойготуп, алжапкыч менен мектеп формасын да чакырды, саатты да унуткан жок.

– Бейпил түнүңөр менен! – деп баштады маймыл. – Мына бүгүн Тунук мага өзүнүн мектептеги кыйынчылыктарын айтып берди, ыйлап жатып уктап калды. Мен болсо уктай алган жокмун, анткени мен аны туулгандан баштап билем. Ал өзү ойноок, куурчак ойноп, көчөдө чуркай турса болмок. Бирок мектепке барчу убакыт келип жетти. Ал эми мектепте тартип башка. Ошондуктан мен силерден биздин музоого мектептеги биринчи жыл жеңил болгудай жардам берип коюшуңарды суранам.

– А биз эмне кыла алабыз? – деп сурады Саат.

– Саат, сен аны өз убагында ойготуп тур, ал эми кечинде чырылдап, сабак окуш керектигин эскертип тур,– деп түшүндүрдү маймыл.

– Бул мага кыйынга деле турбайт. Мен так жана өз убагында чырылдап турам,– деп ишендирди Саат.

– А биз эмне кылалы? – деп сурашты китеп-дептерлер.

– Ал эми силер, кымбаттуу китеп, дептерлер, калем салгыч менен калем сап кечинде портфелге чогулгула, антпесе биздин Тунук кээде силерди салганды унутуп коюп жатат, ошонун айынан мектепке да кечигип калууда,– деди маймыл.

– Ушул эле болсо, анда биз муну жасай алабыз,– деп алар ишендиришти.

– Биз эмне кылаарыбызды билебиз,– дешти алжапкыч менен көйнөк. – Мектептен кийин биз шкафга тыкан илинебиз, ал эми эртең менен стулдан күтөбүз.

– Эң жакшы, эң жакшы,– деп алакан чаап жиберди маймыл. – Биздин Тунукка силер менен оңой болот. Силер биздин үйдөгү эң акылдуу буюмдарсыңар. Тунукка жаңы турмушка көнүү үчүн убакыт берели. Эмесе, бардыгыңарга бейпил түн каалайм жана түшүнгөнүңөр үчүн ыракмат,– деди маймыл.

Ушул күндөн тартып, Тунукта бардыгы сонун болду. Ал мектепке кечиккен жок, сабактарды өз убагында жасап жатты, ар дайым таза көйнөк кийип, эң мыкты бааларды алып, ата-энесинин мактоосуна татып жүрдү.

Бир күнү алардын классына жаңы окуучу келди. Ал Эшектин баласы сур Такай эле. Түштүктөн келгени анын сүйлөгөн сөзүнөн жана баскан-турганынан байкалып турду. Ал класска бат жуурулуша алган жок, анын достору жок болчу жана сабактардан да кыйналып жүрдү. Танаписте ал жалгыз калчу, адатта анын кулагы шалпая түшүп, мектептин бакчасына жөнөчү. Ал жакта ал секирип, ары-бери чуркап ойноочу. Бир күнү танаписте анын жанына Тунук келип, аны менен сүйлөшө кетти:

– Салам, менин атым Тунук. Сен түштүктөн келдиңби? Мен ал жакты такыр көрө элекмин. Ал жакта кызыктуу эмнелер бар? – деп сурады ал.

– Менин атым Такай. Менин үй-бүлөм түштүктө жашачу. Ал жакта жылуу, жакшы, таттуу жүзүм, коон жана инжир өсөт.

– Жүзүм менен коон бизде деле өсөт, биз жакта инжир өспөйт,– деди Тунук.

– Ушул да жүзүмбү? Бизде өскөн жүзүм жарымы шекер, жарымы бал,– көзүн жуумп, ал жакта өскөн жүзүмдү эстеп жылмайды.

– Муну кара, жыргаганынан тим эле көзүн жуумп жиберди,– деп күлдү Тунук,– биздин мектеп сага жагабы?

– Мектеп – бул жакшы. Ал абдан керек, атам айткандай, мурда колбут, далың эмгек кылса, азыр баш – эң негизги кызматкер! «Окуу, билим – негизги товар!» – деп атам дайыма айтат.

– Атаң эң туура айткан. «Билим – бул күч» деп менин да атам айтат, анык туура – деп макул болду Тунук.

– Аталар дайыма туура айтышат, азыр биз ишенгибиз келбеген менен, убакыт өткөн соң ушунун бардыгы туура болуп чыгат,– деди Такай.

– А сен каякта жашайсың? – деп сурады Такайдан Тунук.

– Биз эски кара жыгач өскөн, жашыл базардын жанында жашайбыз.

– А билем,– деди музоо. – Сен эмне мынчалык арыксың?

– Өткөн кышта мен катуу ооруп, өлүп кала таштадым. Апам ыйлап, түнкүсүн жалынып жатты. Атам мени ооруканага алып барып, өзү күнүгө келип, ахыбалымды сурап жүрдү. Ошондо алар мени аябай жакшы көрөөрүн жана аларга керек экенимди билдим. Мен өзүмө-өзүм: «Сен тез айыккын. Атаң да, апаң да тынчсызданып, түнкүсүн уктабастан келип жатышат, аларга жардам бергин»,– деп айтып жаттым. Ар кандай дары-дармектерди ичип, көп уктап, тамакты күчтүү-күчтүү жеп жаттым, ошентип сакайып кеттим. Эң негизгиси – айыгаарыма ишендим жана өзүмдүн секирип ойногонумду, ата-энем менен чогуу жүргөнүмдү элестетип жаттым. Ошентип аларды көп кайгыртпай, сакайып кеттим, эми минтип мектепке барып жатам. Бул жерде абдан жакшы, окуу гана бир аз кыйын, көп нерсени түшүнбөйм, ал эми сурагандан уялам. Таарынтып коюшабы деп корком. Өзүм баарын түшүнгүм келет,– деп сөзүн бүтүрдү Такай.

– А сен азаматсың, эгер түшүнүксүз болсо, сура. Биз азыр биринчи класста эле окуйбуз жана баарыбыз биринчи жолу келдик. Эгерде сени кимдир-бирөө таарынтса, мага айт, мен эч кимден коркпойм,– деди Тунук.

– Сен кызсың да, мен сенден кантип жардам сурайм. Ыракмат, мен өзүм аракеттенейин.

– Мейлиң анда,– деп жооп берди музоо.

Ошол күндөн тартып алар достошуп калышты жана Тунук түштүк жөнүндө, анын жашоочулары, каада-салттары жана тарыхы жөнүндө көп нерселерди билди. Ал күнүгө Такайды үйүнө чейин узатып, анын өжөрлөнгөнүнө карабастан портфелин көтөрүшүп жүрдү. Тунук ооруп жаңы эле айыккан Такайды күч топтоп ал деп ынандырды. Кээде аны сабакка даярданабыз деп үйүнө чакырып жүрдү.

Мектепте аларды «кыз-күйөө» деп атай башташты. Бирок Тунук менен Такай бул тамашаларды байкашкан жок.

Бир жолу мектеп багында аларды чоң класстагылар тегеректеп алышып, «Кыз-күйөө, кыз-күйөө» деп шылдыңдап жатышты. Музоо – күйөө, Такай – кыз. Мына кызык тамаша. «Тунук, сен анын портфелин көтөрүп, аны коргоп, жардам берип жүрөсүң, ал болсо кызга окшоп алсыз жана акылы жок!» – деп күлүп жатышты. Алар Тунуктан портфелин жулуп алышып, аны менен Такайды ура башташты. Такай алардын урганын жана келекелеп күлгөнүн унчукпай көтөрүп жатты, бирок көзүнүн жашы гана анын кайгысын билдирип турду. Тунук ыйлаган бойдон үйүнө чуркап кетти. Ал айбанаттар эмне үчүн ушунчалык катаал, таш боор экендигин жана башкалардын көз жашы жана алсыздыгы эмнеге аларга ыракат жана кубаныч алып келээрин такыр түшүнө албады.

Кечинде ал бардыгын ата-энесине айтып берди. Ал айтып жатканда ыйлап, нааразы болуп, ачууланып жатты.

– Апа, ата, эмне үчүн ушунчалык мерез айбанаттар бар? – деп сурап жатты.

– Кызым, биз бардыгыбыз ар кандайбыз. Эч ким катаал жана ачуулуу болуп төрөлбөйт. Жөн гана аларды эч ким сүйбөйт жана эч ким байкабайт. Ошондуктан алар жакшы экендигин көрсөткүлөрү келет, бул жерде жөн гана аларда болгон жакшы жактарды көргөнгө аракет кылуу керек. Ал эми жакшы жактар аларда бар. Алар жамандык кылуу – күч, ал эми жакшылык кылуу – алсыздык деп ойлошот,– деп кошумчалады атасы.

– Сен аларды кечирип кой, алар алсыз жана жалгыз болушат.

Тунук маймылды кучактап жатып, Такай жөнүндө, мектеп багындагы окуя жөнүндө айтты.

– Маймыл, мен Такай үчүн корком. Ал мектепке келбей койсо, эмне кылам. Анын ата-энеси аны абдан жакшы көрүшөт жана анын акылдуу

жана күчтүү болушун каалашат. Ага кантип жардам берсек болот? – деп өзүнөн-өзү сурап жатты.

Тунук сүйлөнүп жатып уктап калды, ал эми маймыл ойлонуп жатты.

– Такай, биздин Тунуктун досу, демек менин да досум. Ал эми досуң кырсыкка кабылса, ага жардам берүү керек. Ага айбаттуулук, ачыктык, ак ниеттүүлүк жана аракеттенүү керек. Бардыгы А тамгасы менен башталат. Ура, мен таптым! Ага А ВИТАМИНИ керек. Өткөн кышта Уй апасы ооруп калганда ал алсыз, үнсүз болуп, абдан капалуу болчу. Доктур ага А витаминин жазып берген, апасы аны ичкенде тез эле сакайып кеткен. Маймыл энциклопедиядан А витамини сүрөттөлүп жазылган бетти ачып, музоонун жанына барып жатты.

Эртең менен саат демейкиден эрте чырылдады, Тунук мектепке бара жатып, ачылган китепти көрдү.

– А витамини? Апа, апа, А витамининин эмнеге кереги бар? – деп сурады.

– Ой, бул сонун жана абдан керектүү витамин. Өзгөчө ал оорудан кийин алсырагандарга, күч жана акыл эмгеги менен иштегендерге абдан керек. Сага анын эмне кереги бар? – деп сурады апасы.

– Түн ичинде кимдир-бирөө энциклопедияны окуп, анын ушул бетин ачык калтырып коюптур. Балким бул кокусунан эместир. Балким ушул сонун витаминди Такайга берүү керек?

– Ой, бул жакшы идея! Ал анын ден-соолугун чындап, көңүлүн көтөрөт, ага күчтүүлүктү жана эр жүрөктүүлүктү кайтарат, эч нерседен коркпой калат,– деп бүтүрдү сөзүн Уй.

– Апа, сен витаминдердин пайдасы жөнүндө лекция окусаң болмок,– деп айтты да, Тунук апасынын бетинен өөп, мектепке чуркап кетти.

– Лекция дейсиңби, эмне үчүн болбосун. Тема да жакшы экен, анын үстүнө витаминдер – бардык оорулардын алдын алуу үчүн колдонулат эмеспи. Ооруну дарылагандан көрө, алдын алуу алда канча жеңил эмеспи,– деп айтты да, апасы энциклопедияны окуп кирди.

Тунуктун кеңеши боюнча Такай А витаминин иче баштады жана өзүн алда канча жакшы сезип калды. Ал күч топтоп, сергек жана ишенимдүү боло баштады. Ал сабактарды көңүл коюу менен жасап, бардык танапистерди Тунук менен мектеп багында өткөрүп жүрдү. Бир жолу алар үйгө баратканда, Такай Тунуктун портфелин сурады.

– Аны эмне кыласың? – деди ал.

– Карызды берчү убакыт келди. Сен дайыма менин портфелимди көтөрчүсүң, ал оор жана чоң. Эми менин күчүм толду, сенин да, өзүмдүн да портфелимди көтөрүү мага кыйын деле эмес. Мага бер,– деди Такай.

Тунук ага эки портфелди берди да, минтип айтты:

– Билесиңби, баягы мектеп багындагы окуядан кийин мен өзүм үчүн эмес, сен үчүн коркуп кеттим. Сени мектепке келбей коёт деп ойлодум эле. Мен бардыгын ата-энеме айтып бердим, ал эми эртең менен мектепке келе жатканда, ачылган энциклопедиядан А витамини жөнүндө окудум. Бул кандайдыр бир сыйкырдуу күч!

– Мен да ушул жөнүндө ойлодум. А витаминин ичкенден кийин күчүм толгонун сездим, эми мектепти аяктасам, фармацевт болууну ойлоп жатам. Мен жаңы витамин – С витаминин, демек сүйүү витаминин ойлоп чыгарайын деп чечтим. Ал витаминди ичкендердин баары таш боор болбой, коркууну, жек көрүүнү жана оройлукту унутуп калышат. Алар өздөрүн жана айланасындагыларды жөн гана сүйүшөт.

– А мен болсо ошол витаминди сатам, – деди да Тунук күлүп жиберди.

Уктаардын алдында Тунук маймылын кучактап, ага болгон жаңылыктарды айтып берди:

– Билесиңби, Такай доктур болот, анан ал азыр дүйнөдө жок жаңы С витаминин ойлоп табат. Мен аны менен сыймыктанам. Ал А витаминин ичти, азыр ал ак ниет, айбаттуу, акылдуу, аракетчил болуп калды, эң негизгиси – ден соолук, сүйүү, ийгилик жана кубаныч. Сени жакшы көргөн досторуң бар болсо, жашоо кандай сонун, – деп өзүнө-өзү жылмайды.

Тунук уктап калды, ал эми маймыл анын жашоосунда болуп жаткан жагымдуу окуялар үчүн Аалам-Энени алкап жатты.

Алар аны эң негизгиге – коркпоого үйрөттү. Анткени окуялар – бул туура түшүнүлгөн жагымсыз жагдай, андан туура жыйынтыктарды жасоо керек. Ал эми жыйынтык бир – жасалган нерсенин бардыгы жакшылык үчүн жасалат!



# ТУУЛГАН КҮН

Жоогазын деген гүл жашаптыр. Бул мандалак кыз эле. Ал жыл сайын бийик тоодо кайрадан жаралып өсчү. Быйыл жайда да, күнөстүү күндөрдүн биринде ал адаттагыдай эле ойгонду. Анын ичке, бирок катуу сабакчасындагы эки бышык, сүйрүсүнөн келген жашыл жалбырагы ага кол болуп кызмат кылчу. Жоогазын абдан татынакай эле, анын на-

зик, жашыл гунчасы эртең менен ачылганда, ачык кызыл жети желекчелери бүт дүйнөнү сулуулукка бөлөгөндөй сезилчү. Анын түсү назик кызгылтым келип, кирпиктери кара, узун, ийилген, мурду кичинекей, кырдач жана жылмаюусу сүйкүмдүү эле. Ал кулпуруп, ар бир беш мүнөт сайын жибек чачтарын оңдоп-түзөп, көзүн сүзүлтө, сүйүнгөнүнөн үнүн катуу чыгарып шаңдуу сүйлөдү:

– Мен кайрадан курчап турган айлананы, көгүлтүр асманды, куштарды жана булуттарды көрүп жатам. Жашоо кандай сонун! Бул керемет дүйнөдө жашаган кандай сонун! Ах, шамал, катуу сокпочу, антпесе менин чачым бузулат. Мен өзүмдүн Туулган күнүмдү бир жыл күтүп, даярдандым. Мына бүгүн бул күн да келди.   Ура, ура!

Жоогазын башын термелте жылмайып, быйылкы Туулган күндү кантип өткөрүүнү ойлонуп жатты. Мурда бул күндү өткөрчү деле эмес, былтыр Ийнелик сулуу анын майрам экендигин айткан.

– Келишимдүү Жоогазын, мен жыл сайын сенин сыйыңды көрөм. Мен сенин шириңди ичип, сулуулугуңа суктанып, желекчелериңе отуруп эс алам. Мен сага ыраазычылыгымды билдирейин дедим эле. Сен ушунчалык сулуусуң, белектерге жана куттуктоолорго гана татыктуусуң, – деп Ийнелик сөзүн баштады да, адамдар туулган күндү кантип белгилешээрин айтып берди.

– Адамдар – булар чоң ийнеликтер, бирок алар уча алышпайт, анткени алардын канаттары жок жана өздөрү абдан чоң. Мени бир жолу соккон шамал ылдый өрөөнгө учуруп, адамдар жашаган үйгө туш кылды. Адегенде мен каякка келгенимди билбей чочуладым. Бирок эки жагымды карагандан кийин коркпой калдым. Мага эч кандай коркунуч жок экендигин түшүндүм. Үйдүн ортосундагы чоң бөлмөдө чоң үйлөмө шарлар илинип туруптур. Алар ар кандай түстө болгондуктан, бөлмө ичи абдан көркөмдүү экен. Мен ачык форточкада отургандыктан, мага бардыгы көрүнүп турду. Үйдө адамдар кымкуут болуп, алардын күлкүсү, сөздөрү угулуп жатты, ал эми коңшу бөлмөдөн жагымдуу жыт келип жатты, айтор гүлдүн жытыбы же  таттуу нандын  жытыбы, билбедим. Үйдүн азем көйнөкчөн кожойкеси аны Туулган күнү менен куттуктаганы келген конокторду жана туугандарын тосуп алып жатты. Бардыгы гүл жана белек берип жатышты, ден-соолук, ийгилик, дагы көп жакшылыктарды каалашып, коноктор менен кожойке жолугушуп баарлашкандарына сүйүнүп, бири-бирине тамаша айтып, күлүп жатышты. Бул

майрамды белгилөө керек деп ойлойм. Туулган күн жылына бир эле жолу болот эмеспи, ал эми кийинки жылга чейин дагы жашоо керек. Бул өзгөчө мага тиешелүү, анткени мени чымчыктар жеп коюшу же балдар кармап алышы мүмкүн. Ал эми сени кайсы бир жаныбар жеп коюшу же басып алышы мүмкүн. Андыктан Туулган күндү майрамдоо – абдан маанилүү деп эсептейм!

Ийнелик ушуларды айтып учуп кетти, ал эми Жоогазын катуу ойлонуп калды.

– Ийнелик туура айтат, – деди үнүн чыгарып Жоогазын. – Өмүр – бул чоң белек, сен жашап жатканың жана зыянга учурабаганың үчүн аны күнүгө белгилөө керек. Уйкудан таң эрте ойгоноор менен бул дүйнөнү көрүп, угуп жана сезгениң, кыймылдаганың жана бул жашоодо ой жүгүрткөнүң үчүн кубанышың керек. Ал эми мындай мүмкүндүк баарына эле берилбейт, андыктан жашоонун ар бир ирмемин баалай билүү керек. Анткени мен кайрадан төрөлүшүм үчүн, бул кыска жайда ийгиликтүү жашап, кыштын суук күндөрү тоңуп калбашым керек жана жаз келгенде өткөн жылдагы жалбырактардын арасынан суурулуп, нымды сиңирип, күч топтоп, анан бир күнү таң эрте бул керемет дүйнөдө ойгонушум керек.

Ооба, ооба, мен Туулган күнүмдү белгилейм! Мени тааныган, таанымагандардын бардыгын чакырам. Биз тирүүчүлүктө ойнойбуз, ырдайбыз, тамаша айтабыз, көңүл ачабыз!

Жоогазын өзүнүн жашоосундагы жаңы идеяга абдан кубанып, бул окуяны кийинкиге калтырбастан, тез арада майрамдоону чечти.

Ал мээримдүү шамалды чакырып, аны менен кеңешүүнү ойлоду. Шамал жоогазындын чакырганын угуп, тез эле учуп келди. Ал аны сырдана сүйчү жана анын чакырганына абдан кубанды.

– Саламатсызбы, мээримдүү Шамал! Мен өзүмдүн Туулган күнүм жөнүндө сиз менен кеңешүүнү чечтим, – деп сөзүн баштады Жоогазын.

– Туулган күн? Ал кандай болот? Эмне үчүн мен эч нерсе билбейм? – деп толкундануу менен сурады Шамал.

– Тынчтаныңыз. Албетте, сиз бул эмне экендигин билесиз. Бул күнү жакшы сөздөр, каалоолор айтылат, бардыгы конокко келет.

– Анан эмне болот?

– Коноктор белек тартуулашат. Бирок бул маанилүү деле эмес.

– Анда эмне маанилүү? – деп сурады Шамал.

– Бул күнү айтылган каалоолор маанилүү.

– Каалоо менен белек – бир эле нерсе эмеспи?

– Мен али билбейм, бул менин биринчи Туулган күнүм. Албетте, мен мурда деле жаралчумун, бирок анда бул менин өмүрүмдөгү эң маанилүү майрам экендигин биле элек болчумун,– деди Жоогазын.

– Ооба, биринчи жолу дайыма бир аз коркосуң жана оңтойсуз болосуң. Мен да өзүмдүн Туулган күнүмдү майрамдасам болобу? – деп сурады Шамал.

– Сиз эмне жыл бою жашабайсызбы? – деп сурады Жоогазын.

– Жок, тилекке каршы, биз өлүп калабыз, анан бактыбызга жараша кайра-кайра жаралабыз. Биз жайкы шамалбыз, бизди күзгү шамал алмаштырат, ал эми аларды кышкы ызгаардуу шамал алмаштырат. Андыктан биз да жашоо салтанатынын керемет майрамын белгилесек болот.

– Анда сиз да Туулган күнүңүздү өткөрсөңүз болот. Бирок адегенде меникин өткөрөлү, андан соң сиздикин өткөрөбүз, кандай дейсиз?

– Макулмун,– деди Шамал. – Сен мени кеңешкенге чакырдыңбы? Сен кандай кеңеш күтүп жатасың? – деп сурады Шамал.

– Мен өзүм деле аныгын, эмне кылуу керектигин билбейм. Бирок, адегенде чакырылган коноктордун тизмесин түзүү керек деп ойлоп жатам.

– Бул күнү сен өзүң кимдерди көргүң келип жатат? – деп кызыга сурады Шамал.

– Албетте, сизди, ушул майрамды айткан Ийнеликти чакырам. Күндү, Айды, Жылдыздарды, анан Булуттарды чакырсамбы деп жатам,– деп сөзүн улантты Жоогазын.

– Токтой турчу. Сен эмне алар сага конокко келет деп ойлоп жатасыңбы? Алар сени билбесе керек.

– Менден чакыруу алгандан кийин билип калышат. Менин өмүрүмдөгү эң маанилүү күнү аларды унутпаганыма кубанычта болушса керек,– деди ал.

– Ой тобо-оо, алардын сага келгенин элестетип жатам. Мен албетте, бул дүйнөдө көптү көрдүм, бирок мындайды көргөн да, уккан да эмесмин. Мүмкүн эмес! – деп ачуулангандай айтты.

– Көрөбүз,– деп жылмайды мандалак.

– Жакшы, биз маанилүү конокторду аныктап алдык. Дагы кимди чакырасың?

– Дагы? Төрт мухитти, бардык канаттуу куштарды, айбанаттарды, курт-кумурскаларды чакырам, эң негизгиси эч кимди унутпоо керек,– деп сөзүн улантты ал.

– Токтой турчу, сенин кыялдарың ишке ашпайт. Мухит дейсиңби, болуптур бирөө болсун, бирок төрт мухитти кантип чакырасың, алар келсе, бардыгын, жаныбарларды да, курт-кумурскаларды, бизди кошуп туруп, каптап кетпейби. Мен мухит суусу кандай экендигин билем. Мухитти чакырбайбыз,– деп олуттуу айтты Шамал.

– Жок, чакырабыз. Мен аларды чакырам, ал эми алар кантип келишет, өздөрүнүн башы оорусун,– деп айтканынан кайтпады Жоогазын.

– Ой, мен ким менен байланышып алгам! Деги сенин акылың ордундабы? Балким сен Ааламдагы бүт планеталарды чакыраарсың? – деп ачууланды Шамал.

– Планеталарды кийинки жылы чакырабыз. Менин өмүрүмдөгү биринчи Туулган күндү мага жакын адамдар менен өткөргүм келет. Алар балким мени билишпейт, бирок мен аларды күнүгө эртең менен жана кечкисин көрөм, алар менин үй-бүлө мүчөлөрүм.

– Ушуга шүгүр, жок дегенде Ааламдагы планеталар келбейт,– деп тынчый түштү Шамал.

Жоогазын жакшынакай ак кагазга чакыруу жазып, аларды гүлдүн желекчелери менен коздоду да, Шамалга берди.

– Шамал, шамал, бардык чакырууларды ар биринин колуна бергенге аракет жаса, макулбу?

– Макул, макул, тынчсызданба. Мен баарын өзүм жасайм жана конокторго чакырууну бергенге аракет кылам.

Шамал учуп кетти, ал эми Жоогазын майрамга кантип даярдык көрөөрүн, эмне киерин ойлонуп калды. Конокторду тосчу белести кантип коздой тургандыгын да ойлоду. Анын бактысына жараша жанынан Ийнелик учуп бараткан.

– Саламатсыңбы, керемет гүл,– деп ал Жоогазын менен учурашты да, анын жашыл жалбыракчасына отурду.

– Саламат, урматтуу Ийнелик! Сени көргөнүмө кубанычтамын. Мен бул жолу өзүмдүн Туулган күнүмдү белгилейин деп чечтим,– деп сөзүн баштады гүл.

– Абдан сонун. Менин жардамым керекпи? – деп Ийнелик Жоогазындан сурады.

– Сен абдан тапкыч, зирексиң! Биз Шамал экөөбүз чакырылган коноктордун тизмесин түздүк, ал аны алып учуп кетти. Туулган күндү өткөрөлү деп ишти баштап койдук,– деп чарчаңкы жооп узатты Жоогазын.

– Силер убакытты текке кетирбептирсиңер. Менден кандай жардам күтөсүң? – деп сурады Ийнелик.

– Сени менен кантип өзүмдү жана белести кооздоо керектигин акылдашайын дегем.

– Сен кандай кылсаң да сулуусуң. Ал эми белести ала турган болсок, жайдын башталышы – жылдын эң кооз мезгили. Жашыл, назик тулаң, жоогазындарга, көк гүлгө, каакым-кукумдарга жана башка гүлдөргө жыкжыйма толгон, айланада ар түстөгү көпөлөктөр каалгып учуп жүрүшөт, алар үйлөмө шарлардан да кооз, анткени алар тирүү жан.

– Ура, менде идея бар! Асманга кооз желе илип койсок кандай болот? – деп Ийнеликтен сурады мандалак.

– Желе? Эң сонун! Мен колдойм!

– Эмне менен коноктойбуз? Таттуу болот дедиң беле,– деп сурады Жоогазын.

– Ооба, таттуу болушу керек. Өткөн жылы мен сага эң негизгиси жөнүндө айтканды унутуп калыптырмын. Туулган күндө торт керек.

– Торт? Торт деген эмне? – деп Жоогазын Ийнеликтен сурады.

– Бул деген шамы менен таттуу бышырылган нан.

– Эмне менен?

– Шам менен. Бул деген түн ичинде жаркырап турган таякчалар. Өзүңдүн каалаган нерсеңди ойлоп, андан соң күйүп турган шамды үйлөп өчүрүү керек,– деди Ийнелик.

– Тортту кайдан алабыз?

– Сен кабатыр болбо, тортту мен алып келем.

– Абдан жакшы. Анда эмесе, эртең таң аткандан тартып менин Туулган күнүмдү майрамдоону баштайбыз.

– Сүйлөштүк. Мен учкан бойдон кеттим. Эртең түшкө жакын торт менен келем. Кош бол!

Ийнелик учуп кеткен соң, мандалак жеңилденгендей улутунду:

– Бул майрам менен кандай түйшүк тартасың, бирок бул түйшүк жагымдуу жана жаңы,– деп Жоогазын өзүнө-өзү жылмая жооп берди. – Адамдар кандай акылдуу. Алар бул сонун майрамды жыл сайын майрамдашат, бул адамдардын салты. Бизге гүлдөргө да, курт-кумурскаларга, канаттуу куштарга жана жаныбарларга да бул күндү белгилөө керек. Биздин өмүр ушунчалык кыска. Мына түнкү шайтан көпөлөктөр болгону бир түн, ал эми каакым-кукумдар – бир нече күн гана жашайт. Мен бул майрам жөнүндө өткөн жылда гана билгенимди карачы. Таптакыр билбей калгандан көрө, кеч болсо да билген жакшы деп айтышат эмеспи.

Жоогазын мындан ары жыл сайын Туулган күндү белгилөөнү чечти да, уктап кетти.

Эртең менен эрте ойгонуп, ал Күн желеси Асан-Үсөндү чакырууну унутуп калганын эстеди.

– Мен аны кантип унутуп калдым экен. Мен мурда анча көп ойлонуп, ой жүгүртчү эмесмин. «Көп иштеп, аз сүйлө» – деп туура айтышат.

Жоогазын Желени чакыра баштады:

– Күн желеси, желе, Асан-Үсөн!

Анын кыйкырганына Ак булут жооп кайтарды.

– Кутмандуу таңың менен, Жоогазын! – Булут мандалак менен учурашты.

– Ыракмат, Булут. Сен мени билесиңби? – деп таң кала сурады ал.

– Албетте, билем. Кечээ Шамал бизге, асман жашоочуларына сенин Туулган күнгө чакырууларыңды берген. Ыракмат! Сага эмне кылып жардам бере алам?

– Мен Желени өзүмдүн Туулган күнүмө чакырайын дедим эле. Анын ачык көк асманда ийилип турганы абдан кооз болуп, майрамдык маанай тартуулайт. Бирок мен чакырсам, жооп бербей жатат. Эмне кылам? – деп ал Булуттан сурады.

– Ал жамгыр жаагандан кийин күн тийип турганда гана чыгат, эмесе мен жардам берейин. Айлана да таза болуп калат. Мен жылуу жамгыр болуп төгүлөйүн, чаңдар жуулуп, айлана жандана түшсүн. Күн желеси чыгып, асмандын көркүн ачып, маанайды көтөрөт.

– Ура! Ыракмат сага, боорукер Булут! Сен азыр жерге төгүлсөң, мага кантип келесиң? – деп Жоогазын Булуттан маанайы чөгүп сурады.

7–814

– Кабатырланба, мени күн жылытат, мен нымдуу буу болуп өйдө көтөрүлөм да, кайрадан жанданып, ак булут болом. Ал эми сенин Туулган күнүңө сөзсүз келем,– деп ишендирди Булут.

– Сен сыйкырчы турбайсыңбы! Сен өз Туулган күнүңдү жамгыр жаагандан кийин, өйдө көтөрүлгөн сайын белгилей аласың,– деди Жоогазын.

– Ооба, ар бир жамгыр жаагандан кийин – деп жылмайды ал.

– Иш иш менен, нөшөр да керек. Төк, жамгыр, төк! – деди да Жоогазын, муздак, жан сергиткен жамгырдын суусуна каныгуу үчүн өзүнүн желекчелерин кеңири жайды.

Жамгыр жаап өткөндөн кийин асманда кереметтүү Күн желеси Асан-Үсөн пайда болду.

– Ура, кандай сонун! – деп кубанганынан колдорун чапкылап жиберди Жоогазын.

Ушул күнү бардык чакырылгандар белектер менен келишти. Жаркыраган Күн мандалакты ысыктан жана сууктан сактай турган ак топу жана сыйкырдуу колчатыр берди. Түнкү асмандын ээси Ай-сулуу жумшак, жылуу төшөк, Жылдыздар болсо башка кие турган жылдыздуу калпак тартуу кылышты, аны кийип уктаганда ажайып сыйкырдуу түштөр кирет. Бактыга жараша, төрт мухит келе албай калышты, бирок алар өздөрүнүн каалоо-тилектерин жана белектерин Шамалдан берип жиберишиптир. Жаркыраган бермет шуруларды, маржан гүлдестесин жана көп-көп аба аркылуу өбүшүү жөнөтүшкөн экен, алар Жоогазындын ансыз да кызыл, бактылуу жүзүн ого бетер албыртты.

Ийнелик убада кылгандай торт алып келди. Шамдын ордуна анын үстүнөн жалтырак коңуздар учуп жүрүштү. «Кымбаттуу Жоогазын, туулган күнүң менен, туулган күнүң менен кымбаттуу Жоогазын!» – деген ырды ырдап беришти. Жоогазын өзүнүн аялуу каалоосун ичинен тилек кылып, жалтырак коңуздарды үйлөдү. Алар дуу эте учушканда коноктор алакан чаап куттукташты.

Майрам сонун өттү. Коноктор ар кай тарапка ар бири таттуу торттун бир кесимин жана керемет кубаныч менен мезгилдин бир чымчым үзүмүн өздөрү менен кошо ала кетип жатышты. Бул жашоонун бир тамы – керемет сезим биз менен бирге жашайт, аны убагында сезе билип, Аалам-Энеге алкыш айтуу керек.

Алдыда Жоогазындын дагы бир жылы бар болчу, ал жашоого ушул кереметтүү майрам – Туулган күн үчүн чексиз ыраазы эле!

# МАЗМУНУ

Ак боз кунан Акнурдун жоруктары .................... 3
Ташбака .................... 11
Алтай .................... 18
Бизди эстеп жүрүшсө, демек биз тирүүбүз .................... 31
Достук .................... 37
Жөргөмүш Жоранын кыялдары .................... 47
Канаттуу айым .................... 53
Мамалак жана анын достору .................... 63
Сыйкырдуу телефон .................... 71
Тунук жана анын окуялары .................... 83
Туулган күн .................... 91

АЙНУРА ОМОКЕЕВА

# Сказки матушки-вселенной



450 с